**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда
УДК:631.1(575.2)(043.3)

**МУКАНБЕТОВА РАХАТ БЕКМУРЗАЕВНА**

# 1975-1985-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АБАЛЫ

Адистиги 07.00.02. – Ата Мекендин тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи: т.и.д.,проф.
Джунушалиев Дж.Дж.

**Бишкек – 2010**

## МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ........................................................................................3

**I-БАП. КРИЗИСТИК ЖЫЛДАР АЛДЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АБАЛЫ................15**

1.1. Айыл чарба өндүрүшүн материлдык- техникалык жана финансылык жактан камсызкылуу.................................................15

1.2. Ирригациялык -мелиоративдик иштер....................................39

**II БАП. АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ.....................................................58**

2.1. Жалпы өндүрүш көрсөткүчтөрүнүн динамикасы: карама-каршы тенденциялар...........................................................................58

2.2. Сарптоо механизми жана өндүрүштүн коомдук секторунун рентабелдүүлүгүнүн төмөндөөсү....................................................79

2.3. Жеке демилгеге бөгөт коюу - өндүрүштүн жогорулоосунун эн башкы проблемасы...........................................................................96

**Корутунду..........................................................................................116**

**Пайдаланылган адабияттар..............................................................122**

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Биз бул диссертациялык ишибизде изилдөөгө алган колхоздук- совхоздук өндүрүш өзүнүн позитивдүү да, негативдүү да жактары болгондугуна карабастан бүгүнкү кырдаалда коомдук пайдалануудан чыгып калды. Себеби мурдагы СССР курамындагы мамлекеттердин таркашы, КМШ өлкөлөрүнүн түзүлүшү менен коомдун саясий, экономикалык, социалдык, руханий тармагында көптөгөн өзгөрүүлөр болууда. Базар экономикасына өтүүгө болгон умтулуу чарба жүргүзүү механизмин да кыйла өзгөрүүлөргө учуратты жана колхоз-совхоздордун жоюлушуна алып келди.

Коом өзүнүн жакшы жана салыштырмалуу стабилдүү абалын жоготуу менен экономикалык оор абалга дуушар болду.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы көз карандысыз жана эгемендүү мамлекет катары терен социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдү ишке ашырууга жана социалдык-ориентациялык базар экономикасынын негизинде цивилизациялык өнүгүүнүн жолуна умтулууда.

Биздин оюбуз боюнча бүгүнкү күндө айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн проблемаларын жана процесстерин түшүнүү жана базар мамилесинин шартында айыл чарбасын өнүктүрүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн баамдоодо XX кылымдын 70- жылдардын экинчи жарымын 80-жылдардын биринчи жарымын камтыган республиканын агрардык чөйрөсүндөгү кризистик кырдаалдын себептерине жана башаттарына илимий анализ берүү өзгөчө мааниге ээ.

Айыл чарбасындагы өндүрүштү уюштуруунун колхоздук, совхоздук админстративдик – буйрукчул формасы жокко чыгарылганы менен базар мамилесине өтүүнүн шартында жердин түшүмдүүлүгүн малдын продуктуулугун, жалпы эле айыл чарбасынын кирешелүүлүгүн көтөрүү сыяктуу маселер мурдагыдан да зор мааниге ээ болду.

Азыркы айыл чарбасынын кризистик абалдагы жана базар экономикасына өтүү шартында Кыргызстандын агрардык секторунун 70-80-жж. тарыхын изилдөө, биринчиден, айыл чарбасын кайта көтөрүүнүн өбөлгөлөрүн тарыхый тажрыйбадан издөөгө; экинчиден, айыл чарбасын өнүктүрүү максатында учурунда пайдаланылбай келген, азыр да пайдаланыла элек табигый ресурстарды аныктоого; үчүнчүдөн, учурунда акырына чейин жеткирилбей калган коллективдүү подряд, арендалык мамиле, чарбалык эсеп сыяктуу реформалардын натыйжасыздыктарынын себептерин изилдөө менен азыркы Кыргызстандын айыл чарбасын базар мамилелерине тезирээк жана натыйжалуурак өтүшүнүн жолдорун божомолдоого; төртүнчүдөн, айыл чарбасындагы 70-80-жылдардагы кемчиликтердин себептерин аныктоо менен өткөн тарыхыбыздын сабактарын келечекте эске алуу менен максатка ылайык эмес жагдайларын тактоого мүмкүндүк берет.

Админстративдик - буйрукчул системанын бузулушу тарых илиминин жаңылануусуна жана алдын ала ойлонулган божомолдордон жана стереотиптерден баш тартуу процесстерин стимулдаштырды.

Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн ойлору боюнча 70- 80-жж. биринчи жарымындагы агрардык реформалар коомго негативдүү процесстерди да алып келген. Мунун негизги белгилери болуп адамдардын кезектеги инновацияларга, анын жыйынтыктарына ишенип, ишенбей формалдуу түрдө катышуусу. Чындыгында экономиканын агрардык секторундагы кризис, сөзсүз түрдө адамдардын материалдык абалына да таасир этип, натыйжада өлкөдө 80-жылдардын башында азык – түлүккө карата болгон муктаждык маселеси курчуган. Бирок, тилекке каршы ошол мезгилде көпчүлүк илимий эмгектерде айыл чарбасынын өнүгүү тарыхынын карама-каршы жана көп кырдуу көрүнүштөрү жетиштүү түрдө изилденген эмес. Чындыгына келгенде 70-80-жылдарда өкмөттүн жана партиянын экономикалык жана социалдык саясатын көкөлөтүп мактоого багытталган ”зор тарыхый ийгиликтерди”, даназалаган эмгектердин ордуна чындыкты обьективдүү чагылдыруу коомдун зор муктаждыгы эле.

**Теманын изилденген деңгээли.** 70-ж. - 80-жылдарын биринчи жарымы

Кыргызстандын тарыхындагы өтө татаал этаптардын бири. Бир жагынан алганда- бул республикалык партиялык уюм жетектеген жүз миндеген кыргызстандыктардын оор эмгеги, советтик түзүлүштү андан ары өнүктүрүү жылдары, экинчи жагынан – республиканын жана жергиликтүү партиялык уюмдардын жашоо турмушундагы чечилбеген проблемалардын жана сенектик кубулуштардын топтолуу мезгили. Ошондуктан мурдакы советтик доордун шартында агрардык чарбанын тарыхын изилдөө башка илимий-тарыхый проблемалар сыяктуу эле белгилүү идеологиялык, саясий жана коньюктуралык жолдомолордун жана чектөөлөрдүн шартында жүргөн. Изилдөөлөрдүн негизги максаты белгилүү денгээлде расмий идеялогиялык доктринанын туура экенин далилдөө болгон. Ушуга байланыштуу коомдогу кубулуштар жана тарыхый процесстер ар тараптан ачык көрсөтүлгөн эмес. Ал изилдөөлөрдүн көпчүлүгү төмөндөгүдөй мүнөздө болгон:

Экстремалдуу кырдаалдарда (тездетилген индустриалаштырууда, эл чарбасын согушка багыттоодо, согуштан кыйраган чарбаны кайра калыбына келтирүүдө) бир кыйла эффективдүүлүгүн көрсөткөн, бирок ал артыкчылыктардын басымдуу көпчүлүгү колхоздук-совхоздук өндүрүш тынчтык мезгилинде өнүгүү шартында өз касиеттерин жоготкондугу эске алынбаган. Дагы эле борбордук пландаштыруунун жана каржылоонун негизинде өнүккөн ири чарбалардын «чексиз» мүмкүнчүлүктөрүнө терен ишенүү сакталып кала берген.

Буга чейинки изилдөөлөргө милдеттүү түрдө кирген илимий проблемаларынан болуп партиялык чечимдерде көрсөтүлгөн маселелер гана кирген. Фактологиялык материалдарды чечмелөө катуу цензуралык көзөмөлдө болгон. Тарыхчылар болсо көпчүлүк учурларда, партиялык саясаттын тууралыгын далилдөөчү ар кандай тарыхый маалыматтардын булагын топтоочуларга жана аларды системалаштыруучуларга айланышкан.

Биз өзүбүздүн илимий ишибиздин обьектиси катары карап жаткан мезгил жөнүндө мурунку союздук жана кыргыз тарыхчылары тарабынан көптөгөн

эмгектер жарыяланган. Анын өнүгүүсү бир канча этаптардан турат. Биринчисин административдик - буйрукчул идеялогиянын таасири астында жазылган ири көлөмдөгү эмгектер түзөт. Бул этаптагы эмгектердин көпчүлүгүндө административдик-пландуу чарбага ишенүү менен жеке менчикти четке кагуу, сынга алуу орун алган[1].

Мунун негизги себеби ошол мезгилдеги саясий- идеологиялык нуктан чыгуу же болбосо ага каршы туруууга эч мүмкүн эмес эле. Бирок ошого карабастан, кээ бир авторлордун эмгектеринде коомдук- экономикалык өзгөртүүлөрдүн зарылчылдыгы жөнүндөгү идеялар да айтылган[2].

Бул авторлор өздөрүнүн ой пикирлерин ачык айта алышпаса да, айыл чарбасынын маанилүү проблемаларын цифралык көрсөткүчтөрдүн жардамы менен башка өлкөлөрдөгү абалдарга салыштырууларды жүргүзүшкөн.

Экинчи этапта Кайра Куруу учурунда коомдук турмушка жаны саясий ан сезимдин идеяларынын кириши менен коомдук менталитеттин бир көрүнүшү катары тарыхнаамеде да жаныча эволюция башталат. Бул мезгилдерде жазылган алгачкы изилдөөлөрдө конструктивдүү сындын элементтери жолукканы менен жеке жана коомдук менчиктин, базар мамилелери кире баштагандыгына карабастан, админстративдик - буйрукчул башкаруунун жана демократиянын атрибуттарынын аралаш түрдө биригүү принциптеринде социалисттик айыл чарбасын кайра куруу мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү али сакталып турган[3].

Мына ушуга байланыштуу рыноктук социализимдин үчүнчү жолу

---

[1] Трапезников С.П. Ленинизм–аграрно–крестянский вопрос. В2-т. Доп. изд. –М.: Мысль, 1983.; Тонконг Г.И. Главное направление политики партии в селском хозяйстве. -М. 1974; Бодюл И.И. Современная аграрная политика КПСС и вопросы партийной жизни села. -Киев, 1979;

[2] Полосков И.К.Партийные организации и развитие специализации и концентрации сельскохозяйственного производства-М.,1981; Слюньков Н.Н. Накормит ли деревня страну // Правда 1988 6-август.; Данилов В.П. Октябрь и аграрная политика партии //Комунист 1987 №6 ; Кооперация двадцатых годов: опыт становления. // Человек и Земля. -М., 1988; Буткус Г. Аграрная политика партии. -Вильнюс 1984.; Болотин Б.М. Соревнования двух систем М.1988.

[3] Бурлацкий Ф. Какой социализм народу нужен. //Обратного хода нет.-М.:Политиздат,1989.с.31-35-бб.; Шаталин С. План или рынок. // Аргументы и факты.1987. №24,25; Абалкин А. Диалектика социализма ./ Обратного хода нет. М.:Политиздат,1989; Глуховцев В.И., Фрумкин Г.М. Возврашение хозяина. –М.: Агропромиздат,1989; Тихонов В.А. Какая хозяйственная практика: противоречия перестройки.-М.: Агропромиздат, 1989. с.167-188.

жөнүндөгү идея келип чыккан. Бирок бышып жетилген кризистик тенденциялар мындай иллюзиялардын мүмкүн эместигин көрсөттү. Бул этаптан кийин пайда болгон эмгектерде админстративдик -буйрукчул системанын кемчиликтери, анын перспективасы жок экендиги айкындалып, коомдун кыймылынын негизги шарты жеке менчик рыногуна өтүү зарылдыгы аныкталган.

Мындан тышкары 70-жылдардын экинчи жарымы, 80-жылдардын биринчи жарымында коомдо калыптанган кризистик кубулуштардын башаты, өбөлгөлөрү, себептери жөнүндө бүгүнкү күндүн талабына ылайык көптөгөн эмгектер жаралды.[1]

Бул эмгектерде коомдун саясий, экономикалык, социалдык жана руханий чөйрөсүндөгү “сенектик кубулуштар” кенири изилденген. Тарыхчылардын, философтордун, экономисттердин көнүлүнүн борборунда 70-жылдардагы совет коомунун өнүгүүсүндөгү негативдүү тенденцияларды, бөгөттөө механизмдерин изилдөө турган.

Агрардык сектордогу проблемалар дагы изилдөөчүлөрдү кызыктырган[2]. Алардын эмгектеринин көпчүлүгүндө айыл жерлериндеги оор абал, кыйынчылыктар, жерге карата болгон адамдардын ортосундагы мамилелер чагылдырылган .

Ошондой эле 70 – 80 - жылдардагы партиянын агрардык саясатынын кээ бир маселелерине арналган көптөгөн эмгектер жарык көргөн.

Бирок алар бүгүнкү күндө кайрадан сын көз менен карап чыгууну талап кылат[3]. Мына ушундай шарттарга байланыштуу биздин республиканын айыл

---

[1] Роговин В.З. Человеческий фактор и уроки прошлого. –Москва,1988; Механизм торможения: истоки, действие, пути преодоления. - Москва,1988; Миф о застое: / Соц-экон.жизни СССР до перестройки: Сбор-к Сост.: Никинорова Е.Б., Прохватилова С.А. Лениниздат,1991; Трудные вопросы истории -Москва,1991; Советское общество в 70-е годы: опыт, проблемы. –М.:Знание,1988;

[2] Васильев И.С. Думай о будущем –М.,1987; Лисичкин Г.С. Гектары, центнеры, рубли. Новый мир –М.,1985, №9; Селуцкий А. Бедные и богатые. Деревня сегодня. –М.,1989 и др.

[3] Аграрная политика КПСС в условиях развитого социализма. - Киев, 1979; Бектуров С.У. Аграрная политика КПСС в действии. Алма- Ата. Об-во Знание Каз.ССР,1978; Белов Ю.П. Аграрная политика КПСС

чарбасынын абалынын тарыхын изилдөөдө көп кыйынчылыктар болду.

Жогоруда айтып кеткендей, Кыргызстандын айыл чарба тарыхын изилдеген окумуштуулар тарабынан көптөгөн эмгектер жаралган. Биз карап жаткан мезгилде биздин өлкөбүз СССРдин курамында болгондуктан, көпчүлүк адабияттар жалпы союздук масштабда жазылган. Ал эми Кыргызстан сыяктуу кичинекей республикаларга ал эмгектерде кенири көнүл бурулган эмес. Бирок, Кыргызстандын тарыхчылары тарабынан айрым аракеттер кылынган. Алардын изилдөөлөрү негизинен айыл чарбасынын көпчүлүк тармактарын камтыган.[1] Алардын арасында айылдын социалдык - экономикалык өнүгүүсүнө арналган изилдөөлөр да бар.[2] Мындан тышкары Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүүсүнө арналган бир нече кандидаттык диссертациялар да жакталган.[3] Бирок алардын көпчүлүгү биз изилдеген мезгилдин процесстерин камтыбайт.

Негизинен совет доорунда жарык көргөн эмгектер көбүнчө партиянын агрардык саясатын көкөлөтүп мактоо, эл массасынын турмуш денгээлинин жогорулашын далилдөө, беш жылдык пландардын мөөнөтүнөн мурда ашыгы

---

и ускорение темпов развития сельскохозяйственного производства.-М.Знание,1980; Ничанов К. Аграрная политика КПСС в условиях развитого социализма и ее соц.-экономическое значение.-Ташкент:Фан, 1982; Деятельность КПСС по повышению культурно- технического уровня тружеников села.- Саратов: Изд-во Сарат. Университета,1979; Волкова А.З. Деятельность КПСС по осуществлению единой научно-технической политики. Кишинев: Штиинця, 1989; Дуйшемалиев Т. Развитие сельского хозяйства Киргизии. 1951-1965 гг. – Фрунзе,1984.

[1]Муратбеков А., Идинов К. НТП и эффективность сельскохозяйственного производства Киргизии. – Фрунзе,1979; Его же. Актуальные проблемы овцеводства Киргизии -Фрунзе, 1982; Его же. Достижение и проблемы горного овцеводства Кирг.ССР -Фрунзе,1984.

[2]Жаманкулов Б.С. Социально-экономическое развитие села. -Фрунзе,1985; Осипов М.С.Социально-экономическое развитие села в период развитого социализма. -Фрунзе,1985; Бактыгулов Ж.С. и др. Уровень жизни населения населения Кыргызстана (1961-1994гг.) –Б., 1995. Бактыгулов Ш.Дж. Материально- техническая база сельского хозяйство Кыргызстана ( 40-50-е гг.) история, опыт, проблемы. –Б.ККА, 1998.

[3] Асанов Д.Д. Социально-экономическое развитие села Киргизии (конец 50-60гг.)Автоврефер. дис. к..и..н. Фрунзе,1985; Болджурова И.С. Социально-экономическое развитие колхозного села Кирг.ССР в годы восьмой и девятой пятилеток (1966-1975гг) Автореф. дис.к.и.н. -М., 1977; Осмонов О.Ж. Повышение материального благосостояния и

менен аткарылгандыгы, партиялык органдардын, жетекчилердин иштериндеги ийгиликтер жөнүндө гана бир жактуу изилдөөлөр болгон. Көптөгөн кемчилик, катачылыктар ошол учурдун талабына ылайык жаап жашырылып келген. Кыргызстандын айыл чарбасынын тарыхын изилдөөдө профессор Т.Дуйшемалиевдин эмгеги зор. Бул тарыхчынын 1951-1965-жж. б.а.,согуштан кийинки айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн болгон аракеттерди, ошондой эле борбордон келген көрсөтмөлөргө ылайык республиканын райондорунун өзгөчөлүктөрүн эске албастан, жүгөрү жана кант кызылчаны айдоодогу, жылкыларды массалык түрдө союудагы катачылыктарды чагылдырганы менен баалуу.

1960-жылдары 80-жылдардын экинчи жарымына чейинки республиканын айыл чарба өндүрүшүнүн абалы туурасында позитивдүү жана негативдүү процесстер жөнүндө кийинки мезгилде баалуу эмгектер жаралууда.[1] Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн ар түрдүү маселелерин изилдөөдө республиканын экономисттеринин да салымдары көзгө көрүнөрлүк. Алардын эмгектеринде айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, өнөр жай системасында жүргүзүлгөн реформалардын жыйынтыктары, анын ийгиликтери, кыйынчылыктары өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүштүк мамилелердин абалы изилденген. Бул проблемалар боюнча Т.Койчуевдин, Д.Лайлиевдин, Дж.Джаиловдун, М.Балбаковдун ж.б. эмгектери баалуу болуп саналат[2].

---

культурного уровня колхозного крестьянство в Киргизии в условиях развитого социализма (1966-1975). Ф.,1983; Асанканов А.А. Изменение культурно-бытовых условиях жизни кирг. сельского населения. Автореф. дис.к.и.н. –М.,, 1984.

[1] Осмонов О.К. Кыргызстандын айылынын социалдык турмушу(1966-1975). -Ф., 1983; Досбол Нур уулу Совхозы Кыргызстана. Б.,1993.Кубаев Б. Кыргызстан: история экономики. Республика в уходящем столетии 1900-2000. –Бишкек, 1996.

[2] Балбаков М. Качество труда и эффективность производства. –Фрунзе,1987; Лайлиев Д.С. Производительность труда и рентабельность производства в сельском хозяйстве. –Фрунзе,1986; Его же. Совершенствование хозяйственного механизма в сельском хозяйстве. –Фрунзе,1986; Койчуев Т. Айыл чарбасында чарбалык механизмди өнүктүрүү. –Фрунзе,1986.

Бирок Кыргызстандын айыл чарбасынын биз изилдеген мезгилдеги тарыхы ушул күнгө чейин атайын изилдөөнүн обьектиси
боло элек. Биз шилтемеде көрсөткөн тарыхчылардын эмгектери XX кылымдын 90-жылдары жарыкка чыкканы менен 40-70-жылдардагы процесстерди чагылдырышат.

90-жылдардын ортосунда колхоз-совхоздордун (30-жылдардагы күч менен коллективдештирүү сыяктуу эле) буйрукчул таркатылышы менен коомчулукка, ошондой эле тарыхчылардын арасында, колхоздук-совхоздук түзүлүш коомчулук үчүн жат көрүнүш сыяктуу пикирлер пайда болгон. Ошол себептен Кыргызстандын айыл чарбасынын 70-80-жылдардагы абалынын тарыхы көз жаздымда калып келүүдө.

Азыркы мезгилде айыл чарба адистеринин, жөнөкөй фермерлердин, айрым саясатчылардын жана окумуштуулардын арасында колхоз-совхоздорго болгон пикир өзгөрүүдө. Ал тургай массалык- маалымат каражаттарында «коллективизация болбой, бирок кооперация зарыл» деген пикир ачык жарыяланууда.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Кыргызстандын Кайра Куруу алдындагы айыл чарбасынын абалын илимий иликтөөнүн зарылчылыгынан улам жана теманын буга чейинки изилденген абалына байланыштуу аныкталды. Буга ылайык диссертациянын автору өзүнүн алдына Кыргызстандын Кайра Куруу алдындагы 1975-1985-жылдагы айыл чарбасынын абалын комплекстүү жана азыркы көз караштын негизинде изилдөө максатын койду.

Тема абдан кенири болгондуктан, бир кандидаттык эмгек аркылуу Кыргызстандын айыл чарбасынын он жылдагы абалын толук ачууга мүмкүн эмес. Ошондуктан бул изилдөөдө төмөндөгү гана милдеттерди койдук:

1. Республиканын айыл чарбасындагы кризистик кубулуштардын өбөлгөлөрүн, себептерин жана шарттарын анализдөө;

2. Айыл чарбасында негизинен интенсивдүү факторлорду колдонуунун

негизги тенденцияларына жана багыттарына баа берүү ;

3. 70-жылдардын аягы 80-жылдардын биринчи жарымында айыл чарбасын башкаруунун жаны формаларынын натыйжасыздыгынын себептерин көрсөтүү;

4. Айыл чарба өндүрүшүнүн каралып жаткан жылдардагы жалпы абалын чагылдыруу;

5. Айыл чарбасын интенсивдештирүүнүн чечүүчү фактору катары өлкөдө жүргүзүлгөн агрардык саясат, анын ийгиликтери, кыйынчылыктары, катачылыктар, партиялык органдардын жүргүзгөн иштеринин негативдүү жана позитивдүү жактарын ачып көрсөтүү;

6. Совет доорунда жазылган эмгектердеги бир жактуулукту архивдик, статистикалык маалыматтар менен салыштыруу, анализдөө жана абалга туура баа берүү .

**Изилдөөнүн хроникалык алкагынын чектелишинин себеби төмөндөгүлөр:**

1. Ошол жылдары кризистик абалдын өбөлгөлөрү даана көрүнө баштаган.

2. Продукциялардын өздүк наркынын өсүшү, ресурстардын чыгымдалышы, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшү жүргөн.Чарба жүргүзүүнүн сарптоо механизми улана берген.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы**

1. Эмгекте Кыргызстандын Кайра Куруу алдындагы 1975-1985-жылдардагы айыл чарбасынын абалы бүгүнкү күндүн талабына ылайык комплекстүү түрдө өзүнчө маселе катары изилденет.

2. 70-жылдардын экинчи жарымында айыл чарбасын интенсивдештирүү багытына буруудa өкмөт тарабынан жүргүзүлгөн экономикалык саясаттын жетишкендиктерин, ийгиликтерин көрсөтүү менен анын ишке ашпай калышынын, агрардык сектордо чечилбеген маселелердин себептерин, катачылыктарын, кемчиликтерин көрсөтүүгө аракет жасалат.

**Изилдөөдө негизги илимий булак** катары архивдик жана ошол учурда жарык көргөн басма сөз материалдары пайдаланылды. Кыргызстандын айыл чарбасынын абалын изилдөө үчүн Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик архивиндеги документтерди иликтеп чыктык. Өзгөчө Кыргыз Республикасынын Борбордук Мамлекеттик Архивинин саясий документация бөлүмүндө (КР.БМА.СД.) сакталган материалдар чон өбөлгө болду. Бул архивден Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин документтери сакталган 56- фондусунун материалдарын кенири пайдаландык. Архивдик материалдарда партиялык уюмдардын, жетекчилердин кылган иштериндеги ийгиликтерди, ошондой эле ошол мезгилдеги жүргүзүлгөн саясаттагы кемчиликтерди, катачылыктарды анализдөөгө арналган документтер да кездешет.

Диссертацияны жазууда Кыргыз Республикасынын Борбордук статистика башкармасы тарабынан ар кайсы жылдары жарыяланган статистикалык жыйнактар да кенири колдонулду.

Кыргызстандын айыл чарбасынын коомдук абалын изилдөөдө республиканын айыл тургундарынын, чарба кызматкерлеринин гезит, журналдарга жазган макалдары да пайдаланылды.

Изилдөөнүн **методологиялык** негиздерин тарыхыйлуулук, обьективдүүлүк жана тарыхый салыштыруулар изилдөөнүн жетектөөчү принциби болду.

Иликтеп-изилдөөдөгү обьективдүүлүккө Кыргызстандын айыл чарбасынын абалын чагылдырган көптөгөн материалдарды, документтерди, фактыларды үйрөнүү, анализдөө аркылуу жетишүүгө аракет кылдык. Көптөгөн материалдар, өзгөчө документтер амирчил-буйрукчул идеологиянын үстөмдүк кылган учурунда түзүлгөндүгүн эске алуу менен алардын чындыгына жетүү үчүн салыштырууларды жүргүздүк. Ошондой эле Кыргызстандын Кайра Куруу алдындагы айыл чарбасынын абалынын позитивдүү жана негативдүү жактары ошол кездеги жалпы өлкөдөгү реалдуу

турмушка тикеден-тике байланыштуу болгон деген тыянактын негизинде карадык.

Жыйынтыктап айтканда, таанып билүүнүн обьективдүү эрежелерин өздөштүрүүгө, аларды пайдаланууга кылган аракеттерибиз Кыргызстандын айыл чарбасынын абалын изилдөөдө алдыга койгон максатыбызга жетүүгө, милдеттерибизди ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө түздү деген ишеничтебиз.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөө процессинин жанылыктары жана илимий айлампага киргизилген фактылык материалдар кыргыз элинин Совет доорундагы өнүгүүсүндө жетишкен ийгиликтери жана агрардык өндүрүштөгү сенектик кубулуштардын башаты, себептери жөнүндөгү материалдарды сунуштайт.

Айрыкча чарба жүргүзүү механизминдеги катачылыктар жөнүндө кенири маалыматтарды берет. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын Кайра Куруу алдындагы агрардык тарыхын тактап, толуктап окуп үйрөтүүгө көмөк болмокчу.

Диссертациянын негизги багыттары Кыргызстандын тарыхы боюнча атайын курстарды, студенттерге окулган лекцияларды өткөрүүдө, кесиптик окуу жайларда, мектеп окуучуларына өтүлгөн сабактарда пайдаланууга болот.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

- Республиканын айыл чарбасындагы кризистик кубулуштар коомдогу катуу автаритардык режимдин өкүм сүрүшү менен коштолгон. Натыйжада, жогортодон берилген көрсөтмөлөр коллективдин жана ошондой эле жеке эмгекчилердин инициативаларын баскан.
- Эмгекти стимулдаштырган жеке менчиктин жоктугу материалдык-моралдык кызыкчылыктын төмөндөшүнө алып келген. Анткени, коомдо чарба жүргүзүүнүн жалгыз формасы гана өкүм сүргөн.

- Продукциялардын өздүк наркынын өсүшү, ресурстардын чыгымдалышы, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшү менен кризистик абал коомдо даана байкалган. Чарба жүргүзүүнүн сарптоо механизми улантылган. Бирок, өкүм сүргөн советтик идеология, админстративдик - буйрукчул системанын жүргүзгөн пландуу саясаты мындай катачылыктарды, кемчиликтерди жое алган эмес. Анткени, кабыл алынган чечимдер менен аткарылган иштер төп келишкен эмес.
- Советтик орган тарабынан жеке менчикти сынга алуу идеологиясынын негизинде өздүк малды пайдаланууга коюлган чектөөлөр, короо алдындагы жерлердин кыскартылышы кайдыгерликке, көнүл коштукка, жоопкерсиздикке алып келген.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Изилденип жаткан теманын айрым маселелери республикалык, областтык илимий-практикалык конференцияларда докладдар жасалды. Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин Кыргызстандын жаны жана сонку мезгилдеги тарыхы кафедрасынын кенешмесинде талкууланды. Изилденген тема боюнча автор тарабынан 9 илимий макала Ата Мекендик жана чет элдик журналдарда жарык көрдү.

**Изилдөөнүн структурасы**. Диссертация киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутунду жана пайдаланылган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат.

# I БАП.

# КРИЗИСТИК ЖЫЛДАР АЛДЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫНЫН АБАЛЫ

## I.I. Айыл чарба өндүрүшүн материалдык-техникалык жана финансылык жактан камсыз кылуу

Ар кандай мамлекеттин өнүгүүсүндө экономиканын, өзгөчө айыл чарбасынын мааниси чоң экендиги талашсыз. Айыл чарбасынын техникалык жабдылышы, эмгек куралдары менен камсыз болушу, илим жана техниканын жетишкендиктерин пайдалануу деңгээли боюнча акырындык менен жогору өнүккөн мамлекеттердин алдыңкы катарына жеткирүү иш аракеттери, 70-жылдары өлкөнүн агрардык саясатты ишке ашыруу программаларында белгилүү бир орундарды ээлеген. Партиялык документтерде айыл чарбасын индустриалаштырылган тармакка айландыруунун кеңири масштабдагы программалары белгиленген. Бирок, бул кабыл алынган программалар канчалык деңгээлде ишке ашты? Эмне үчүн 70-жылдардын II жарымы, 80-жылдары айыл чарбасында кризистик процесстер орун алды? Кризистик жылдар алдында Кыргызстандын айыл чарбасынын абалы кандай эле?

70-жылдардын орто ченинде Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшү өзүнүн техникалык жабдылышы боюнча бир кыйла ийгиликтерге жетишкен. Өзгөчө, баарыбызга белгилүү болгон КПСС БКнын март (1965- жыл) Пленумунан кийин башка республикалар сыяктуу эле Кыргызстанда айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасы тез темп менен өнүгө баштаган. Машина-трактордук парктар көбөйгөн, электр энергиясын колдонуу кеңейтилип, жерлерди химиялаштыруу, мелиорациялоо иши жакшы жолго коюлган. Биз изилдеп жаткан жылдар ичинде болуп өткөн партиянын снезддеринде айыл чарбасын материалдык - техникалык жактан жабдууну жакшыртуу боюнча бир канча иш чаралар кабыл алынган.

Снезддерде кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу максатында жергиликтүү партиялык уюмдар өз ишмердиктерин айыл эмгекчилеринин жогорудагы программаларды ишке ашырууга, уюштурууга багытташкан.

Айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте колхоз, совхоздордун материалдык-техникалык базасын чыңдоо маселеси турган. Ал эми чарба өндүрүшүн материалдык жана техникалык жактан камсыз кылуунун негизги фактору - болуп капиталдык салымдар эсептелген.

70-жылдары, жалпы өлкөдөгү абал сыяктуу эле Кыргызстанда айыл чарбасына карата инвестициялык саясатта өзгөрүүлөр байкалат. 1976-1985 -жылдары Республикада айыл чарбасын өнүктүрүүгө 4 миллиард 33 млн. сом мамлекеттик жана колхоздук каражат жумшалган[1]. Айыл чарбасына капиталдык салымдарды жумшоо жылдан-жылга өсүп турган. Мисалы, XI беш жылдыкта капиталдык салым 1,5млрд. сомду түзгөн,б.а.VIII-беш жылдыкка салыштырмалуу 3.4 эсе көп. Капиталдык салымдардын өсүү темпин төмөнкү таблицадан байкасак болот.

Айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү бардык иш комплекстер боюнча капиталдык салымдардын өсүү темпи (салыштырмалуу баа менен, миллион сом)

Таблица -1

| | 1971-1976 IX беш жылд. | 1976- 1980 X беш жылд. | 1981-1985 XI беш жылд. | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1981 | 1982 | 1983 | 1984 | 1985 |
| Бардык капит. салымдар анын ичинен: | 1669 | 2007 | 2430 | 412 | 473 | 536 | 510 | 499 |
| мамлекет. капит.салым- | 1001 | 1387 | 1776 | 296 | 345 | 388 | 380 | 367 |
| Колхоздор. капит. салым. | 668 | 620 | 654 | 116 | 128 | 148 | 130 | 132 |
| Өндүрүш. багыт. обнектилер б-ча капит. салымдар | 1446 | 1757 | 2157 | 358 | 426 | 481 | 455 | 437 |
| анын ичинен: мамл. капит. салым. | 888 | 1221 | 1605 | 263 | 315 | 353 | 344 | 330 |
| колхоз.капит. салым. | 558 | 536 | 552 | 95 | 111 | 128 | 111 | 107 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, капиталдык салымдардын

[1] Народное хозяйство Кирг. ССР в 1985 году. Стат.ежег.. -Фрунзе, 1986, с.109.

динамикасында мамлекеттин үлүшүнүн өскөндүгү байкалып турат. Колхоздордун үлүшүнө караганда мамлекеттик капиталдык салымдар 1,5 эсе көп болгон. Бирок, айыл чарбасына багытталган капиталдык салымдар толугу менен түздөн-түз бул тармакка жумшалбастан, башка максаттарга сарпталган. Элдик көзөмөл комитети, Айыл чарба Министирлиги жүргүзгөн текшерүүлөргө караганда, айыл чарба тармагына жумшалган каражаттарды пайдаланууда катачылыктар орун алган. Муну архивдик материалдар толуктап турат. Мисалы, кээ бир чарбаларда белгилүү өлчөмдөгү каражаттар ар кандай эркин коомдордун мүчөлүк акыларын төлөөгө, медициналык жайларды, төрөт үйлөрдү камсыз кылууга жана айылдык тургундарга акысыз кинофильмдерди, оюндарды көрсөтүүгө, ар кандай сый көрсөтүү мааракелерине, түшүмдү жыйноо аяктагандан кийин түштөнүүгө, тамактанууга жумшалган[1]. 1976-1982 -жылдары мына ушундай максаттар менен 30,5 млн сом акча сарп кылынган. Анын ичинде 1980-1982-жылдары гана 16,4 млн сом каражат жумшалган[2]. Мындай фактылардын орун алышы чарбалардын финансылык абалынын төмөндөшүнүн себептеринин бири болуп калган. Айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган каражаттардын башка максаттарга колдонулуп жатышы боюнча бир канча жолу Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Министрлер Совети тарабынан чечимдер кабыл алынган. Бирок, алар эч кандай натыйжаларды деле берген эмес.

Финансылык катачылыктарга карабастан, белгилүү өлчөмдөгү каражаттарды айыл чарбасын өнүктүрүүгө жумшоо айыл чарба өндүрүшүнүн материалдык-техникалык базасын көп багыт боюнча өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзгөн.

1975-1985 жылдары Республиканын айыл чарбасына 9 минден ашык

[1] КР БМА СД, 56-фонду, 201-оп., 129-д, 21-б.

[2] Ошондо эле, 241-оп., 105-дело, 13-б.

трактор, 2 миңге жакын дан жыйноочу комбайн, 7 миңге жакын жүк ташуучу машина[1], он миң деген ж.б машиналар, прицептер, мал чарба фермалары үчүн тоют даярдоочу жабдуулар келип түшкөн. Техниканын бул түрлөрү айыл чарбасын жабдууга, машиналар паркынын жакшырышына бир кыйла өбөлгө түзгөн.

Биз карап жаткан жылдары тракторлордун санынын өсүшү менен алардын кыймылдаткычтарынын кубаттуулугу да жогорулаган. Мисалы, 1975 -жылы 1390 ат күчүнө барабар болсо, 1985-жылы 2224 ат күчүнө барабар болгон, б.а., 834 ат күчүнө өскөн. Натыйжада, ири өндүрүштү өнүктүрүүгө багыт алган айыл чарбасына кубаттуу К-700, К-701, Т-150, Т-130, Т-50, Т-70, ДЭТ-250[2] деген тракторлор киргизилген. Булардын кубаттуулугу 70-90 ат күчүнө барабар келген. Бирок кубаттуу тракторлордун чыгарылышынын өсүшү дайыма эле оң натыйжаларды бергенби? Мурунку СССРде жылыга кубаттуу тракторлорду чыгаруу АКШга салыштырмалуу 6 эсеге көп чыгарылган. Мындан кубаттуу техникаларды колдонуу жердин структурасынын деформация болуусуна, жердин суу жана аба режиминин бузулуусуна, түшүмдүүлүктүн төмөн болуусуна алып келген. Бирок бул проблема айыл чарба машиналарын теске салган министирликтерди тынчсыздандырган эмес, өз иштерине башка ведомстволордун иши сыяктуу мамиле кылынган. Алар үчүн эң негизгиси ресурстарды көп талап кылган, кымбат техникаларды чыгаруу, кандай гана баада болбосун пландарынын аткарылышы маанилүү болгон.

Айыл чарба техникаларын туура эксплуатациялоо максатында айыл чарба техникасынын Бүткүл союздук бирикмеси жана анын Республикалык бөлүмдөрү түзүлгөн.

Республиканын колхоз, совхоздору үчүн айыл чарба машиналарынын

---

[1]Народное хозяйство Кирг. ССР за годы Советской власти. Стат.ежегодник. –Фрунзе, 1987.- с.163.

[2]КР БМА, 105-ф., 33-оп., 4886-д., 2-б.

техникалык деңгээлин, сапатын жогорулатуу боюнча 1983-жылы 10-июнда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети, Министрлер совети атайын чечимдерди кабыл алган. Мунун негизинде машина-тракторлор паркында айыл чарба машиналарынын жана каражаттарды жеткирүү иши жакшы жолго коюлган. Ошондой эле машина-трактор паркынын сапаттык курамы жаңырып, кол эмгегинин энергия менен куралдануусу 2.3 эсе жогорулаган[1].

Механизациялаштыруу багытында ийгиликтер менен бирге катачылыктар, кемчиликтер да орун алган. Мисалы, 1986-жылы 197 чарбада текшерүү иштери жүргүзүлгөн, натыйжада, Республиканын бир катар райондорунда Панфилов, Жумгал, Ак-Талаа, Тян-Шань, Лейлек, Жаңы-Жол, Совет райондорунда машиналарды жана техникаларды сактоонун канаатандырарлык эмес фактылары текшерүүдө аныкталган. 290 чарбада жада калса жууп туруучу жөнөкөй түзүлүштөр да жок болуп чыккан. Машиналардын чечилип алынган тетиктерди сактоо үчүн складдар, текчелер, жүк көтөрүүчү жабдуулар жана башкалар жетишсиз болгон. Ал эми кээ бир чарбаларда ал гана эмес техниканын сакталышы үчүн жооптуу адамдар атайын чечимдер менен дайындалган эмес.

Айыл чарбасы үчүн алынып келинген көптөгөн машиналар, жабдуулар кызмат кылуу мөөнөтү, ыңгайлуулугу, өндүрүмдүүлүгү, жасалыш сапаты боюнча айыл чарба өндүрүшүнүн талаптарына жооп бербеген. Республиканын көптөгөн чарбаларында машина-тракторлор паркын колдонууда көптөгөн каталарды кетиришкен. Ремонттоо, техникалык жактан тейлөө жана техниканы сактоо үчүн базалар жай темпте курулган. Көпчүлүк техникалар чарбасыздыктын натыйжасында мөөнөтүнөн мурда иштен чыккан. Мисалы, 1973-1980-жылдары Кыргызстан айыл чарбасы үчүн 24,4 мин трактор алынып келинсе, анын 19,6 мин трактору, 18.6 миң машинанын

[1] КР БМА СД, 56-ф., 241-оп., 68-д, 7-б.

18 миң машинасы жараксыз деп табылган. Бул жерде өсүш 0.6 машинага гана болгон[1]. Кыргызстан КП БК жана Министрлер Совети 1976-жылы 15-апрелиндеги № 204 жана 1976-жылы № 626 чечимдери боюнча «Кыргыз айыл чарба техникасынын» райондук бирикмелеринде техникалык жактан камсыздоо станцияларын куруу, кошумча бөлүктөр менен гаранттуу түрдө камсыз кылуу каралган. Бирок, тилекке каршы эксплуатацияга киргизилген 20 станциянын 18 эксплуатацияга берилген эмес[2]. Демек, болгону 2 гана станция эксплуатацияланган. Канчалык денгелде кабыл алынган чечимдер ишке ашканы көрүнүп турат.

Колхоз, совхоздорду техника менен жабдуу толук бойдон ишке ашпаса да механикалаштыруу деңгээлинин акырындык менен өнүгүшүнө алып келди. 70-жылдарын экинчи жарымында дан эгиндерин жүктөө иштери механизацияланган. Төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөндөй, 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы чөп чабуу, үймөктөө, чөмөлөө, саманды үймөктөө иштеринде механизациялоо процесси жакшы жүргөн. Ал эми кант кызылчасын комбайн менен жыйноо 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы төмөндөп кеткен. Себеби, кант кызылчасы чирик илдетке чалдыккан. Картошканы жыйуу, жүктөө механизациясы болсо 21 пайызга жогорулаган. Пахтаны жыйып алуу процесси биз изилдеп жаткан жылдын аягында 62%ден 23 % болуп өтө төмөндөп кеткен. Мындай абал сапаттуу техниканын начар сакталышы, пайдаланышы, аз натыйжалуу иштөөсү менен түшүндүрүлөт.

Колхоз, совхоздордо жана чарба аралык айыл чарба ишканаларда өсүмдүк боюнча механизациялоо иши (% менен берилген)[3] Таблица 2

| | 1975 | 1980 | 1981 | 1982 | 1983 | 1984 | 1985 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жашылчаларды себүү жана айдоо | 65 | 72 | 73 | 67 | 27 | 41 | 58 |
| чөптү үймөктөө | 66 | 61 | 62 | 63 | 39 | 46 | 74 |
| Саманды үймөктөө | 82 | 81 | 88 | 92 | 57 | 68 | 87 |
| Чөп чөмөлөө | 57 | 76 | 59 | 72 | 58 | 76 | 77 |

---

[1] Лайлиев Д.С. Совершенствование хозяйственного механизма в сельском хозяйстве. –Фрунзе, 1986, с.112.

[2] КР БМА СД, 56 ф., 202-оп., 122-д., 30-б.

[3]Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с.34-35.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кант кызылчаны комбайн менен жыйноо | 90 | 94 | 94 | 88 | 87 | 87 | 58 |
| Картошка казуу жана комбайн менен жыйноо | - | 3 | 6 | 12 | 13 | 20 | 21 |
| Пахтаны жыйноо | 62 | 51 | 49 | 41 | 43 | 26 | 23 |
| Кант кызылчаны жүктөө | 95 | 98 | 94 | 93 | 95 | - | - |
| Картошканы жүктөө | - | 48 | 17 | 24 | 51 | 68 | 60 |

Демек, айыл чарба өндүрүшүнүн негизги тармагы болгон дан чарбачылыгында таблицадан көрүнүп тургандай, механизациялоо иши өзгөчө жыйноо ишинде жакшы жолго коюлган. Бул болсо эмгек өндүрүмдүүлүктү жогорулаткан.

Республиканын мал чарбачылыгында эмгекти көп талап кылган иштерди механизациялоонун деңгээлин жогорулатуу боюнча белгилүү бир иштер жасалган. Алсак, мал чарба фермаларында машиналарды жана жабдууларды пайдаланууну жакшыртуу, мал чарба продуктыларын өндүрүүдө эмгек чыгымдарын төмөндөтүү боюнча иштер жүргүзүлгөн. IX жана X беш жылдыктарда гана колхоз, совхоздорго сүт саап алуу үчүн 2.7миң сүт саап алуучу аппараттар, 3 миңге жакын тоют тууроочу аппараттар[1] ж.б көптөгөн каражаттар мал чарбачылыгы үчүн пайдаланууга берилген. Бирок мындай абал бардык эле чарбаларда кездешпейт. Көпчүлүк чарбаларда эмгекти уюштуруу, фермаларда өндүрүлгөн продукциянын сапатын жакшыртуу маселелерине көңүл бурулган эмес. Көпчүлүк мал чарба фермаларында техникалык жактан камсыз кылуу пункуттары жок. Болгону 18 райондо гана техникалык жактан камсыз кылуу пункуту бар болгон[2]. Айыл чарбасы үчүн машиналардын жана жабдыктардын техникалык сапатын жана деңгээлин жакшыртуу боюнча да атайын чечимдер кабыл алынган. Бирок, кабыл алынган чечимдер толугу менен ишке ашкан эмес. Мисалы, 1981-жылдын 16-июндагы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана Министрлер Советинин “Айыл чарбасындагы техникаларды сактоону

[1] КР БМА СД, 56 ф., 201-оп., 68-д., 78-д., 104-б.

[2] Лайлиев Д.С. Совершенствование хозяйственного механизма в сельском хозяйстве. –Фрунзе, 1986, с.112.

.

кошумча камсыз кылуу" чараларын ишке ашыруу боюнча Республиканын колхоз, совхоздоруна 26 борбордук ремонтоо мастерскоюн, 23 техникалык жактан камсыз кылуу, 14 автогараж, 11 нефтебаз куруу милдети каралган. Ал эми иш жүзүндө ирети менен 9,7,8,10 даана гана курулган.

Мал чарба фермаларында механизациялоо канчалык дэңгээлде ишке ашты, бул туурасында төмөндөгү таблицага көңүл бурсак:

Малдын жалпы санына карата, % менен берилген)[1]

Таблица 3

| | 1975 | 1980 | 1981 | 1982 | 1983 | 1984 | 1985 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Сүт саап алуу | 79 | 73 | 73 | 75 | 84 | 76 | 85 |
| Фермаларда жана комплекстерде сууну таратуу: ири мүйүздүү малдар | 45 | 69 | 72 | 72 | 68 | 59 | 63 |
| чочко фермаларында | 85 | 78 | 84 | 84 | 73 | 75 | 79 |
| канатуулар | 84 | 87 | 79 | 83 | 75 | 78 | 85 |
| Фермаларда жана комплекстерде **тоют таратуу:** ири мүйүздүү малдар | 34 | 54 | 60 | 59 | 56 | 49 | 60 |
| чочко фермаларында | 71 | 65 | 67 | 62 | 65 | 63 | 65 |
| канатуулар | 82 | 75 | 77 | 80 | 72 | 75 | 84 |
| Фермаларда жана комплекстерде **кыктарды чыгаруу:** ири мүйүздүү малдар | 45 | 68 | 71 | 72 | 65 | 58 | 64 |
| Чочко фермаларында | 72 | 68 | 76 | 68 | 70 | 71 | 69 |
| канаттуулар | 82 | 76 | 76 | 80 | 72 | 74 | 82 |
| Фермаларда жана комплекстерде комплекстүү **механизациялоо:** ири мүйүздүү малдар | 26 | 50 | 56 | 57 | 53 | 38 | 47 |
| Чочко фермаларында | 41 | 55 | 55 | 49 | 61 | 54 | 60 |
| канаттуулар | 81 | 71 | 74 | 78 | 68 | 62 | 82 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы мал чарба фермаларында механизациялоо иши бир аз да болсо жогорулаган. Мисалы, сүттү саап алуу механизациясы 85 % өскөн. Ошондой эле сууну таратуу-63, тоют таратуу-60, кык чыгаруу-64, комплекстүү механизациялоо-

[1] Народное хозяство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с. 35-36.

47% гана механизацияланган. Ири мүйүздүү малдын фермаларына караганда канаттуулар фабрикаларында механизациялоо иши жакшыраак жолго коюлгандыгы таблицадан көрүнүп турат. Кара-Суу, Жалал-Абад канаттуулар фабрикаларында тоют даярдоо жана таратуу, сугаруу, жумуртка чогултуу, бир калыпта температурада кармоо, желдетүү, тазалоо толук механизацияланган[1]. Бирок, кээ бир областтар менен райондордо дагы да болсо механизатор кадрлар жетишсиз болгон[2].

Демек, биз изилдеп жаткан жылдары айыл чарбасын механизациялоо толук ишке ашпаса да кол күчүн талап кылган оор жумуштар жеңилдетилген.

Айыл чарбасын материалдык-техникалык жактан жабдууда электрлештирүүнүн мааниси орчундуу. Электрлештирүү эгиндерди жууп, тазалоого, парник жана теплицаларда кыртыш сууларын жылытууга, жерлерди сугарууга, фермаларга микроклиматтарды түзүүгө, мал чарбалыгында эмгекти көп талап кылган процесстерди автоматташ-тырууга жана механизациялоого жардам берет.

Мына ушул багытта биз карап жаткан жылдары Кыргызстандын айыл чарбасын электрлештирүүнү өнүктүрүү мал чарба, дыйканчылык өндүрүш процесстерин комплекстүү механизациялоодо, ошондой эле айыл калкынын электр энергиясын колдонууда бир топ иштер жасалган.

Биз изилдеп жаткан жылдары айыл чарбасынын энергетикалык кубаттуулугу жогорулаган. Мисалы, 1975-жылы 4646 миң ат күчүнө барабар болсо, 1985- жылы 7244 миң ат күчүнө жогорулаган. Натыйжада дыйкандардын кара күчтү талап кылган оор жумуштардан бошонуусуна, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулоосуна мүмкүндүк түзүлгөн. Энергетикалык кубаттуулуктун структурасында механикалык кыймылдаткычтардын үлүшү 1975-жылы 98.6 % болсо салыштырмалуу 1985-жылы 99,3%ке өскөн. Төмөндөгү таблица биз изилдеп жаткан

[1] Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын айылынын социалдык турмушу (1966-1985 жылдар).- Бишкек, 1993, 96-б.

[2] КР БМА СД, 56-ф., 241-оп.,122-д,32-33бб.

жылдардагы айыл чарбасынын энергетикалык базасынын сапаттык өзгөрүүсүн жана өсүшүн чагылдырат.

Айыл чарбасынын энергетикалык кубаттуулугунун динамикасы жана структурасы[1]. Таблица 4

| | 1975-жыл | | 1980- жыл | | 1985-жыл | | 1985-1975 жыл. карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бар дыгы | жыйынтык. карата | бар дыгы | Жыйынт. карата | бар дыгы | жыйынт. карата | |
| Бардык энергетикалык кубаттуулук, миң ат күчү менен | 4646 | 100 | 5769 | 100 | 7244 | 100 | 155,9% |
| механикалык, электрдик кыймылдат-н кубаттуулугу миң ат күчү анын ичинен: | 4581 | 98.6 | 5711 | 99.0 | 7193 | 99.3 | 157.0 |
| -трактор | 1718 | 37.0 | 1969 | 34.1 | 2348 | 32.4 | 136.6 |
| -комбайнд | 332 | 7.2 | 433 | 7.5 | 654 | 9.0 | 196.9 |
| -автомоб. | 1757 | 37.8 | 2026 | 35.1 | 2241 | 30.9 | 127.5 |
| бир жумушчунун энергетикалык куралдануусу, ат күчү менен | 11.6 | | 15.4 | | 16.6 | | 143.1 |
| 100 га айдоону энергетикалык камсыз кылуу, ат күчү | 345 | | 471 | | 582 | | 168.6 |

Энергетикалык кубаттуулуктун структурасында болжолдуу түрдө бирдей көрсөткүчтү тракторлор менен автомобилдер ээлеген. Тракторлор-32.4, автомобилдер-30.9 % түзүү менен. Таблицага көңүл бурсак, биз изилдеп жаткан жылдар аралыгында тракторлор менен автомобилдердин энергетикалык кубаттуулуктары төмөндөп, ал эми комбайндардын энергетикалык кубаттуулугу жогорулагандыгын көрөбүз. Тажрыйба көрсөткөндөй, чыныгы, реалдуу эмгектин өндүрүмдүүлүгү анын энергетикалык каражаттар менен жабдылуу деңгээлине көз каранды.

---

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с. 32-33

Таблицадан көрүнүп тургандай, бир жумушчунун энергетикалык куралдануусу 11.6 дан 16.6 ат күчүнө өскөн.

Бирок энергетикалык куралдануунун деңгээли айыл чарбалыгында комплекстүү механикалаштырууну жана автоматташтырууну ишке ашырууга мүмкүндүк берген эмес. Себеби, комплекстүү механикалаштыруу жана автоматташтыруу үчүн эмгектин энергетикалык куралдануусун жогорулатуу керек болгон. Ал эми бул болсо механикалаштыруу каражаттары үчүн да капиталдык салымдарды көбөйтүүнү талап кылган.

Айыл чарба техникалары үчүн капиталдык салымдарды натыйжалуу пайдалануунун факторлорунун бири, өндүрүштө жаңы өндүрүмдүү машиналарды жасоо  жана аны ишке киргизүү. Бизде улам жаңы келген техникалар, маселен, дан жыйноочу комбайндар, жерди иштетүүчү машиналар жана башка  техникалар  мурунку болгон эски конструкциядан эч кандай  деле айырмасы болгон эмес. Ошондуктан алар энергияны көп талап кылуу менен кирешесиз болгон. Мындан сырткары заводдор тарабынан өзү жүрүүчү комбайндар гана чыгарылган, ал эми алардын кыймылдаткычтары жылына 10-15 күн гана иштөөгө мүмкүндүк берген. Айыл чарба техникалары үчүн сарп кылынган капиталдык салымдардын натыйжалуулугун, эффективдүү-лүгүн жогорлатууда ошол техникаларды даярдоочу заводдордун техникалардын эң мыкты  үлгүлөрүн  жаратуу жана аны өндүрүшкө киргизүү сыяктуу кызыкчылыктарынын жоктугу. Ушуга байланыштуу алар мамлекеттик план боюнча келген заказдарды гана аткарышкан.

Бул айыл чарба техникаларын жасоочу заводдор жаңы техникаларды өндүрүшкө киргизиши үчүн биринчи кезекте аларда өндүрүштүк кызыкчылык керек эле. Мисалы, айлык акынын жогорулашы, материалдык тейлөө жана башка сыйлыктарды берүү менен жеке гана ошол техниканы даярдап чыгарган заводду  эле эмес, ошол техниканы теориялык жактан иштеп чыккан адамды же колхозду да материалдык жактан кызыктыруу

зарыл болчу.

Негизинен өнөр жайы тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба машиналарынын көпчүлүгүнүн сапаты талапка ылайык эмес болгон. Аларды даярдоодо чектелген өлчөмдө легирленген (никель, хром ж.б катыштырып жасаган болоттун бир түрү ) болотту колдонушкан.

Айыл чарба техникаларынын техникалык сапаты аны дайыма жумушчу абалында кармап турууну талап кылат. Мисалы, ДТ-54А тракторун капиталдык ремонтоо үчүн 395 саат адам күчү, ал эми аны заводдо даярдоого 238 саат адам күчү сарп кылынган. Т-74 же ДТ-75 тракторлорун капиталдык ремонттон өткөрүү аларды даярдоонун эмгек сыйымдуулугуна барабар. Бул тракторлор өздөрүнүн амортизациялык мөөнөтүндө (8 жыл) заводдо бир жолу даярдалган, 3-4 жолу капиталдык ремонттон өткөн. Ошондуктан, тракторлорду ремонтоого, алардын кошумча бөлүктөрүн даярдоого жаңы машиналарды чыгарганга караганда 4 эсе көп күч жумшалган. Ал эми колхоздор менен совхоздор өз убагында тракторлор паркын капиталдык жана күндөлүк ремонттон өткөрүүгө көп каражаттарды сарпташкан. Тракторлордун өзүн гана ремонтоого (техникалык кам көрүүдөн сырткары) чарбалар жылына көп суммадагы каражаттарды коротушкан, бул чыгым тракторлор паркынын наркынын 21-24 % түзгөн. Бул каражаттарга өндүрүмдүүлүгү жогору, сапаттуу жаңы машиналарды даярдаса болор эле. Канча техника алынып келинсе ошончо өлчөмдөгү кошумча бөлүктөр зарыл болгон. Кошумча бөлүктөрдү жасап чыгаруучу өндүрүштүн бир жылдык наркы жаңы алынып келинген тракторлордун бир жылдык наркынан ашып кеткен. Демек, ар бир тракторго кошумча бөлүк катары дагы бир трактор чыгарылган болот.

Х беш жылдыктын мезгилинде айыл чарбасында электр энергиясын колдонуу 56 % өскөн жана 1980-жылы 850[1] млн. килловат саатты түзгөн. Айыл чарба өндүрүшүндө эмгектин электрлей жабдылуусу 1975-жылга

---

[1] КР БМА СД, 56 ф., 231-оп., 156-д., 41-б.

салыштырмалуу 1.5 эсеге көбөйгөн жана айыл чарбасында эмгектенген бир эмгекчинин электр энергиясын пайдалануусу 1512 килловат сааттан 2213 килловат саатка[1] чейин өскөн.

Электр энергиясын натыйжалуу пайдалануу максатында айыл калкынын күнүмдүк керектөөсү үчүн энергияны туура пайдаланууга байланыштуу тапшырмаларды жана иш чараларды иштеп чыгуу, аткаруу, о.э айыл чарбада өндүрүштүк процесстерди электрлештирүү маселелери боюнча техникалык жана методикалык жолдомолорду иштеп чыгуу үчүн Айыл чарба Министрлигинин базасында 1979-жылы республикалык уюм “Кыргыз айыл чарба энергиясы” түзүлгөн. Анын тармагында 380 чарба катышуучуларын бириктирген “Сельхозэнергонун” 3 областтык, 30 райондук өндүрүштүк-эксплуатациялык ишканасы болгон. Мындай кызматтагы уюмдун түзүлүшү чарбаларда электр энергиясын сапаттуу пайдаланууга, электр түзүлүштөрүнүн эксплуатацияланышынын жаңырышына, электр энергиясын пайдаланууну жогорулатууга мүмкүндүк берген. Электромонтаждык жумуштарды өндүрүү үчүн Мамлекеттик айыл чарба комплекси, койлорду тоюттандыруу боюнча 9 чарба аралык аянтча, Ысык-Атадагы мамлекеттик канаттуулар заводу, 521 кашар ж.б объектилер электрлештирилген[1]. Электр жабдууларды техникалык жактан тейлөө жана ремонттоо боюнча кеңири масштабдагы иштер жүргүзүлгөн.

Кыргызстанда ири электр станцияларынын курулушу менен энергетика тармагынын өсүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. 60-жылдардан баштап Үч - Коргон ГЭСи, Ат-Башы жана баүка ГЭСтери курулган. Кыргызстанда гана эмес, Орто Азия жана Казахстан Республикалары үчүн маанилүү болгон кубаттуулугу 1200 квт болгон Токтогул ГЭСи 1979-жылы ишке киргизилген. Орто Азия жана Казахстан энергосистемасына бириккен Токтогул ГЭСинин электроэнергиясы бул аймактарда энергияны керектөө дефицитин кыскарткан. 80-жылдардын орто ченинде республикада иштеген электр

[1] КР БМА СД,201-оп., 129-д, 21-б.

станциялардын кубаттуулугу 3 млн.квт. ашкан. Алар жылына 11 млрд.квт.саатты иштеп чыгышкан[2]. Натыйжада электр кубатын иштеп чыгуу бир кыйла көбөйгөн. Бирок, ошого карабастан КПСС БКнын 1981-жыл 26-июндагы чечиминде[1] ("Айыл чарбасын электрлештирүүнү андан ары өнүктүрүү чаралары") көрсөтүлгөндөй республикада айыл чарбасын электр энергиясы менен камсыз кылууда бир топ кемчиликтер, катачылыктар да орун алган. Бул болсо эмгектин электрлей жабдылуусунун өсүүсүн, электр энергиясын колдонуунун андан ары кеңейүүсүн жана айыл чарба өндүрүшүнө автоматизация каражаттарын киргизүү жана керектөөчүлөрдүн электр менен камсыз кылуу ыңгайын жогорулатууну кечеңдеткен. Мындан сырткары электрди берүү линияларынын трансформаторлорунун подстанцияларын куруу, реконструкциялоо иштери да начар жүргүзүлгөн.

Турмуш өзү көрсөткөндөй, айыл чарбасында маанилүү маселелердин бири болуп, азык-түлүктөрдү өндүрүүнү көбөйтүү эле эмес, ошондой эле анын эффективдүүлүгүн жана жумшалган ар бир сомдун кайтарымдуулугун жогорулатуу болуп саналат.

Дыйканчылыкты натыйжалуу өнүктүрүүнүн маанилүү багыттырынын бири химиялаштыруу жана анын негизги жана башкы составдык бөлүгү болгон минералдык жана органикалык жер семирткичтерди чачуу эсептелет. Республикада химиялык каражаттарды колдонууга чоң көңүл бурушкан, себеби жер кыртыштарынын жарымынан көбү төмөнкү түшүмдүүлүккө ээ болгон. Айыл чарба жеринин көпчүлүгү жогорку кычкылданууга ээ болуу менен акташтоону талап кылат. Өзгөчө республиканын Чүй өрөөнүндө. Тажрыйба көрсөткөндөй, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө, жердин асылдуулугун арттырууда химиялаштыруунун ролу чоң. Анын натыйжасында жер кыртыштарынын сапаты жогорулап, жогорку түшүмдүүлүктү алууга шарт түзүлөт. Биз изилдеп жаткан жылдары жер

---

[1]КР БМА СД, 241-оп., 68-д., 42-б.

[2] Белеков Ю.П., Рахимов К.Р. Энергитические ресурсы Кыргызстана и их использование. -Бишкек, 1993, с.39.

кыртыштарын азыктандыруу, өсүмдүктөрдү отоо чөптөрдөн, ар кандай оорулардан, зыянкечтерден коргоо боюнча химикаттарды колдонуу көбөйгөн. Бул туурасында төмөнкү таблицага көңүл бурсак:

Айыл чарбасын минералдык жер семирткичтер менен камсыз кылуу (миң тонна )[2]

Таблица 5

| | 1975 | 1980 | 1981 | 1982 | 1983 | 1984 | 1985 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардык минералдык жер семирткичтер, анын ичинен: | 191.5 | 204.4 | 216.3 | 224.4 | 248.0 | 250.4 | 280.5 |
| -азоттуу | 100.6 | 120.6 | 135.9 | 138.9 | 150.0 | 146.7 | 157.6 |
| -фосфаттуу | 66.2 | 65.1 | 63.5 | 69.0 | 71.8 | 73.2 | 87.7 |
| -калийлүү | 24.7 | 18.6 | 16.8 | 16.4 | 26.1 | 30.3 | 35.1 |
| тоют кошундулары | 2.3 | 1.9 | 2.6 | 2.1 | 2.1 | 3.2 | 5.4 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы минералдык жер семирткичтер менен камсыз болуу 1.4 % га өскөн. Натыйжада, бир гектар жерге 174 кг жер семирткич чачылган[3]. Чарбаларга алынып келинген жер семирткичтердин ассортименти жакшырган. Азотту 57 %га, фосфаттуу 32.4 %га, калийлүү минералдык жер семирткич 42 %га өскөн. Мунун негизинде айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткичтерди чачуу жогорулаган. Эгерде IX беш жылдыкта 1 гектар айдоого 118 кг азыктандыруучу зат чачылса, XI беш жылдыкта орточо эсеп менен 164 кг болгон. Органикалык жер семирткичтерди колдонуунун көрсөткүчтөрү да өскөн, 1981-жылга салыштырмалуу 1985-жылы жер кыртышына 13.8 % органикалык жер семирткич пайдаланылганган[1].

Минералдык жер семирткичтер менен республиканы камсыз кылуу иши Ысык-Көл, Нарын областарында жакшы жүргөн.

Эгерде IX беш жылдыкта Ысык-Көл областына орточо 72 миң тонна минералдык жер семирткичтердин алынып келинүүсү жыл сайын өскөн. X

[1] КР БМА СД, 56 ф., 231-оп., 156-д., 42-б.

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с. 90.

[2] Ошондо эле, с. 91.

беш жылдыкта Ысык-Көл областында 94 миң тонна же 31% га жогору болгон.

Ушул эле шартта Нарын областында 41 миң тонна же 49 %га өскөн[2]. Бардык колхоздор, совхоздор үчүн бир гектарга канча өлчөмдө жер семирткичтер чачыла тургандыгы жөнүндө агрохимиялык картограммалар түзүлгөн.

Бирок элдик көзөмөл комитети тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөргө караганда, көпчүлүк колхоз, совхоздордо жер семирткичтерди сактоодо жана колдонууда жоопкерчиликтин өтө төмөндүгүн архивдик материалдардан маалымат алсак болот. Алсак, Ысык-Көл областынын Тамчы совхозунда, Ленин атындагы колхоздо жана башка чарбаларда жер семирткич үчүн складдар болгонуна карабастан, ачык асман астында калган, кир болуп, өзүнүн сапааттуулугун жоготуу менен экологиялык бузулуусуна алып келген. Мына ушундай абал республиканын башка областтарында да кездешкен. Ал эми кээ бир чарбалар агрохимиялык картограммаларды колдонгонду билишкен да эмес, “көз өлчөм” менен гана жер семирткичтерди талааларга алып чыгышкан. Мисалы, Ат- Башы районунан текшерилген 5 чарбада агрохимиялык картограммалары жоголуп кеткен жана булардын биринде да жер семирткичтерди колдонуунун планы жок болуп чыккан[1]. Ушундай көрүнүштөр башка чарбалардан да кездешет. Жер семирткичтерди алып келүүдө эсеп жок болгон, башкача айтканда, алынып келинген жер семирткичтер таразага тартылган эмес, машина айдоочулардын оозунан айтылгандар боюнча гана документтер толтурулган[2].

Минералдык жер семирткичтер үчүн складдарды, айыл чарба машиналары үчүн калкоолорду (навестерди), айыл чарба авиациясы үчүн учуп конуучу аянтчаларды куруу иштери да талапка ылайык жүргүзүлгөн

---

[1] Химизация земледелия и защита сельскохозяйственных культур от вредителей и болезней. -Фрунзе, 1988, с. 3

[2] КР БМА СД, 56-ф., 222-оп., 100-д.,8-б.

[1] КР БМА СД, 241-оп.,68-д,8-9бб

[2] Ошондо эле.

эмес. Бөлүнгөн капиталдык салымдар толугу менен иштетилген эмес. Мисалы, 1981-жылы айыл чарбасын химиялаштырууну өнүктүрүү ишине финансылоонун бардык булактарынын негизги фондусунан 4.9. млн. сом же 1980-жылга салыштырмалуу 24 %га көп суммадагы капиталдык салым жумшалган. Бул этапта капиталдык салым 117 %га иштетилген, бирок курулуш уюмдардын күнөөсү боюнча курулуш монтаждоо иши - 71 %ге гана аткарылган.

Республикада жер семиркичтерге жылына кеткен чыгымдар 45-48 млн. сомду[3] түзгөн. Дыйканчылык продуктыларын өндүрүүгө кеткен чыгымдардын структурасында жер семирткичтердин наркынын салыштырмалуу салмагы 4.8 %ды, анын ичинде көп жылдык өсүмдүктөр 8.2 %ды, пахта 12.2 %ды, дан багытындагы 14.9 %ды түзөт.

Химиялык жер семирткичтерди туура пайдалануу өзүнүн жогорку эффективдүүлүгүн берерин көп жылдык тажрыйбалар көрсөткөн. Сугат жерлерде алар түшүмдүүлүктүн 30,50 %га жогорулоосуна мүмкүнчүлүк түзөт. Натыйжада, кеткен чыгымдарды кайтарууга шарт пайда болот. Бирок, иш жүзүндө көпчүлүк чарбаларда жер семирткичтерге кеткен чыгымдардын ордун толтуруу төмөн болгон. Себеби, жер семирткичтерди туура эмес сактоодо азыктандыруучу заттардын сапатынын начарланышы, жер семирткичтерди даярдоодо, аларды бир жерден экинчи бир жерге алып чыгууда көп чыгымдардын сарп кылынышына байланыштуу болгон. Мындан сырткары айдоо, сугаруу мезгилинде да катачылыктар кеткен. Мисалы, 1970-жылы 1гектар айдоого 90кг минералдык жер семирткич (азыктандыруучу затка айландырганда), 1975-жылы 133кг, 1980-жылы 153кг, башкача айтканда, 1970-жылга салыштырмалуу 1.7 эсе көп чачылган. Бул жылдары дыйканчылыктын дүң продукциясы 24.8 %га гана өскөн.

Ал эми бир гектар айдоо жерге дан өсүмдүктөрүнө минералдык жер семирткичтерди чачуу 2.1 эсе көбөйгөн, түшүмдүүлүк болсо 27 %га гана

[3] Химизация земледелия и защита сельскохозяйствен. культур от вредителей и болезней.-Фрунзе,1986, с.110.

жогорулаган. Ушул эле иретте пахта 38 жана 48.4 %га. Бул тенденция XI беш жылдыкта да орун алган.

Республикадагы илимий ишканалар жана Кыргыз айыл чарба химия бирикмеси тарабынан айыл чарба өсүмдүктөрүнө жер семирткичтерди чачуу жана анын негизинде программаланган түшүмдү алуу, жер кыртышынын түшүмдүүлүгүн стабилдештирүү боюнча атайын нормалар иштелип чыккан. Бирок бул нормалар чарбалар тарабынан аткарылган эмес. Мисалы,1984-жылы агрохимиялык кызматтын маалыматтарына караганда Ош областында пахтага өзүнүн нормасынан 33кг/га ашык азот, тоют багытындагы жүгөрүгө 108кг, дан багытындагы жүгөрүгө 146кг, жашылча жемиштерге 89кг ашык азот чачылган. Дефицит болгон фосфат жер семирткичтерин жашылча жемиштерге чачуу 136 кг/га, картошкага 102кг[1] ашык жүргүзүлгөн. Ушуга окшош жагдайлар башка чарбаларда да кездешет.

Окумуштуулардын пикири боюнча азот жер семирткичтерин ашыкча колдонуу, азык-түлүктөрдө адам баласы үчүн зыяндуу болгон нитраттардын топтолуусуна жана малдын тоютун, айлана-чөйрөнү булгоого алып келет[2]. Өсүмдүктөрдө фосфат жер семирткичтери жаныбарлар үчүн зыяндуу санда топтолбойт. Бирок, аларды да көп өлчөмдө колдонуу каражаттардын жөн гана чыгымга учуроосуна алып келет. Аларды өтө көп өлчөмдө колдонуу а түгүл түшүмдүн төмөндөөсүнө алып келе тургандыгын көп жылдык тажрыйбалар көрсөткөн. Мындан сырткары, өзүбүздө болгон жер семирткич-кыкты туура пайдаланганды билген эмеспиз. Кык тээ алыс талааларга таштанды катары ташылып чыгарылган. Ошол ташып чыгуунун өзүндө канча күйүүчү май сарп болду? Кыргызстандын чарбаларында жылына 8 млн. тоннага жакын кык топтолору аныкталган.

1980-жылы 4.3 млн.тонна кык чыгарылган, бирок чачууга

[1]Химизация земледелия и защита сельскохозяйственных культур от вредителей и болезнй. - Фрунзе, 1988, с. 3.

[2] Пути агарного возрождения. М.,1989,с.21-22

ылайыкташкан техниканын жетишсиздигинен улам анын 3.5. млн.тоннасы[1] гана талаа кыртышына чачылган. Химиялаштыруу салыштырмалуу түрдө жаңы багыт болгондугуна байланыштуу, анын калыптанышы көп проблемалар менен коштолгон.

Кыргызстанда айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүүдө жерди мелиорациялоонун ролу чоң экендиги талашсыз. Себеби, республиканын аянтынын 93% тоолу жер түздүктөгү айыл чарба өндүрүшү негизинен сугат дыйканчылыгына негизделген. Бирок, республикнын жалпы айдоо жеринин 848 миң гана гектары сугарылат. Бул Кыргызстандын жалпы аянтынын 2.3 %на барабар. Бирок ушул бир миллион гектарга жетпеген сугат жер республиканын дыйканчылыгы берген бүткүл жыйымдын 93 %ын камсыз кылган. Мындан ирригациялык иштин Кыргызстан үчүн канчалык денгээлде маанилүү экендиги ачык көрүнүп турат. Ошондуктан, ирригация ишиндеги жетишкендиктер, кемчиликтер тууралуу 2-бапта кеңири сөз болмокчу.

Айыл чарбасынын материалдык- техникалык базасын бекемдөөнүн маанилүү багыттарынын бири-курулуш тармактары. Биз изилдеп жаткан жылдар ичинде айыл чарбасына багытталган каражаттардын 407 миллион сому мал чарба комплекстерин, фермаларды курууга жумшалган. IX беш жылдыкка салыштырмалуу XI беш жылдыкка 59 миллион сом акча көп сарпталган[1]. Бул каражаттар негизинен айыл чарба обнектилерин курууга, реконструкциялоого жумшалган. Мисалы, 1977-жылы 7 айлык план боюнча мал чарба комплекстерин курууга 11.3 млн. сом иштетилген, ал эми жылдык план боюнча 21.8 млн. сом бөлүнгөн. Бирок бул комплекстерди куру иштеринде тынчсыздандырган жагдайлар да түзүлгөн. Курулуш иштериндеги жумуштар уюшулбаган түрдө жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу бир эле сменада иштеген учурлар кездешет. Мындан сырткары өз убагында материалдар, машиналар менен камсыз болбогондугуна

[1] Гольдштейн Г.З. Главное направление реализации продовольственных программ. -Фрунзе, 1983, с.18.

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с.110.

байланыштуу көп жумуштар өз учурунда бүтпөстөн токтоп калган.

Бакма канаттуулар үчүн фабрикалар, малдар үчүн короо сарайлардын курулушу биз изилдеп жаткан жылдар аралыгында жакшы болгон. Ар бир беш жылдыкта 1.5-3 млн. баш койго,130-195 миң баш ири мүйүздүү малдар үчүн короо сарайлар, канаттуулар фабрикаларында бир миллиондон 5,6 миллион[1] баш үчүн короо жайлар курулган. Республика боюнча тоют өндүрүштүк базасын куруу маселеси өтө начар чечилген. Силос, сенаждардын көбү мурункудай эле облицовка болбогон траншеяларда сакталган болсо, ал эми чөп ундар, гранулданган ж.б. тоюттар жөнөкөй жайларда сакталган.

Ошентип, ошол мезгилдеги түзүлүшкө жараша айыл чарба өндүрүшүн техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечүүдө бүт өлкөдөгүдөй сыяктуу эле Кыргызстанда да негизги багыт капиталдык салымдардын өсүү темпине багытталган. Капиталдык салымдардын көпчүлүк бөлүгү айыл чарбасынын өндүрүштүк базасына жумшалган. Машина-тракторлук парктардын жаңы техникалар менен жабдылышы өндүрүш процессинде механизациялоонун денгээлин жогорулаткан. Бирок, бул өсүш союздук көрсөткүчтөргө салыштырсак анча деле маанилүү болгон эмес.

Изилденип жаткан жылдарда айыл чарбасын комплекстүү механизациялоо маселеси чечилген эмес. Башка тармактарга салыштырмалуу электр энергиясын колдонуу, электрлештирүү иши жакшы жолго коюлган. Ал эми механикалаштырууда техниканын тез керектөөдөн чыгышы, алардын туура эмес эксплуатацияланышы; химиялаштырууда-жер семирткичтердин бузулууга дуушар болушу; курулуш иштеринде башталган иштердин аягына чыкпашы ж.б.менен байланыштуу.

Эмне үчүн көрсөтүлгөн иштер иш жүзүндө толугу менен ишке ашкан эмес? Мунун бир себеби болуп, пландоо саясаты эсептелинет. Пландоо саясатынын натыйжасында,өлкөдө сапаттуу көрсөткүчтөр аз, ченелүү

[1] Ошондо эле, с. 138.

өлчөмдө болуп, сандык көрсөткүчтөр өсүшүн ылдамдаткан. Планда берилген милдеттемелерди аткаруунун натыйжасында “кошуп жазуучулук”, сапатсыз өндүрүү келип чыккан. Мисалы, 1981-1983-жылдары Борбордук статистикалык башкаруу жана башка көзөмөлдөө кылуучу органдар тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлгөн. Натыйжада, текшерилген колхоздордун 35 % жана совхоздордун -34.5 %да , ал эми 1984- жылы ирети менен 39.8 жана 37.8 %ды “кошуп жазуу” фактылары орун алган жана булардын бети ачылган. Мындай фактылар Ат-Башы, Аламүдүн, Тян-Шань райондорунун кээ бир чарбаларында, ошондой эле Ош, Ысык-Көл областынын көпчүлүк райондорунан кездешет[1].

Түп районунун “Живпром” бирикмесинин директорунун орун басары Абдыкеримов жана райондун кээ бир чарба жетекчилеринин группалык кылмышы тарабынан кошуп жазуучулук жана өз кызмат абалдарынан пайдалануу өлчөмү 945 миң сом[2] акчаны түзгөн. Малдын санын көбөйтүп кошуп жазуу Киров районун Чолпонбай атындагы совхоздо, Жумгал районунун Суусамыр совхозунда, сүттү кошуп жазуу Ысык-Көлдүн 1-Май колхозунда, Алай районунун Правда совхозунда катталган. Ал эми картошканын планын аткарууда кошуп жазуу Калинин районунун жети чарбасында болгон.[3] Ушундай эле абал Ат-Башы, Кара-Суу райондорунан да кездешет. Бул маселелер боюнча кийинчерээк А.Масалиев тарабынан Кыргызстан Компартиясынын XVIII сьездиндеги отчеттук докладда сын пикир айтылган.

Республиканын кээ бир чарбаларында мамлекеттик каражаттарды ар кандай банкеттерди, кабыл алуу кечелерин уюштурууга жумшалган учурлар да кездешет[4]. Мындан сырткары кээ бир чарбаларда чарба жетекчилер тарабынан колхозчулардан салык алынган. Бул акчалай салык атайын

---

[1]КР БМА СД, 56 ф., 247-оп., 59-д., 2-3-бб.

[2] Ошондо эле 254-оп., 27-д., 39-б.

[3] КР БМА СД, 56 ф.,, 29-д., 116-б.

[4]Ошондо эле, 202-оп., 101-д., 30-б.

төлөнүүчү ведомосттор менен системалык түрдө алынган. Мисалы, мындай абал Тоң районунун Ленин атындагы колхоздо болгон. Колхоздун башкармасына 3 жылдын ичинде колхозчунун эмгек акысынан алынган салыктардын суммасы 66 миң сомду түзгөн. Анын ичинде жетекчи кызматкерлер үчүн 43200 [1]

Ал эми мындай иштерди жүргүзгөн чарба жетекчилери өз жазаларын тарткан. Мисалы, 1983-1984-жж. ичинде мамлекетти ар кандай жол менен уурдоо, кошуп жазуу, алдоо боюнча кызмат абалын пайдалангандыгы үчүн 63 кызматкер жазаланган.[2] Чарба ичиндеги жетишкендиктерди көрсөтүү үчүн мамлекеттик отчеттор жаап жашырылган. Себеби, финансылык ревизиялоо формалдуу түрдө жүргүзүлгөн. Акыркы үч жылда (1982, 1983, 1984-жылдары) айыл чарба министирлигинин коллегиясында, колхозчулардын кеңешинде чарбаларды 12 жолу ревизиялоонун жыйынтыгы каралган, бирок бул ревизиялоонун жыйынтыгы иш жүзүндө эч кандай натыйжаларды бере алган эмес[3]. Негизинен чыныгы иштер жүргүзүлбөстөн, көбүнчө иш жүзүндө, кагаз түрүндө иштешкен. Мисалы, Министрлер Совети тарабынанан 1983-жылдын ичинде гана 245 чечимдер, буйруктар кабыл алынган. 1982-жылы деле ушундай абал кездешет. Ар кандай ведомстволорго, уюмдарга 1300 дөн ашык документтер жиберилген, б.а., ар бир жумушчу күнгө орточо алганда 5 тен туура келген[4].

Министрлер Совети тарабынан формалдуулукка жана ар кандай чогулуштарга каршы эч кандай чечкиндүү иштер жүргүзүлгөн эмес. Министерстволордун, ведомстволордун жетекчилери ар кандай кеңешмелерди өткөрүү менен убакыттарын өткөрүшкөн. Ал эми мындай жыйындарга көптөгөн адамдар чакырылган. Мисалы, 1983-жылы гана айыл чарба Министрлиги тарабынан 324 семинар-кеңешме өткөрүлгөн, анын

---

[1] Ошондо эле, 235-оп., 80-д., 24-25-б.

[2] КР БМА СД,254-оп.,29-д., 115-116-бб.

[3] Ошондо эле, 247-оп., 59-д., 2-3-б.,254-оп.,27-д.,37-39-бб..

[4] КР БМА СД, 56 ф.,, 254-оп., 31-д., 2-б.

иштешинде 20 миң адам катышкан, б.а., 1982-жылга салыштырганда 2 эсе көп болгон[1]

Корутундулап айтканда, биз изилдеп жаткан мезгилде айыл чарбасын материалдык-техникалык жана акча каражат жагынан камсыздоо боюнча көптөгөн чечимдер, программалар кабыл алынган, көп суммадагы каржылоолор болгон, айыл чарбасы кубаттуу техникалар, механизмдер жетишерлик өлчөмдөгү жер семирткичтер менен камсыз болгон. Бирок чыгымдардын кайтарымдуулугу ойдогудай болгон эмес.

Биздин изилдөөбүзгө таянсак андай абалдын негизги себептери төмөндөгүлөр:

Биринчиден, айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча пландаштыруудагы кемчиликтер. Айрыкча пландаштырууда айрым региондордун мүмкүн чүлүктөрүн, жаратылыш-климаттык өзгөчөлүктөрүн толук жана өз учурунда эсепке албоо. Ошонун натыйжасында пахтачылыкта вильт, кызылчачылыкта тамырдын чирүү ооруларынын пайда болушу, жайыттардын такырга айланышы. Казакстан, Россиянын шартында эң пайдалуу оор жана кымбат техникалардын майда Кыргызстан сыяктуу республикаларда пайдаланышы ж.б. Экинчиден, бийликтин жогорку баскычтарыны тартип жөнөкөй эмгекчилерге чейин “жалпы элдик менчик” деп эсептелген колхоздук-совхоздук менчикке, айрыкча жерге, техникага, жер семирткичтерге, акча каражаттарына башка бирөөнүкүндөй кайдыгер мамилеси.

Үчүнчүдөн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүүлүгүнө, мал чарбачылыгынын азыктуулугунун өсүшүнө, жалпылап айтканда айыл чарбасынын жогорку кирешелүүлүгүнө колхозчулардын жана совхоздун жумушчуларынын кызыкчылыгынын деңгелинин төмөн болушу.

Биз изилдеген жылдар ичинде болгон финансы каражаттарын, техникаларды туура эмес пайдалануу дагы кемчиликтердин болуусу сыяктуу проблемалар бүгүнкү күндө да кайталанууда. Айыл чарба техникаларынын

---
[1] Ошондо эле

жетишсиздигине байланыштуу 1997-жылы мамлекеттик лизингалык “Айылтехсервис” компаниясы түзүлгөн. Бул компанияга чет мамлекеттик грантка сатылып алынган 145 МТЗ маркасындагы трактор, 65 “Нива”комбайны берилген[1] Бирок, бул компания борбордошкон бюрократтык органга айланып кеткендигине байланыштуу дыйкандарга карата көрсөтө турган кызматы өтө кымбатка турган, ошондуктан, дыйкандар алардын кызматын колдонуудан баш тартышкан.

Эгерде өкмөт тарабынан учурунда көзөмөлгө алынып турганда, бул компания балким борбордошкон бюрократтык органга айланмак эместир. Бул компаниялардагы техниканын абалы, күн сайын начарлай берген, себеби, биз жогоруда айтып өткөндөй эле бүгүнкү күндө да техниканы сактоонун эрежелери канааттандырарлык эмес.

Эгерде мурда техникалар болуп турса да аларды туура күтө алышпаган болсо, бүгүнкү күндө алар жетишсиз түрдө. Болгону жогорудагыдай себептер менен пайдаланылбай жатат.

Дыйкан чарбаларында техникалардын көбү эски, тетиктери жетишпейт, ал эми жаңы техникаларды, зарыл болгон тетиктерди сатып алууга каражаттары жетпейт, алардын баары кымбат.

Ошондуктан, мындай кырдаалдан чыгуу үчүн өткөн тарыхый жолубузга обнективдүү анализ берип көрсөк. Баарыбызга белгилүү болгондой кредит, мал жана айыл чарба инвентары менен камсыз кылып туруучу “кооперациялар” түзүлгөн. Өз мезгилинде бул кооперациялар оң натыйжаларын берип келген.

Демек, бүгүнкү күндө мына ушуларды эске алуу менен дыйканга көмөк көрсөтүү максатында биринчиден, кредиттик кооперацияны түзүү керек.

Дыйкандар бул кооперацияларга мүчө болуу менен арзан пайыздагы кредит алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Натыйжада, өндүрүштү өнүктүрүүгө шарт болот. Экинчиден, дыйкандарды зарыл болгон техникалар менен

[1] Вечерний Бишкек, -1999, -21 апрель.

жабдып туруу үчүн техникалык жактан жабдуу кооперацияларын түзүү.Үчүнчүдөн, өндүрүлгөн продукцияны сатуучу кооперациялардын болушу. Себеби дыйкандар өздөрү өндүргөн продукцияларды реализациялоодо бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушууда.Чыгымдар өндүргөн продукциянын өздүк наркынан ашып кетүүдө.

Демек, жеке дыйкан өз алдынча жалгыз ишти жүргүзүүсү кыйын. Ошондуктан, биз сөз кылган кооперацияларды түзүү зарыл экенин турмуш өзү айгинелөөдө.

## 1. 2. Ирригациалык - мелиоративдик иштер

Кыргызстандын шартында жергиликтүү калкты жер менен камсыз кылып, отурукташтыруу менен катар эле алардын чарбалык түзүлүшүн түп тамырынан бери өзгөртүү мүмкүн эмес эле. Анткени буга чарбалык байланыштардын формалары, жогорку өндүрүмдүү техникалар, эмгек куралдары зарыл эле. Ным болсо чөп ташка да чыгат, ным болбосо күчтүү топурак такырга айланат деп эсептелинген региондордун бирине кирген Кыргызстан өзгөчө ири масштабдагы ирригациалык мелиоративдик иштерге муктаж. Андай иш кеңири масштабда Кыргызстанда Орто Азиянын башка республикаларындай эле Совет бийлиги орногондон кийин башталган жана коомдун өнүгүүсүнүн ар бир этабында белгилүү бир деңгээлде бул багытта иш жүргүзүлүп келген. Бул маанилүү иштерди жүзөгө ашырууда өзгөчө май (1966-жыл) Пленуму ирригация жана мелиорация иштеринин узак мезгилдүү программасын кабыл алууда чоң роль ойногон. Партия тарабынан ар бир гектардан жогорку түшүмдү алуу, жерге аяр мамиле кылуу, техникалык жактан жетиштүү түрдө жабдылган гидромелиоративдик системаларды куруу каралган. Ал эми Кыргызстандын шартында бул программаны тез арада ишке ашыруу зарыл эле. Себеби республиканын айыл чарба өндүрүшү сугат дыйканчылыгына негизденген.

Ирригация жана мелиорация - жердин күрдүүлүгүн түп тамырынан бери

жакшыртуунун, анын азыктуулугун жогорулатуунун жана сактоонун маанилүү каражаттарынын бири экендиги талашсыз. Анын жардамы аркылуу эң жогорку түшүмдүүлүктү алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Ошондой эле табигий шартты (топуракты, гидрологиялык ж.б шарттарды) айыл чарбасына керектүү багытта өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Топурактын суу, аба, азык зат, жылуулук режимин жакшыртат. Мындан сырткары айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүшүнө, саздак, кумдак, шор, чөл жана жарым чөлдүү жерлерди айдоо аянттарына айландырып, жер-суу ресурстарын өндүрүмдүү пайдаланууга, мал чарбачылыгы үчүн туруктуу тоют базасын түзүүгө, талаачылыкты механикалаштырууга, химиялаштырууга шарт түзөт.

Ал эми айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык эффективдүүлүгү жалпысынан, өндүрүштүн негизги каражаты болгон жер кандай абалда жана кандай колдонулуп жатат ошого жараша болгон. Кырыгзстанда 1976 – 1980 – жылдары жерди мелиорациялоо боюнча СССР Министрлер Совети жана КПСС БК тарабынан атайын регламенттелген чечимди кабыл алышкан.[1] Бул чечим боюнча республикада 40 мин га жаны сугат жерин, 500 мин га жайыттарды сугарууну ишке киргизүү, 35 мин га сугат жердеги мелиоративдик иштерди жакшыртуу каралган. Жерди натыйжалуу иштетүү ага жумшалган капиталдык салымдардын туура пайдаланышына байланыштуу эле. Биз изилдеп жаткан жылдар ичинде Кыргызстанда ирригация жана мелиорациялоо ишине жана андан алынган жерлерди өздөштүрүүгө 1 миллиард 306 миллион сом, суу чарба курулуштарына 1 миллиард 88 миллион сом[2] капиталдык каражат жумшалган. Бул ирригация жана мелиорация ишине өлкөдө жумшалган капиталдык салымдардын жалпы суммасынын 1.2% түзгөн. Эгерде X беш жылдыктын бир жылына орто эсеп менен 117.6 млн. сом жумшалса, XI беш жылдыкта 143.6[3] млн. сом,

---

[1] Ирригация Кыргызстана в проектах и объектах от прошлого к настоящему. В 3 т. 3-Том. Прогресс: последние пятилетия. Ближайшая перспектива. -Бишкек, 1994, с. 193.

[2] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с.100.

[3] Ошондо эле.

б.а., X беш жылдыкка салыштырмалуу 26.0 млн. сомго көп каражат жумшалган. Мунун негизинде суу менен камсыз кылуу жогорулап, 130 миң гектар жайытка суу чыгарылган. 1976-жылы Жыргалаң суусунда Тепке насостук станциясы, ушул эле жылы Талас өрөөнүндө Баласары магистралдык каналы, ЧТКын (Чон Талас каналы) реконструкциялоо жана биринчи кезектеги Кайырма каналын реконструкциялоо иши ишке киргизилген. X беш жылдыктагы маанилүү окуялардын бири Талас суусунда экинчи кезектеги Киров суу сактагычын ишке киргизүү болгон.

Мындан сырткары кийинки жылдары Тянь-Шань районунда Көк-Жар суусунун сол жээк массивинде машина менен сугаруу, Ак-Талаа районунда Коммунистчил колхозунда жерлерди сугаруу үчүн магистралдык канал, экинчи кезектеги Кайырма каналын, ЧТКын реконструкциялоо ишке киргизилген. Ал эми Ош областында бул жылдары ишке киргизилген ири обнектилердин бири Баткен районундагы Төрт-Күл суу сактагычы. Суага болгон муктаждыкка байланыштуу 1969-жылы 15-январда СССРдин суу чарба министрлиги Исфара суусунун бассейинин ишке киргизүү долбоорун кабыл алган. Бул иш 1971-жылы ноябрда башталып, 1977-жылы октябрда аяктаган. Бул курулуш 32.07 млн.сом акчаны түзгөн, жаңы сугат жер 6.8 миң га өскөн[1]. 1981-1985-жылдары маанилүү окуялардын бири Ош областынын Ак-Буура суусунда Папан суу сактагычы ишке киргизилген. IX беш жылдыктын акырында Республика боюнча 43292 гидрокурулуштар, 1416 насостук станциялар, 1170 сугат үчүн суубургу, 30 суу менен камсыз кылуучу суубургу, 59 дренаж болгон[2].

Көрүнүп тургандай, бул жылдар аралыгында жалпы эле Кыргызстанда суу чарба уюмдарынын өндүрүштүк базасы бир кыйла чыңдалган. Суу чарбасын башкаруу структурасы өркүндөтүлүп, 1979-жылдан тартып

---

[1] Ирригация Кыргызстана в проектах и объектах от прошлого к настоящему. т.3 Прогресс: последние пятилетия. Ближайшая перспектива. -Бишкек, 1994, с. 197.

[2] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат. ежег.- Фрунзе, 1986, с. 289.

мелиорация жана суу чарба Министерствосунун курамынан бөлүнүп чыккан түздөн - түз капиталдык суу чарба курулушу менен иш жүргүзгөн өз алдынча Башкыкыргыз-Башкармачылыгы түзүлүп суу чарба курулушунда болсун, ирригациялык курулуштарды пайдаланууда болсун башкаруу бир кыйла жакшырган. Жаңы курулуштар менен катар эски сугат жерлерди мелиорациялоо жагын жакшыртуу боюнча да бир кыйла иштер жүргүзүлгөн. Эки миң километрден ашык коллектордук-дренаждык тармактар курулуп, 150 миң гектар шордонгон жерлер гипстелген. 725 миң гектар аянттагы сугат тармагы пайдаланууга берилген[1]. Кайрадан конструкциялоонун эсебинен сугат системаларын пайдалануу аракетинин коэффиценти 1.2 эсе өсүп, бул 700 миллион кубометр[2] сугат суусун үнөмдөп калууга мүмкүндүк берген. Республикада селден жана кирген суудан сактануу үчүн капиталдык тосмо курулуштарын куруу зарыл болгон. Мурда бардык сугат системаларында селге жана кирген сууга көп туруштук бере албаган жөнөкөй дамбаларды курушкан. Ал эми изилденип жаткан жылдары дамбалар жергиликтүү материалдардан курулуп, ири-ири таш менен капталган. Дамбаларды куруу толук механикалаштырылып, пайдаланууга ыңгайлуу жана чыдамдуу келген. Сугат системаларында агынды көп жыйналгандыктан каналдарды тазалоо жумуштарын механикалаштыруу өтө маанилүү болгон. 1980-ж. каналдарды механизм менен тазалоо көлөмү 92% га жетип, 5500 мин $м^3$ грунтту түзгөн. Тоо сууларынын агыны сутканын ичинде бир калыпта болбойт. Бул сууну топтоо жана бөлүштүрүүдө олутту кыйынчылыктарды пайда кылган. Ошондуктан суу чарбасында каналдардагы суунун чыгымдалышын көзөмөлдөөнү, ирригация обьектилеринин бузулбай иштешин, сууну жана жумуш убактысын кыйла үнөмдөөнү камсыз кылуу үчүн сугат системасын жана гидротехникалык курулуштарды автоматташтыруу жана телемеханикалаштыруу олутту мааниге ээ болгон.Бул багытта илимпоздор

[1] Кыргызстан айыл чарбасы. 1985, №1,10-б.

[2] Кыргызстан айыл чарбасы. 1985, №1,10-б.

жана адистер эмгектенишкен. Мындан сырткары, Ат-Башы сугат системасы, Орто-Токой жана Найман суу сактагычтары, Чон Чүй каналынын батыш жана чыгыш тармактарынын башкы курулуштары, Аламүдүн жана Ала-Арча тундурмалар, ошондой эле Краснеречка гидротүйүндөрү автоматташтырылып, телемеханикалаштырылган.

Бирок, жогорудагы ийгиликтерге карабастан ирригациялык жана мелиорациялык курулуш тармагында бир кыйла жаңылыштыктар, кемчиликтер да орун алган. Курулуш иштерин уюштуруудагы кемчиликтерге байланыштуу бул багытка бөлүштүрүлгөн каражаттар толугу менен пайдаланылган эмес. Жерди жууп тазалоо жана сууну пайдалануунун жаңы ыкмалары аз жайылтылган. Натыйжада, кээ бир чарбаларда мамлекеттин мелиорацияга жумшаган сарптоолорун актоо жай жүргөн. Курулуш уюмундагы кемчиликтерге байланыштуу бөлүнгөн каражаттар толугу менен беш жылдыктарга жумшалбастан, обьектилерди өткөрүп берүү мөөнөтү кечиктирилип, курулуш иштери сапатсыз жүргүзүлгөн. Мисалы, 1975-жылы 10 айлык план 19 маанилүү обнектилер боюнча 86 %га гана аткарылган. Бул обнектилер боюнча 17.0 млн.сом капиталдык салым иштетилген эмес. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин жана партиянын Борбордук Комитетинин “Кургакчылыкка каршы күрөшүү” боюнча иш чаралары аткарылбаган. Бекитилген 9 миллион сомдук мамлекеттик капиталдык салымдан 10 айдын ичинде 6.6 миллион сом же 74%, колхоздук каражаттын болгону 42 % гана иштетилген. Ал эми 1978-жылдагы мелиорация жана суу чарба Министрлигинен финансылык-чарбалык отчетунун жыйынтыгы боюнча 28 маанилүү объектилерде 11.9 миллион сом акча иштетилбеген, б.а., 3.8 миң га жерди сугаруу жана 6 миң га[1] жерди суу менен камсыз кылуусун жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Мындай кемчиликтердин болушу республиканын суу чарба Министрлигинин капиталдык салымдарды пландоодогу шалаакылык

[1] КР БМА 350-ф., 14-оп., 516-д, 7-б.

мамилесин көрсөтүп отурат.

Кээ бир чарба жетекчилердин чарбасыздыгынын, көңүл кош мамиле кылуусуунан айыл чарбасына ылайыктуу сугат жерлер иштетилбестен, сугарылбастан калган учурлар кездешкен. Мисалы, 1975-жылы 901.8 миң гектар жер чарбалар үчүн берилсе, анын 900.7 миң гектары иш жүзүндө колдонулбаган, демек 1.1 миң гектар гана иштетилген. Ал эми 1985-жылы ушул эле иретте 996.4 жана 993.5[1] б.а., 2.9 миң гектар жер пайдаланылган эмес. Эгерде райондордун масштабында карасак, төмөндөгүдөй көрүнүш болгон. 1980-жылы гана 1071 гектар жер колдонулбастан калган, анын ичинде Алай районунда-200га, Тянь-Шанда-481, Кантта-55, Сокулукта-150 жана Москва районунда-185гектар жер. Ал эми 2702гектар жер сугарылбастан калган. Анын ичинде Алай районунда-994 гектар, Тянь-Шанда-707, Кочкордо-194, Чүйдө-616, Ысык-Атада-45, Кантта-483 жана Сокулукта-218[2] гектар. Мунун натыйжасында чарбалар жогорку түшүмдүүлүкө жете алышкан эмес. 1980-жылы жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, 127 чарбада сугат жерлерде дан өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн ар бир гектардан 30 центнерден жогорку деңгээлге көтөрө алышкан эмес[3]. Ал эми кээ бир чарбалар мындан да төмөн түшүмдөрдү алышкан. Мисалы, Ош областынын көпчүлүк чарбалары сугат жерлерден ар бир гектардан 10 центнерден кылкандуу дан эгиндерин алышкан. Чарба иштери жакшы жолго коюулган чарбаларда болсо, гектарынан стабилдүү түрдө 60 центнерден көбүрөөк түшүм алынган. Мындай абал республиканын Ысык-Көл, Талас, Нарын областарында жана Чүй өрөөндөрүндө кездешет. Бул жерлерде түшүмдүүлүк 18 центнерден 60 центнерге[4] чейин алынган. Түшүм алуудагы мындай айырмачылыктар дыйканчылыкты жүргүзүүнүн жана өндүрүүнүн ар кандай деңгээлдери жана кыртыштын генетикалык

---

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат. ежег. - Фрунзе, 1986, с.101.

[2] КР БМА СД, 231-оп., 138-д., 101-б.

[3] Ошондо эле.

[4] КР БМА СД, 56 ф.,, 231-оп., 138-д., 102-б.

курамынын ар түрдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Мындан сырткары мелиорацияланган жерлерди пайдалануунун анализи көрсөткөндөй, айыл чарба өсүмдүктөрүнөн төмөн көрсөткүчтөгү түшүмдүүлүктү алуунун негизги себептери:

-агротехникалык эрежелердин бузулушу;

-дыйканчылык маданиятынын төмөндүгү;

-которуштуруп айдоонун жоктугу;

-коллектордук-дренаждык тармакты эксплуатациялоонун канаттандырарлык эместиги;

-сугат режиминин бузулуусу;

-жерди иштетүүчүлөрдүн (дыйкандардын) экономикалык кызыкчылыктарынын жоктугу.

Барыбызга белгилүү болгондой, айыл чарбасына тескөөчүлүк ыкма менен жетекчилик кылууда дыйкандардын материалдык кызыгуусуна, алардын жерди жакшы иштетүүсүнө жогорку түшүмдү алуусуна, б.а., алардын жеке кызыкчылыктарына көңүл бурулган эмес.

Көпчүлүк айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүүдө дүңүнөн сатуу баасынын төмөндөгү чарбаларды чыгымга учураткан.

Мындай шартта азык-түлүктүн ар бир кошумча центнери киреше алып келбестен, тескеринче кошумча чыгымга дуушар кылган. Натыйжада, чарбанын жана ар бир жумушчунун материалдык кызыкчылыгы төмөндөгөн.

Ал эми республиканын чарбаларында коллектордук-дренаждык тармакты эксплуатациялоонун дэңгээли учурдун талабына жооп берген эмес. Бул тармактарда техникалык жактан жакшыртуу жана кам көрүү боюнча пландуу иштер өз учурунда жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу бул жерлердин мелиоративдик абалы начарлагандан начарлай берген. Каралып жаткан жылдар ичинде республикада шордонгон жерлердин аянты 138 миң гектарга жеткен, анын ичинде 23.4 миң гектары өтө шордуу, ал эми анын

66.7 миң гектары анча шордуу эмес болгон[1].

Сугат дыйканчылыгында сугат эмгекти эң көп талап кылган процесстердин бири, ошондуктан бул жогорку өндүрүмдүү жамгырлаткыч машиналарды колдонуунун зарылдыгын пайда кылат. 1977-жылы республикада 1563 ар кандай типтеги жамгырлаткыч машиналар болгон. Бул машиналар Чүй өрөөнүн чарбаларында-1414, Ысык-Көл областында-89, Ошто-24, Нарында-19 жана Талас өрөөнүндө болгону 18и иштеген. Бул жамгырлатып сугаруучу техникаларды колдонууда, ремонтоодо, техникалык жактан тейлөөдө жана запастык бөлүмдөр менен камсыз кылууда кемчиликтер көп кеткен. Жамгырлаткыч машиналарды механизатор кадрлар менен камсыз кылуу республиканын колхоз-совхоздордорунда 60-70 %дан ашкан эмес. Ошондой эле агрегаттарды вегетациялык эмес учурларда сактоо жана техникалык консервациялоо канааттандырарлык эмес түрдө уюштурулган. Мына ушул сыяктуу терс көрүнүштөр, республикада жамгырлаткыч машиналардын паркынын эффективдүүлүгүн төмөндөткөн. Кээ бир учурларда кабыл алынган чечимдер толугу менен ишке ашкан эмес. Мисалга алсак, 1977-жылдын 17-марттагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин №128 чечимине ылайык өндүрүшкө ”Фрегат”, ”Днепр” ж.б жамгырлаткыч түзүлүштөрдү киргизүү каралып, колхоздук каражаттардын эсебинен 16 жамгырлаткыч машина эксплуатацияга берилмек. Бирок, факты жүзүндө болгону бир гана машина эксплуатациялоого берилген.

Архивдик материалдар көрсөткөндөй, 1977-жылга салыштырмалуу 1980-жылы жамгырлатып сугаруучу техникалардын санынын бир калыпта болбогондугун байкайбыз. Мисалы, 1977-жылы 1563 даана болсо, 1980-жылы 1499 жамгырлаткыч машина болгон. Бирок, 1985-жылдары бул көрсөткүчтөр кайрадан жогорулап, республика боюнча 1970 даана жамгырлатып сугаруучу машина бар эле. Эски конструкциялардын ордуна

---
[1] КР БМА СД, 231-оп., 138-д., 10-б

жаңы жогорку өндүрүмдүү "Фрегат","Днепр" ДДТ-100-МА ж.б типтеги түзүлүштөр келген. Төрт жылдын ичинде 1036 жогорудагы машиналарга типтеш алынып келинген түзүлүштөр жана сугаруу техникасынын паркы бул мезгилде 69 %га жаңырган. Бирок, дагы да болсо бул машиналарды эксплуатациялоодо кемчиликтер орун алгандыгын көрөбүз. Мисалы, Ысык-Көл областындагы 107 жамгырлаткыч машинанын 26сы гана же 24 % күндүз эксплуатациялган, Нарын областында 34 машинанын 21 гана колдонулган. Бул өңдүү абалдар Чүй, Ысык-Ата, Кемин, Киров, Талас ж.б райондордо да кездешет. Жалпысынан алганда республика боюнча күндүз 615 машина же 38 % эксплуатацияланган, ал эми түнкүсүн-489 же 30 %[1]. Ошондой эле Баткен, Түп, Панфилов жана Талас райондорунда бул техниканы иштетүүчү операторлор жана инженер- техник кызматкерлердин жок болгонуна байланыштуу толук пайдаланылган эмес[2]. Сугат системасында суу бөлүштүрүүнү автоматташтыруу боюнча Кыргызстан өлкө боюнча IX-X беш жылдыктарда алдынкы орундарда турган. Ал эми XI- беш жылдыкта автоматташтыруу кескин кыскарып, аны туура эмес пайдалануудан, адистердин жоктугунун натыйжасында иштен чыга баштаган. 1984-ж. республикадагы 70 ири насостук станциянын бирөө дагы автоматташтыруу режиминде иштеген эмес[3].

Жерди мелиорациялоо ишине көңүл бурсак, X беш жылдыктын ичинде 41.6 миң гектар жаңы жерлер ишке киргизилип, 160 миң гектар жерди суу менен камсыз кылуу иши жогорулаган. Сугат үчүн сууну бөлүштүрүү 7443 млн. куб.м.ден 8390 млн.куб.метрге көбөйгөн. Машина менен сугаруунун натыйжасында 2.5 миңге жакын сугатчылардын кол эмгеги кыскартылган. Бирок, механизация процессинин деңгээли жаңы талаптарга толук жооп берген эмес. Мисалы, 1979-жылы сугат ишинде орто эсеп менен 19.1 миң

---

[1] КР БМА СД ,56-ф., 210-оп., 33-д., 68-69-бб.

[2] Осмонов Ө.Ж. Аталган чыгарма, с.56.

[3] Осмонов Ө.Ж. Аталган чыгарма, с.56.

сугатчы, эки сменанын иши үчүн 28.3 миң адам иштеген, башкача айтканда, 9.2 миң адам күчү жетишпеген эле. Бул болсо машина менен сугаруу ишин кеңейтүүнү талап кылган. Чарба жетекчилердин көңүл кош мамиле кылуусунан, көзөмөлдүүлүктүн жоктугунан суу менен камсыз болгонуна карабастан, суу техникалары канааттандырарлык түрдө иштебеген. Сугаруу техникаларынын мындай өндүрүмсүз абалга дуушар болуусу, биринчиден, анын иштөө даярдыгынын төмөнкү сапатта болуусун; экинчиден, техникалык тейлөөнүн жок экендигин белгилейт.

Жамгырлаткыч машиналарды жана агрегаттарды техникалык жактан тейлөө айыл чарба техникаларынын мамлекеттик комитети тарбынан уюшулган эмес. Натыйжада, техникалык бузулууларга байланыштуу алар көп убакыт иштебестен туруп калган. Себеби ремонттоо фондусу каралган эмес. Натыйжада айыл чарба техникаларынын мамлекеттик комитети жана айыл чарба министрлиги техникалык участоктордо ремонттоо фондуларын түзүп берүү маселелерин чече алышкан эмес.

Жогоруда биз айтып өткөндөй кеңири масштабдагы “Фрегат” жамгырлаткыч машиналарды иштөөгө киргизүү жана аларды колдонуу боюнча иштер начар жүргүзүлгөндүгүн көрөбүз. Мелиорация жана Суу чарба Министрлиги жамгырлаткыч машиналарды мамлекеттик капиталдык салымдардын эсебинен жыл сайын ишке киргизүү милдеттерин үзкүлтүккө учураткан. Мисалы, 1979-жылы Башкыкыргыз суу курулушу милдеттендирилген “Фрегат” тибиндеги 20 жамгырлаткыч машинанын сегизи гана ишке киргизилген[1]. Мунун негизинде көпчүлүк жерлерде кол күчү көбүрөөк сакталып кала берген. Кол менен жер арыктар аркылуу сугарууда көп суулар жерге сиңип кетүү менен коромжуга көп учураган. Сугат жерлерин суу менен камсыз кылуу X беш жылдыкка салыштырмалуу XI беш жылдыкта төмөн болгон. Мисалы, X беш жылдыкта 241 миң га болсо, XI беш жылдыкта 193 миң га болуп төмөндөгөн, б.а., 48 миң гектарга

---
[1] КР БМА СД, 56-ф., 22-оп, 75-д. 105-106-бб.

азайган[1] . Ушуга байланыштуу сугат жерледе жердин мелиоративдик абалы X беш жылдыкка салыштырмалуу XI беш жылдыкта 2 эсеге төмөндөгөн[2] .

1980-жылдары республиканын окумуштуулары жана адистери бороздоп сугаруунун механизациясынын ар кандай системаларын иштеп чыгышкан жана алар өндүрүштүк сыноолордон ийгиликтүү өткөн. Бул ыкма сугат ишинде артыкчылыкка ээ болгон. Жер алдындагы микрогидранттарды колдонуу менен бороздоо боюнча сугаруунун механизацияланган ыкмасы өзүнүн абдан ыңгайлуулугун жана экономдуулугун көрсөткөн. Бул ыкма Кант районунун “1 Май” колхозунда сыноого алынган. Долбоорлоо жана техникалык консультациялоо иштери илим изилдөө институту “ВНИИКА мелиорация” тарабынан ишке ашып турган. Жамгырлатып сугаруучу агрегат “Фрегатка” салыштырмалуу бул система бир гектарга 0.6 тоннага жакын металлды, бир сезондо 3.5 миң квт саат элетр энергиясын экономдоого мүмкүнчүлүк түзгөн. Ошондой эле сууну пайдалануу жана айдоо жердин коэффициентинин жогорулоосуна алып келген. Капиталдык салымдардын салыштырмалуу чыгымдарын 2 эсеге кыскартуу менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн 3-5 эсеге жогорулатуу ишке ашкан. Демек, сугат ишинде микрогидранттарды колдонуу кол эмгегин бир канча жеңилдетүүгө алып келген.[3]

Республиканын Мампланы, Башкы суу курулушу, Мелиорация жана Суу чарба Министерствосу мурда башталган курулуштарды бүтүрүүгө каражаттар менен материалдык техникалык ресурстарды топтоштурууда, бир эле мезгилде курулуп жаткан обнектилердин санын кыскартууга тиешелүү чараларды көрүшкөн эмес. Мисалы, кыргыз суу курулуш башкармачылыгы боюнча 1981-1983-жылдары ар жылкы пландарга киргизилген 116 объект боюнча курулуштардын узак мөөнөткө созулушунун нормаларына ылайык

---

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР. Стат. ежег. –Фрунзе,1986, с. 10

[2]Ошондо эле, с. 101.

[3] КР БМА СД,56-ф., 235-оп.,61-д., 153-б.

100 миллион сомдон ашык каражат кем бөлүнүп берилген. Бирок ошол эле учурда 223 жаңы обнектилердин курулушу башталган.[1] Демек, планга киргизилген обнектилер өз убагында бүтпөстөн кечеңдетилип, мамлекттик жана колхоздук каражаттар “сүрсүп” жата беген. Натыйжада, сарпталган каражаттар узак жылдар бою кайтарым берген эмес.

1981-1983-жылдар аралыгында плансыз курулган суу чарба обнектилеринин саны республикада башталган бардык курулуштардын бештен бир бөлүгүн түзгөн. Ошентип, бул он биринчи беш жылдыкта белгиленген 50дөн ашык обнектилердин ар жыл сайын планга киргизилбей калышына алып келген.[2]

Респубикада айыл чарба азык түлүктөрүн, өзгөчө тоют базасынын олуттуу түрдө артта калгандыгына байланыштуу, мал чарбачылыгынын азык түлүгүн өндүрүү андан ары көбөйтүүдө бир кыйла кыйынчылыктарды башынан өткөргөн. Андан тышкары которуштуруп айдоодонун жоктугу жер кыртыштарынын фитосанитардык абалын начарлатууга алып келген кант кызылчасынын, пахта айдоолорунун көптүгүнөн улам, XI беш жылдыкта республиканын чарбалары бул өсүмдүктөрдү өстүрүп алуу пландарын аткара албай калган. Мисалы, 1975-жылы бир гектардан 375 центнер кант кызылчасы алынса, 1985-жылы бул көрсөткүч “0” (нөлгө) түшүп калган. Ал эми картошканын жылдык орточо түшүмдүүлүгү жогорулаган. Маселен, 1985-жылы 137 ц/га, жашылча өсүмдүктөрү ушул эле иретте 173 жана 206, чөп кылуучу бир жылдык өсүмдүктөр 58.5 жана 73.0 ц/га[3] болуп жогорулаган.

Белгилей кетүүчү нерсе, жерлерди ирригация жана мелиорациялоонун эффективдүүлүгү жөнүндөгү статистикалык маалыматтар партиянын чечимдерин аткаруу ишенимдеринин негизинде “ашыгы” менен аткарылган.

---

[1] Кыргызстан айыл чарбасы 1985 №1, 11-б.

[2] Ошондо эле.

[3] Народное хозяйство Кирг.ССР. Стат. ежег. –Фрунзе,1986, с. 101.

Буга республиканын, райондун жетекчилери, мелиорация чарбасынын башкармачылыгы карнера, сыйлыктарга жетүүгө кызыгуулары да түрткү болгон. Ал эми статистика кызматкерлери “кошуп жазуулар” боюнча тиешелүү чараларды гана көрбөстөн, алар бул мыйзамсыз “оюндун” активдүү катышуучулары да болушкан. Ошондуктан, “ашыгы” менен аткаруучулар, көкөлөтүп мактоолор ирригация жана мелиорация ишине көп зыян келтирген.

Бул жагдайларга байланыштуу 70-80-жылдардын башында республиканы тынчсыздандырган абал пайда болгон. Мындай негативдүү процесстер суу чарба тармагында да орун алган эле. Бул “сенектик” кубулуштарды пайда кылган. Мындай процесстердин негизги себептери төмөнкүлөр:

-суу дыйканчылыгындагы өнүгүүнүн экстенсивдүү методу;

-мелиорация жана суу чарбачылыгында жумшалган инвестициялык саясаттын туура эместиги;

-илимий техникалык жетишкендиктердин өндүрүшкө жай киргизилиши;

-коррупция жана уурдоо, мамлекеттик каражаттардын чаржайыт колдонулушу;

-кадрларды тандоодогу принциптердин бузулуусу;

-мелиораторлордун социалдык чөйрөсүнүн артта калуусу;

-ирригациялык-мелиоративдик курулуштагы катачылыктар.

Мисалы, мындан сырткары айыл чарбасына зарыл болгон жайыттарды, чабынды жерлерди культивация кылуу, жер кыртышын эрозиядан сактоо, шордонгон жерлерди гипстөө, жердин кычкылын акиташтоо иштеринде жана ошондой эле кургакчыл райондорго, жайыттарга суу жеткирүү сыяктуу иштерге анча көңүл бурулган эмес. Себеби, мындай иштерге көп каражаттар жумшалбастан, тескерисинче алар арзанга турган. Демек, бул иштерди жүргүзүүдө планды аткарууга болбойт эле. Ошондуктан, кымбатка туруучу ар түрдүү гигант гидрокурулуштардын долбоорлонгондугу да бекеринен

эмес эле.

Бул болсо көп кылымдык жаратылыш балансынын бузулуусуна да алып келген.

Кыргызстандын шартында жерди ирригациялоо жана мелиорациялоо менен бирдикте аны туура сугаруу айыл чарбасынын бардык тармактарынын негизи болуп саналат. Мелиорациясыз сугат жерлери тез бузулуп, шордонуп, сазданып, түшүмдүүлүк төмөндөп, экологиялык абалды курчуткан.

70-жылдардын ичи 80-жылдардын биринчи жарымында жогоруда сөз болгон кемчиликтердин, катачылыктардын, көңүлкош мамиле кылуудан айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү, чарбанын иш жүргүзүүсү төмөндөгөн жана ыгы жок кошуп жазуунун натыйжасында гана жогорку жыйынтыктардын көрсөткүчү болуп келген.

Ал эми мындай абалдардан чыгууда Министерстволор жана ведомстволор чараларды күчөтүү үчүн зарыл иштерди жүргүзбөгөндүгүнө күбө болобуз. Тескерисинче, бул тармактагы кемчиликтер жаап-жашырылып, кошуп жазууларды жоюу, болтурбоо үчүн бухгалтердик ревизиялык жана юридикалык кызматтар начар жүргүзүлгөн. Мындай фактыларга көбүнесе принципиалдуу баа берилген эмес. 1983-жылы прокурорлор тарабынан жетекчилердин мамлекеттик отчет маселелери боюнча законду бузуу үчүн 28, ал эми 1984-жылы 6 гана официалдуу иш козголгон. Бул жагдайда көпчүлүк партиялык уюмдар “кошуп жазууга” карата либералдуулукту көрсөтүшкөн, б.а., алар администрациянын ишинде көзөмөл кылуу укугун толугу менен колдонушкан эмес. Мисалы, 1981-1983-жылдары жетекчилер тарабынан жүргүзүлгөн 82 “кошуп жазуунун” он жетиси партиялык уюмдарда таптакыр каралган эмес. Мунун негизинде “кошуп жазуучулар” Өтмө Кызыл Тууну алышып, Ардак тактадан орун алуу менен акчалай сыйлыктарга ээ болушкан.

Демек, негизги багытты сан көрсөткүчтөрүнө коюу менен планды “ашыгы” менен аткаруу өзүнүн терс натыйжаларын берген эле.

Корутундулап айтканда биз изилдеген мезгилде Кырыгзстанда ирригация жана мелиорация иштерине ири акча каражаттар жумшалганы менен чыгымдардын кайтаруусу ойдогудай болгон эмес. Анын негизги себеби, биздин пикирибизче, бөлүнгөн акча каражаттар негизинен мамлекеттики болуп, айыл чарбасында жана суу чарбасында иштегендердин аларга кайдыгер мамилеси болгон. Пикирибизди бекемдөө үчүн далил келтирүүгө туура келет. 1986-жылы Кыргызстанда жалпы капиталдык салымдар 1460 млн. рублди түзсө, анын ичинде 156 млн.,башкача айтканда аран гана 10,6% колхоздордун салымдары болгон[1].

Ирригациялык курулуштарга өнөкөт болуп калган кайдыгер мамиленин залалы азыркыга чейин сезилүүдө.

Көптөгөн суу тармактарынын абалынын начарланышынан жана туура эмес сугаруу шарттарына байланыштуу 1998-жылы сугат жерлеринин 15,5 миң гектары кайрак жерлерге айланган[2]. Мындан сыркары айдоо жерлеринин шордонуу жана сазга айлануу тенденциясы күч алып уланууда. Натыйжада, мындай жерлерде түшүмдүүлүк кескин начарлоодо. Мисалы, аз шордонгон жерлерде түшүм 10-20 %га, орточо шордонгондо 20-50 -%га күчтүү болгондо 50-80-пайызга төмөндөйт[3]. Ошондой эле суу техникаларынын жетишпегендигинен улам азыркы учурда негизги басым кол эмгегине жүктөлүүдө. Алсак дыйкандардын басымдуу көпчүлүгү жерлерди кайрадан жер арыктар аркылуу сугарууга муктаж болуп калышты. Айдоо аянттарынын мындай сугаруу жолу көп суунун коромжуга учурашына алып келүүдө. Ошондой эле көпчүлүк айыл жерлеринде мурдагы суу түтүктөрүнүн иштөө мүмкүнчүлүгүнүн төмөндүгүнө байланыштуу калк иче турган суу маселеси да курч абалда турат.

«Таза суу» программасынын алкагында кээ бир айылдарда мындай суу

---

[1] Народное хозяйство СССР за 70 лет. Юбилейный стат.ежег. М.,1986, с.331.

[2] Вечерний Бишкек. -1999, -21-апрель.

[3] Мелиорация и повышение засоленных почв Чуйской долины. –Б., 1991., с55.

түтүктөрү айыл жашоочуларынын жардамы астында кайрадан калыбына келтирилүүдө. Ошондуктан, биз бул маселени жалпы элдик иш катары кароо менен биринчиден, ирригациялык курулуштарды, ирригациялык техникаларды, ирригациялык жерлердин сапатын сактап калышыбыз зарыл.

Экинчиден, бул тармакты андан ары өркүндөтүү керек. Буга кам көрүү мамлекеттик саясий милдетке айланууга тийиш.Ушуга байланыштуу мамлекет ар кандай Эл аралык уюмдардан жана фонддордон жардам суроого муктаж болууда. Чет өлкөлүк инвесторлордун жардамы менен кредиттик макулдашуу «ирригациялык системаларды реаблитациялоо» долбоорун Кыргызстан менен бирге өнүгүүнүн Эл аралык ассоциясынын ортосунда түзүлгөн жана бул келишим боюнча 35 миллион америкалык доллар көлөмүндөгү долбоор ишке ашышы керек. Бул долбоор 13 плотинанын, анын ичинде Орто-Токой, Киров, Кара-Буура жана башка суу сактагычтарды, ошондой эле 40 ирригациялык түйүндөрдүн иштөөсүн камсыз кылышмакчы. Мындан сыркары 28,6 миллион доллар суммадан айыл чарба ирригациялык системасы  боюнча проект дайындалып жатат. Бул долбоор ирригациялык прцесстерди базар экономикасынын шарттары менен байланыштырып, көптөгөн коллектордук-таркатуучу системаларды кайрадан калыбына келтирүүгө мүмкүндүк бермекчи. Бул долбоорлордун канчалык деңгээлде ишке ашарын турмуш өзү көрсөтөөр.

Жыйынтыктап айтканда, бул проблеманы жеке гана мамлекеттик маселе катары карабастан, улуттук маселе катары кароо менен жалпы эл массасы да колдоо көрсөтүүсү зарыл. Бул маанилүү маселени ХХ к. 30-жылдарыны элдик курулуш ыкмасы менен бүтүрүлгөн иштердин тажрыйбасын пайдалануу да максатка ылайыктуу болоруна ишенүүгө болот. Мисалы, 1939-жылы элдик деимлгеси менен элдик курулуш иретинде 10 күндүн ичинде Кара-Суу районундагы 1-май каналы курулган. Ошондой эле ыкчамдыкта Фрунзе областындагы “Жантай”, Ош областындагы “Гулян-Сай”, “Кызыл Эмгек”, Жалал-Абад областындагы “Кайрат” каналдары курулган.

1940-жылы Сокулук районундагы эки суу сактагыч 1000 гектар жерди суу менен камсыз кылган. 17 км. узундуктагы канал Базар- Коргон районундагы 600 га жерди суу менен камсыз кылган. Октябрь районундагы 4,5 миң га жерди камсыздаган Араван райоундагы “Төө - Моюн” каналдары курулган.

Элдин чыныгы колдоосуна ээ болгон мындай элдик курулуштар 1939-1940 жылдары жалпы узундугу 295 км түзгөн 25 каналды куруунга 16,5 миң га жаңы жерлерди өздөштүрүүгө, 20 миң га жердин суу менен камсыз болушун жакшыртууга мүмүкүнчүлүк берген[1].

Дыйканчылык аянттарын, мал жайыттарын суу менен камсыз кылуу айыл тургундарынын бардыгы үчүн зарыл. Ошондуктан жакшылап

уюштурулган элдик курулуштар азыр да кеңири колдоого алынаарына ишеним бар.

Демек, биринчи бапты корутундулоо менен белгилей кетүүчү нерсе изилдеп жаткан жылдары айыл чарба өндүрүшүн техникалык жактан жабдуу маселелерин чечүүгө ылайык Кыргызстанда жана жалпы эле бүт өлкө боюнча маанилүү каражаттар жумшалган.

Капиталдык салымдардын көпчүлүк бөлүгү айыл чарбасынын өндүрүштүк базасына каржыланган. Машина – трактор паркынын жаны техникалар менен жабдылышы өндүрүш процесстеринде механизациялоонун денгээлинин жогорулоосуна мүмкүнчүлүк түзгөн. Бирок, бул өсүш анча деле маанилүү болгон эмес, анткени көпчүлүк иштердин көрсөткүчтөрү төмөн болгон. Демек, 70-жж. белгиленген айыл чарбасын комплекстүү механизациялоо милдеттери чечилген эмес.

Айыл чарба өндүрүшүндө электр энергияны пайдалануу да жакшы өнүккөн. Ал эми жерлерди химиялаштыруу жана мелиорациялоодо белгилүү

---

[1] Джунушалиев Дж. Время созидания трагедий. 20-30-е годы XX в. –Б.: Илим, 2003, с. 136-137.

бир өнүгүүлөр болгон, курулуш иштери дагы кенири жайылтылган.

Бирок, айыл чарба өндүрүшүндө материалдык - буюмдук потенциалдын көбөйүшү анын толук ишке ашышы менен коштолгон эмес. Курулуш ишинде – бул толук бүтпөгөндүктүн кенири таралышында көрүнгөн, механизациялоодо – техниканы туура эмес пайдалануу, мөөнөтүнөн мурда жараксыз болуп иштөөдөн чыгып калышы, химиялаштырууда – жер семирткичтерди туура эмес пайдалануусу, алардын бузулушу,  ирригация, мелиорация ишинде – сууну, техникаларды туура эмес пайдалануу ж.б.

Корутундулап айтканда, биз изилдеп жаткан жылдары айыл чарбасынын материалдык техникалык жана акча каражаттары менен камсыздоого, ирригациялык - мелиоративдик иштерди жүргүзүүгө болгон аракеттер өзүнүн натыйжасын берген жок. Анткени, айыл жерлеринде эмгекти уюштурууга байланышкан маселелерге, проблемаларга өз алдынчалыкка ээ болбогон дыйкан жооп бербестен, уюшулган институттардын катуу системасы чечкен. Жогортодон проблемалар чечилип, “төмөн” жактагыларга директива түрүндө жөнөтүлгөн. Натыйжада мындай кадамдар өзүнүн терс таасирин берген.

# II-БАП.

# АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮШҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮНҮН НЕГИЗГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

## 2.1. Жалпы өндүрүш көрсөткүчтөрүнүн динамикасы: карама-каршы тенденциялар

Өткөндү сын көз караш менен баалоо менен сенектик жылдары жетишилген ийгиликтерди жокко чыгарууга болбойт. Бул изилдеп жаткан жылдарда республиканын айыл чарбасынын дүң продукциясы тогузунчу беш жылдыкка салыштырмалуу 1229.1 миң сомго көбөйгөн[1] .

Айыл чарбасын интенсивдештирүү рельсине которуунун магистралдык жолу катары өндүрүштү адистештирүү жана топтоштуруу маселелери каралган. Дыйканчылыкта бул процесстер айыл чарба өсүмдүктөрүн жайгаштыруу менен байланыштуу өнүккөн. Бул учурда дыйканчылыкта монокультура үстөмдүк кылган, жерди үнөмдүү пайдалануу талапка толук түрдө жооп берген эмес. Ошондой эле жерди, материалдык жана эмгек ресурстарын, кошумча продукцияларды жана өндүрүштүн калдыктарын натыйжалуу пайдаланууга айыл чарба өндүрүшүнүн жаңы пайда болгон, кошумча тармактарында (канаттуулар фабрикасы, бордоо комплекстери ж.б ) мүмкүн эле[2].

Өндүрүштү жалпы адистештирүү менен республиканын бардык чарбаларында дан эгиндерин өндүрүү көрсөтмөсү берилген. Айдоо аянттарынын структурасында дан эгиндерине эң көп үлүш туура келген. 1975-жылдан 1981-жылга чейин дан эгиндеринин аянты көбөйүүнүн үстүндө болгону менен бул процесс кийинчерээк акырындап төмөндөй баштаган. Натыйжада, 546.3 миң гектардан (1975-жыл) 533.7 миң гектар(1985-жыл), б.а., 9.7 %га кыскарган. Бирок дан эгиндеринин айдоо аянттарынын

[1] Народное хозяйство Кирг. ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.- с.14.

[2] Досбол Нур уулу. Совхозы Кыргызстана. – Бишкек, 1993.- с.182.

кыскарышына карабастан, алардын орточо түшүмдүлүүгү, дүң жыйымы жогорулаган. Муну төмөнкү таблицадан көрсөк болот.

Дан эгинин айдоо аянты, түшүмдүлүүгү жана дүң жыйымы[1]

(орточо эсеп менен). Таблица 1.

| | 1975 | 1980 | 1985 | 1985-жыл 1975-жылга салышт.% менен |
|---|---|---|---|---|
| Айдоо аянты (мин га) | 546.3 | 552.5 | 533.7 | 9.7 |
| Орточо түшүмдүлүүгү(ц.га) | 18.4 | 23.6 | 27.7 | 15 |
| Дүн жыйым (мин тонна) | 1037.8 | 1228.5 | 1400.1 | 13.4 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, дан эгиндеринин орточо түшүмдүүлүгү 1975-жылы гектарына 18.4 центнерди берген болсо, 1985-жылы бул көрсөткүч 27.7 центнерге жеткен, б.а., 15 %га өскөн. Ал эми дан эгиндеринин дүң жыйымы 1037 миң тоннадан 1400 миң тоннага же 13.4 %га өскөндүгүн көрдүк. Эгиндин жогорку түшүмдүүлүгү Ысык-Көл ( га 26.5 ц.), Түп (21.3 ц), Кант (21.9 ц) жана Москва (20.5 ц) райондорунун чарбалары алышкан. 1985-жылы сугат жерде күздүк буудайдын түшүмдүүлүгү бир гектардан 36.8 центнер алуу пландалган, бирок факты жүзүндө 41.4 ц.га буудай өндүрүлгөн[2].

Бардык чарбалар жогорку түшүмдөрдү алды деп айтуудан алыспыз. Себеби, жердин генетикалык составына, чарба жүргүзүү механизациясына жана биринчи бөлүмдүн биринчи параграфында биз санап өткөн кемчиликтердин натыйжасында, айыл чарба өсүмдүктөрүнөн республиканын бардык региондорунда бирдей түшүмдү алуу кыйын эле. Изилдеп жаткан этаптын кээ бир жылдары айыл чарбасы үчүн өтө ыңгайсыз болгон. Жаз кеч келүү менен абдан кургакчылык болуп айыл эмгекчилеринин эмгегин кыйындаткан.

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР за годы Советской годы. Стат. ежег. Фрунзе, 1986. -с. 95

[2]КР Мам. Стат. Ком. күндөлүк архиви. Ф 105., оп.2., д.472, лл. 45-46.

Тескөөчүлүктөн жана формализмден улам айыл чарбачылыгына багытталган эң мааанилүү чечимдер аткарылбастан калган. Айыл чарбасына жетекчилик кылууда өзүм билемдик терендөө менен практикада чарбалардын мамлекетке эгинди даярдоо планын жана сатуу иштерин жогорулатуусу гана эң маанилүү иш катары кала берген.

Айыл чарба продуктыларынын негизги түрлөрүн 1975-1985-жылдары өндүрүүнүн орточо жылдык көлөмү төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

(Чарбалардын бардык түрлөрүндө; миң тонна).[1] Таблица 2.

| | 1975 | 1980 | 1981 | 1982 | 1983 | 1984 | 1985 | 1985 ж. 1975 жылга салышт.,% |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| пахта | 201.6 | 206.6 | 177.0 | 78.2 | 52.9 | 68.6 | 57.8 | -28.6 |
| кант кызылча (фабр.) | 1799.9 | 955.9 | 812.1 | 203.9 | 346.7 | 228.0 | - | - |
| тамеки | 32.7 | 35.1 | 37.0 | 43.7 | 67.8 | 75.7 | 76.7 | 234 |
| картошка | 279.6 | 293.2 | 296.9 | 335.6 | 309.3 | 296.6 | 306.5 | 110 |
| жашылча чылык | 309.6 | 399.9 | 425.7 | 367.5 | 457.7 | 499.3 | 445.2 | 144 |
| багбанчылык | 82.7 | 85.9 | 82.5 | 70.0 | 84.7 | 93.5 | 86.3 | 104 |
| мөмө жемиш | 188.1 | 160.3 | 183.2 | 196.3 | 218.8 | 181.6 | 76.2 | -40 |
| жүзүм | 56.5 | 80.4 | 76.3 | 70.4 | 75.3 | 54.8 | 26.7 | -48 |
| сүт | 481 | 682 | 684 | 694 | 706 | 731 | 771 | 160 |
| Жумуртка (млн.даана) | 361.2 | 416.0 | 434.9 | 428.1 | 460.4 | 498.3 | 532.5 | 147 |
| жүн(физ. салмагы) тонна | 32082 | 34057 | 33488 | 35548 | 35188 | 363443 | 32500 | 101 |
| эт(салмагы) | 157.3 | 159.4 | 162.3 | 165.3 | 170.2 | 173.0 | 169.1 | 107 |

Дан эгиндери сыяктуу эле пахта дагы республиканын байлыгы болуп саналат. 2 таблицадан көрүнүп тургандай, 1975-жылга салыштырмалуу 1980-жылы пахтаны өндүрүү 201,6 миң тоннадан 206.6 миң тоннага жеткени менен 1985-жылы 57,8 мин тоннага чейин төмөндөгөн. Себеби, бул тармакта себүү иштерин өздөштүрүү, өсүмдүктөрдү ар кандай оорулардан жана оору козгогуч курт кумурскалардан коргоо, пахтанын сортун алмаштыруу сыяктуу

[1] Народное хозяйство Кирг.СССр в 1985 году. Стат.ежег.. –Фрунзе,, 1986, с.81.

эң маанилүү болгон уюштуруучулук жана технологиялык маселелер чечилген эмес. Ошондой эле мунун негизги себеби, которуштуруп айдоо болбогондуктан жыл сайын жалаң гана пахта айдаган жерлерде вильт оорусу пайда болгон. Натыйжада, пахтанын түшүмдүүлүгү жылдан жылга төмөндөп, акырындык менен аны өстүрүүнү аргасыздан азайтууга туура келген. Мындан сырткары КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин 1981-жыл 24-декабрындагы чечимине ылайык, республиканын пахта зоналарында жыттуу тамеки жана кант кызылчасынын үрөнүн өндүрүүнү кошумча көбөйтүү чарасына жараша пахта зоналарында тамекини өндүрүү иши каралган. 1982-жылдан баштап пахтанын айдоо аянттары кыскара баштаган. Пахтаны айдоо аянты 71.4 миң гектардан (1975-жыл) 28.4 миң гектарга (1985 жыл) чейин[1] ,б.а., 2.7 эсеге кыскарган.

Пахта негизинен Араван, Кара-Суу жана Ленин райондорунун территорияларында жайгашкан. Булардын үлүшүнө пахта аянтынын 90 %дан ашыгы туура келген.

Республиканын түштүгүндө пахта талааларында 1500 пахта жыйноочу машина иштеген. Алар тарабынан өстүрүлгөн түшүмдүн 43% жыйналган. Ал эми Социалистик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты болгон С.Ногоева тарабынан 242 тонна пахта жыйналган. Мындан сырткары Араван районунун ”Пахтачы” совхозунан механик-айдоочу Х.Шамурзаева 157 тонна, ушул эле райондун “Жданов” совхозунун Д.Рафикова 153 тонна пахта жыйнап алышкан[2].

Бирок биз бул көрсөткүчтөр менен пахтачылыкта механизациялоонун деңгээли жогору болгон деп бир беткей жыйынтык чыгара албайбыз. Айдоо оборотунун жана минералдык жер семирткичтерди чачууда туура системанын жоктугунан, пахтаны жыйноо механизациясынын төмөнкү деңгээлде болушу бир центнер продукциянын өндүрүү наркынын өсүшүнө

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе: Кыргызстан, 1986.- с.81.

[2] Тилекеев А. Аграрная политика КПСС в действии. -Фрунзе, 1985, с.140.

алып келген. Мисалы, совхоздордо бир центнер пахта 1970-жылы 33.14 тыйын болсо 1985-жылы 68.14 тыйын болгон[1].

Пахтанын сортунун төмөндөөсү мамлекетке карыздар болууга алып келген. Мисалы, атайын эсептөөлөргө караганда онунчу беш жылдыкта 30 млн. сомдук киреше алынбай калган[2] .

Кызылчачылык-дыйканчылыктын кант өнөр жайы үчүн сырье даярдоочу тармагы. Кант алуудагы негизги сырье-кант кызылчасы болуп эсептелет. Кант кызылчасын өндүрүү боюнча республиканын көпчүлүк колхоздору жана совхоздору өз убагында жана сапаттуу агротехникалык комплекстерди жүргүзүшкөн. Натыйжада, жакшы түшүмдөрдү алышкан. Бирок бул ийгиликтер 1975-жылга чейин гана болгон. Бул жылы республика кызылча өстүрүү боюнча чоӊ ийгиликтерге жетишкен. Кызылча аянты 48 миӊ гектарга жетип, 1779.9 миӊ тонна кант кызылчасын жыйналып алынган[3]. Кызылча себүүчү кээ бир чарбаларда жогорку түшүмдү алууга, өз убагында жана сапаттуу сугарууга, ар түрдүү оору козгогучтарга каршы күрөшүүгө тиешелүү көӊүл бурулган эмес. Натыйжада, көптөгөн плантациялар отоо чөптөргө басылып жок болгон, кызылча өсүмдүгүнүн тамыры чириген илдетке чалдыкан[1]. Мына ушундай илдеттин натыйжасында түшүмдүүлүгү жылдан жылга төмөндөп, аны өстүрүү кескин түрдө азайган. Өзгөчө 1981-жылы кант кызылча плантацияларында кызылча тамырынын чирик илдетке айлануусу курч алган. Илдетке чалдыккан өсүмдүктөрдүн жалпы саны 1980-жылы 10,8% болсо, 1981-жылы 14,4% чейин жеткен. Бул болсо кээ бир райондордо түшүмдүүлүктүн 80-90% төмөндөшүнө алып келген. Кызылчанын чирик илдетке чалдыгуусун изилдөө үчүн 14 комиссиядан турган окумуштуулардын группасы чакыртылган. Алар абалды анализдөө менен төмөндөгүдөй жыйынтыкка келишкен: 9-10 жылдан алмашып

---

[1] КР Мам.стат.ком.күндөлүк архиви Ф105, 33-оп., 4108-д., л.150.

[2] Досбол Нур уулу. Аталган чыгарма.- с.164.

[3] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.- с.81.

айдоодон кийин 2 талаадан ашык жерге себүүгө болбойт[2]

Эгерде, 1975-жылы 48 миң гектар кызылча аянты болсо, 1984-жылы 12.7 миң гектар болуп төмөндөгөн, ал эми 1985-жылы таптакыр кызылчаны айдоо токтотулган[3]. Кызылчанын ордуна жүгөрү айдоо каралган[4]. Бул боюнча республикада союздук органга кайрылып 6,3 миң гектар кант кызылча оруугa жүгөрү айдоо боюнча колхоз, совхозго үрөн жана зарыл болгон технологиялар менен жабдуу каралган. Республиканын айыл чарбасынын маанилүү тармактарынын бири болуп-тамеки өстүрүү эсептелет. Тамеки өстүрүү ишине көңүл бурсак, 2 таблицадан (61-бет.) көрүнүп тургандай, 1982-жылдан баштап тез темп менен өнүгө баштаган. Буга Кыргыз ССР Министрлер советинин 1982-жылы мартта кабыл алган ”Тамекини өстүрүү боюнча” токтому маанилүү роль ойногон. Тамеки өндүрүүнү көбөйтүү айдоо аянттарынын кеңейиши жана түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен жүргөн. Бул туурасында төмөнкү таблицага көңүл бурсак[5].

Таблица 3

| жылдар | дүң жыйымы-миң.ц | түшүмдүүлүк-1гект.ц |
|---|---|---|
| 1975 | 138 | 24.7 |
| 1980 | 150 | 21.1 |
| 1985 | 265 | 28.9 |

Демек, таблицадан көрүнүп тургандай 1975-жылга салыштырмалуу, 1985-жылы тамекинин дүң жыйымы 138 миң центнерден 265 миң ц. өскөн. 61-беттеги 2 таблицага көңүл бурсак, 1975-жылы 37 миң тонна тамеки өндүрүлгөн болсо, 1985-жылы бул көрсөткүч 76 миң тоннага чейин өскөн[6].

---

[1] КР БМА СД 56-ф, 202-оп., 99-д., 28-б.

[2] КР БМА СД 56-ф, 254-оп, 191-д, 18-б.

[3] Концепция формирования рыночных отношений и стабилизация экономики агропромышленного производства Республики Кыргызстан, -Бишкек, 1996, с.27-75., КР БМА СД, 56-ф., 240-оп.,15-д.,36-41-бб.

[4] КР БМА СД 56-ф, оп.254, 8-50, 131-б.

[5] Досбол Нур уулу. Аталган чыгарма.- с.165.

[6] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986, с.81.

Кыргызстан тамекини өндүрүүнүн түшүмдүүлүгү боюнча өлкөдө 1-орунда турган, ал эми өндүрүштүн жалпы көлөмү боюнча Молдавиядан кийин 2-орунда болгон.

Негизинен тамеки Ош, Жалал-Абад жана Талас өрөөндөрүндө өстүрүлгөн. Ош областына жалпы республикалык көлөмдүн үлүшүнөн 90%ы, Талас өрөөнүнө болсо 10 гана %зы туура келген. Алдыңкы райондор Ноокат, Өзгөн бир гектардан 30-34 центнер тамеки жалбырактарын алышкан. Бул тармакта негизги иштер кол менен жүргүзүлгөн. Тамекинин көчөттөрүн отургузуучу машиналар болгон эмес. Көп эмгекти талап кылган тамекинин жалбырагын жыйноо боюнча, машиналар чыккан, бирок алардын өндүрүмдүүлүгү төмөн болгон.

Республикада биз изилдеп жаткан жылдары картошканын айдоо аянтынын да көлөмү азайган. Эгерде, 1975-жылы 26.4 мин гектар картошка эгилген болсо, 1985-жылы 20.9 мин гектар жерге гана айдалган. Бирок, 2 таблицада көрүнүп тургандай, 1975-жылы 279 миң тонна картошка өндүрүлсө, ал эми 1985-жылы 306 миң тонна өндүрүлгөн, б.а., 27 миңге көп өндүрүлгөн. Эгерде, 1982-жыл менен салыштырсак 1985-жылы картошканы өндүрүү төмөндөй баштаганын көрөбүз. Мисалы, 1982-жылы 335.6 миң тонна өндүрүлгөн болсо, 1985-жылы 306 миң тонна гана болуп калган, б.а., 29 миң тонна картошка аз өндүрүлгөн. Себеби, картошка себүүдө да пахта, кант кызылчасы сыяктуу эле көрүнүштөр орун алган. Алсак, жылыга бир орунда айдалганына байланыштуу картошканын үрөндөрү да чириген илдетке айланып, кээ бир чарбаларда себүү иши токтотулган.

Республика бакча өсүмдүктөрүн жана жүзүмчүлүктү өндүрүү боюнча уникалдуу жер кыртышына жана климаттык шартка ээ. Ушуга байланыштуу мөмө жемиш жана жүзүмдү өндүрүү боюнча ири өндүрүүчүгө айлануу мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок, 80-жылдардын ортосунда “Аракечтикке жана масчылыкка каршы күрөшүү” боюнча мамлекеттин чечимдерин ишке

ашырууда көп кыйроолорго дуушар болгон. Эгерде, 1980-жылга чейин 80 миң тонна жүзүм өндүрүлгөн болсо, 1985-жылы араң гана 27 миң тонна өндүрүлгөн[1] (таблица 2, 61-бет) б.а., 48 %га төмөндөгөн.

Жүзүмчүлүк айыл чарбасынын капиталдык салымды көп талап кылган тармак. Мисалы, түшүм берип жаткан 1гектар жүзүмзарга жылына 120 күн адам күчү жумшалат. Ошол эле мезгилде жүзүм абдан кирешелүү тармак. Бир катар чарбаларда жалпы аянттын 10-15%ын ээлеген жүзүмзардан чарбанын жалпы кирешесинин 50-80 %зы алынган[2].

Өнөр жайдын өнүгүшү менен шаар калкынын санынын көбөйүшү менен республикада жашылчачылык проблемасы курчуган. Натыйжада, жашылча өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн айдоо аянттары кеңейтилген. Эгерде 1975-жылы 13.8 миң гектар болгон болсо, 1985- жылы 18.4 миң гектарга жеткен[3]. Ушуга байланыштуу аны өндүрүү да жогорулаган. Мисалы, 1975-жылы 309 миң тонна жашылча өндүрүлгөн болсо, 1985-жылы 445 миң тоннага жеткен (2 таблица, 61-бет.).

Жашылча өндүрүү багытында да бир топ кемчиликтер орун алган. Маселен, аны жыйууда, өзгөчө сактоодо жана бир жерден экинчи жерге жеткирүүдө. Жашылча өсүмдүктөрүн жыйып алуудан баштап аны керектөөчүлөрдүн пайдалануусуна чейин расмий маалыматтар боюнча алардын 20-25 %га чейинкиси жоготууга учураган. Ал эми тез бузулуучу жашылчалардын жоготууга учуроосу 30-40 %ды түзгөн. Мындай жоготууларга учуратуунун негизги себептери: биринчиден, өндүрүүчүлөрдүн продукциялардын сапатын жогорулатууга жана уруntук болуп бузулууларды кетирбөөгө материалдык кызыкчылыктарынын натыйжалуу системасынын жоктугу; экинчиден, сактоо технологиясынын, сактоочу жайлардын көзөмөлдөө приборлору менен начар жабдылышы, о.э сактоочу жайлардын

---

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. -Фрунзе, 1986, с. 81.

[2]Айыл чарба энциклопедиясы. Т.1, 240-б.

[3] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Ста.ежег. –Фрунзе, 1986.-с. 91.

курулушундагы кемчиликтер (жылуулук жана гидроизоляциялардагы дефектилер).

Онунчу беш жылдык жылдары республиканын чарбаларында жашылча, картошка, багбанчылык өсүмдүктөрүн, жүзүм жана жемиштерди өндүрүүнү жогорулатуу боюнча белгилүү бир иштер жасалган. Натыйжада, мамлекеттин сатып алуулары, жалпы союздук фондго бул продуктыларды тапшыруу, шаар калкын, өнөр жай борборлорун камсыз кылуу боюнча пландар аткарылган. Онунчу беш жылдык мезгилинде республика боюнча 1698 миң тонна жашылча (109%) 389.4 миң тонна бакча өсүмдүктөрү (115%) 332.5 миң тонна картошка өндүрүлгөн. Мамлекеттин сатып алуулары боюнча план: жашылчалар боюнча- 123 %га, бакча өсүмдүктөрү - 105, жүзүм - 106, мөмө – жемиштер - 101, картошка-110%га аткарылган. Пландан сырткары мамлекетке 228 миң тонна жашылча, 35 миң тонна картошка, 12.5 миң тонна жүзүм, 11миң тонна бакча өсүмдүктөрү сатылган[1]. Ал эми он биринчи беш жылдыктын мезгилинде айыл чарба өсүмдүктөрүнүн бардык түрлөрү боюнча пландар аткарылган эмес. Республиканын чарбалары мамлекетке дыйканчылык өсүмдүктөрүн сатуу боюнча 58 миллион сомго карыз болуп калган[2].

Айыл чарба продуктыларын сактоодо, транспортировка кылууда кетирилген кемчиликтерге байланыштуу ал калкты азык - түлүк менен камсыз кылууну жакшыртууда товардык ресурстардын төмөндөөсүнө алып келген, кээ бир учурларда ал түгүл сапатсыз продуктыларды дүкөнгө алып келген, о.э. аларды малга берген учурлар да кездешкен[3].

Республикада биз изилдеп жаткан жылдары жүгөрү өстүрүүгө чоң көңүл бурушкан. Анткени, баарыбызга маалым болгондой, жүгөрү өстүрүү менен мал чарбачылыгынын тоют базасын чыңдоого мүмкүндүк түзүлөт. Ушуга байланыштуу силос багытындагы жүгөрүнүн айдоонун аянты эгерде 1975-

---

[1] КР БМА СД 56-ф, 247-оп., 27-дело, 11-б.

[2] Ошондо эле, 27-дело, 11-б.

[3] Ошондо эле, 235-оп., 61-дело, 46-б.

жылы 77.9 миң гектар болсо, 1985-жылы 97.2 миң гектарга жеткен[1].1982-жылдан баштап жүгөрүнү интенсивдүү технология боюнча өндүрө баштайт. Мындай ыкманын киргизилиши жогору, туруктуу түшүм алууга мүмкүндүк берген.

Мал чарбачылыгынын азыктуулугун арттыруу үчүн жыл бою малга керектүү өлчөмдөгү чөп, жем, чыктуу тоюттар менен камсыз болушу керек.

Биз изилдеп жаткан жылдары Кыргызстандын чарбаларында тоюттарды өндүрүү бир канча жогорулаган. Эгилме тоют өсүмдүктөрү республиканын мал чарбачылыгынын чын тоют базасын түзүп, колхоз- совхоздордо алардын аянты жыл сайын кенейген. 1979-жылы бул өсүмдүктөр 536 мин га , ал эми жемдик өсүмдүктөр менен бирге 800 мин га жакын же айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянтынын 60%ын ээлеген. Республикада беде, эспарцет, кашка беде ж.б. өсүмдүктөр айдалган. Мөмө тамырлуу өсүмдүктөрдөн – тоют жана кант кызылча, картошка, силостук өсүмдүктөрдөн – жүгөрү, күнкарама, тоют маш буурчагы; жемдик өсүмдүктөрдөн арпа, сулу өстүрүлгөн. Көп жылдык чабынды чөптөрдүн көбү беде менен эспарцет(98-99%) болгон. Беде көп таралган жана түшүмдүү келген.Республиканын түндүк райондорундагы сугат жерлерде 4 жолу, түштүгүндө 5 жолу чабылган. Беденин 2 жергиликтүү сорту райондоштурулган: Түштүк Кыргызстанда – Өзгөн, түндүгүндө Токмок сорттору өстүрүлгөн.

Тоюттун сапаттуу болушу үчүн ар кандай чөптүн түрлөрү жана сорттору ар кандай климаттык шартка карата окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан. Мисалы, ар түрдүү тоют чөптөрүнүн 17 сорту чыгарылган. Өз кезегинде беденин “Токмок” деген сортунун уругун республиканын 100 чарбасына жана Германияга сатып[2], көптөгөн пайдалар алынган. Ошондой эле чыгарылган чөптүн сорту жакшы сакталып, айдалма көп жылдык чөп

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.- с. 91.

[2] Кыргыз Туусу, - 1996, - 26-июль.

чабындыларынын аянты 410 миң гектарга жеткен. Кыргызстандын шартында айыл чарба жерлеринин 85%дан көбүн табигый жайыттар түзөт. Табигый жайыттар мал чарбачылыгы үчүн бардык тоюттардын жарымын, ал эми тоолуу райондордо-80%га чейинкисин берген. Бирок он биринчи беш жылдыктын жылдары малдын жыштыгына жана аны системасыз колдонууга байланыштуу анын өндүрүмдүүлүгү төмөндөгөн. 1985-жылы 9 миллион гектар табигый жайыттын 1.8 миллион гектары деградацияга дуушар болгон. Ал эми 3 миллиондон ашыгы зыянга учураган, 1 миллионго жакыны таштак болгон, б.а., жайыттардын 60% жараксыз болуп, колдонууга мүмкүн болбой калган. Ал эми жайыттардын калган бөлүгүндө болсо түшүмдүүлүк 2 эсеге төмөндөгөн. Тоют даярдоодо өлкөнүн башка республикалары жана областтары сыяктуу Кыргыз Республикасы дагы сын пикирге дуушар болгон. 1982-жылга салыштырганда 1983-жылы Ош областы -139 мин тоннага, Ысык-Көл областы-22,5, Нарын-5,0, Кемин району-14,1, Калинин-17,4, Кант-10,6 мин тоннага артта калган. Мындай абал узакка созулган жаздын болушу жана тез ысык абага өтүшү, кургакчылык жана сугат суусунун аз жетишсиз болушу жана эн негизгиси уюштургуч иштердин начар болушу менен байланыштуу болгон[1].

Республиканын айыл чарбасынын негизги тармактарынын бири-мал чарбачылыгы. Мал чарбачылыгына дүң продукциянын структурасынан

62 % жана товардык продукциянын 51%дан ашыгы туура келген[2]. Изилденип жаткан жылдары республикада малдын жана бакма канаттуулардын саны өскөн. Бул туурасындагы маалыматты төмөнкү таблицадан көрсөк болот:

Малдын башы жана бакма канаттулардын саны бардык чарбалар боюнча

[1] КР БМА СД 56-ф, 254-оп, 153-д, 100-б.

[2] Концепция формирования рыночных отношений и стабилизация экономики агропромышленного роизводства Республики Кыргызстан. -Бишкек, 1986.- с.65.

(Жылдын аягына, миң баш)[1].Таблица 4.

| жыл | ири мүйүз мал | 1975 салыш % м/н | анын ичинд. уйлар | 1980ж салыш 1985ж % м/н | Кой лор | 1985ж салыш 1985ж % м/н | чочко | 1975ж салыш % м/н | жылкы | 1985ж % м/н | бакма канат-туулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1975 | 941.7 | 100 | 366.1 | 100 | 9654.1 | 100 | 215.5 | 100 | 65.3 | 100 | 7845.3 |
| 1980 | 982.0 | 104 | 384.1 | 104 | 9824.6 | 101 | 335.8 | 155 | 58.5 | 97 | 0295.9 |
| 1981 | 1002.6 | 106 | 395.1 | 108 | 10011.6 | 104 | 330.0 | 153 | 62.7 | 99 | 0548.9 |
| 1982 | 1013.0 | 107 | 403.4 | 110 | 9934.1 | 103 | 309.3 | 143 | 66.8 | 101 | 10707.5 |
| 1983 | 1036.4 | 110 | 415.4 | 113 | 10104.4 | 105 | 317.9 | 147 | 70.8 | 102 | 11586.6 |
| 1984 | 1056.1 | 112 | 422.9 | 115 | 10127.6 | 105 | 322.8 | 149 | 80.6 | 106 | 12007.5 |
| 1985 | 1110.0 | 118 | 426.9 | 117 | 9838.0 | 102 | 349.3 | 162 | 76.5 | 104 | 12394.1 |

4 таблицадан көрүнүп тургандай, өсүш бар. Малдын башы жана бакма канаттуулардын саны канчага өскөндүгү тууралуу ар бирине өзүнчө токтололу. Бизге белгилүү болгондой, Кыргызстандын шартында кой чарбачылыгы айыл чарбасынын экономикалык жактан маанилүү тармактарынын бири болуп саналат. Өзгөчө бийик тоолуу райондордо кой чарбачылыгынын ролу чоң. Анткени, ал сатылган продуктылардан түшкөн бардык кирешенин 90% түзөт. Кой чарбачылыгына колхоздор менен совхоздордун бардык кирешесинин 34% туура келген. Бул тармактын мындай жакшы өнүгүүсүнө арзан, кеңири масштабдагы жайыттардын болушу шарт түзгөн. Анткени, мындай жайыттар айыл чарбасына тиешелүү болгон аянттын 83 пайызын түзөт[2]. Арзан жайыттарды кенири пайдалануу аз каражат жумшап, азык–түлүктү (жүн, эт) көп алууга мүмкүндүк берген.[3] Кыргызстанда уяң жүндүү кой чарбачылыгы жакшы өнүккөн. Алардын саны 1985-жылы 8.185 миллион баш болгон, 27.2 миң центнер уяң жүн мамлекетке

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежегодник. –Фрунзе:Кыргызстан, 1986.-с.102.

[2] Осмонов О.Ж. Кыргызстандын айыл-кыштактарынын социалдык турмушу (1966-1985жж). -Бишкек, 1994.- 84-б.

[3] Ошондо эле.

сатылган[1]. Кыргызстан койдун саны жана жүн алуу боюнча өлкөдө РСФСР, Казахстандан кийинки 3-орунда турган.

Кой чарбачылыгын өнүктүрүүдө Т.Акматов, Ш.Санжаров, З.Бейшекеева, Ташполот Акматов, Р.Жапышев сыяктуу чабандар зор салым кошушкан. Жетишилген ийгиликтер үчүн 40 чабан Социалистик Эмгектин Баатыры деген наам алган.

Колхоз-совхоздорго көз каранды болбой өз күчтөрү менен тоют даярдаган чабандар да кездешкен. Алсак, Ноокатагы №44 жылкы заводунан Ташполот Акматовдун бригадасы беш короо койду чөп, силос, башка тоюттар менен өздөрү камсыз кылышкан.

Республикада 1-ирилештирген кой чарба бригадасы Т.Акматов тарабынан түзүлгөн. Ал Тон районундагы XXII-партсьезд атындагы колхоздун баш чабаны, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры. Т.Акматов өзүн интенсивдүү кой өстүрүүнүн новатору катары көрсөткөн. Бригада түзүлгөн, биринчи жылында эле ар 100 тубар койдон 140тан козу алган[2]. Эгерде, 1981-жылга чейин болгону 6 ирилештирген чабан бригадалары иштеген болсо, 1984-жылы-102, 1985-жылы-123 бригада иштеген.

Изилденип жаткан жылдары 4 таблицадан көрүнүп тургандай, койдун саны он миллионго чейин жеткен. Койдун санын гана өстүрүү менен чарба кызматкерлери, республиканын жетекчилери алардын азыктуулугуна, жүндүн сапаттуулугуна, эттүү болушуна көңүл бурушкан эмес. Натыйжада, булар төмөндөө процессинде болгон. Себеби, тоют, жайлоо жетишсиз боло баштаган. Маселен, койдун этин өндүрүү 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы 59 миң тоннага төмөндөгөн.

Бүтүндөй республика боюнча 1980-жылы бир койдон орточо жүн кыркып алуу 3,2 киллограмды көрсөткөн чекти түзгөн. Көп чарбаларда,

---

[1]Осмонов О.Ж. Аталган чыгарма. -Бишкек, 1994.- 84-б..

[2] Кыргызстан айыл чарбасы. 1987. №1. 6-б.

өзгөчө Ысык-Көл жана Талас областтарынын чарбаларында, Аламүдүн жана Калинин райондорунун чарбаларында жүн кыркып алуу ондогон жылдар бою бир денгээлде калган.

Ошондой эле дарылоо, санитардык пунктардын иш жүргүзүүсү жетишсиз болгондуктан, начар, оорулуу малдын саны да арбын болгон. Натыйжада, кондициялуу эмес, арык, салмагы аз болгон малды эт комбинаттарына өткөрүү учурлары да кездешкен. Койдун санынын өсүшүнө карабастан, анын сапаттуулугу эмне себептен төмөн болду? Биринчиден, койдун саны менен анын тоют базасынын дал келбеши; экинчиден, табигый тоют жайыттарынын эрозияга дуушар болуусу. Тескөөчүлүк-акимчилик системада бул тенденцияга көңүл бурулган эмес. Натыйжада 80 – жылдардын башында биринчи жолу кой чарбачылыгы зыяндуу тармакка айланып, көптөгөн колхоздор жана совхоздор мамлекеттик карызга баткан. Ал эми СССР таркагандан кийин, КМШ өлкөлөрүнүн түзүлүшү менен рынок экономикасына өтүүнүн натыйжасында колхоз, совхоздор жоюулуп, чарба жүргүзүүнүн ар кандай формалары пайда болду. Өлкөдөгү жалпы кризистен улам 10 миллиондогон койлордун саны кескин азайды. Мурда койдун туяктарына кор болгон жайыттар ээн калды. Рынок экономикасынын шартында койдун санын гана эмес сапаттуулугун жогорулатуу курч маселеге айланды.

Мал чарбачылыгынын маанилүү тармактарынын бири-уй чарбачылыгы. Изилденип жаткан жылдары уйдун саны 366 миңден 426 миңге чейин көбөйгөн. Ала-Тоо, Олуя-Ата тукумундагы уйлардын асыралышына байланыштуу, алардын өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. 1980-жылдары бул тукумдагы уйлардын саны 4600 баш болуу менен ар бир уйдан 2800-3200 кг дан сүт саалып алынган[1]. Ар бир уйдан сүт саап алуу 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы жогорулаган. Эгерде,

1 Айыл чарба энциклопедиясы. -Фрунзе, 1990, т.2, 314-б.

1975-жылы 2351 кг сүт саалып алынса, 1985-жылы 2808 кг[1] жеткен же 119.4%га өскөн. Ал эми этти мамлекетке өндүрүү боюнча уй эти 1975-жылга караганда 109%га жогорулаган, б.а., 1985- жылы 56 миң тонна эт өндүрүлгөн.

Мындан сырткары да бул тармакта да чечилбей жаткан проблемалар болгон. Маселен, сүт-товар фермаларында бруцеллез оорулары менен күрөшүүдө. Бул багытта көптөгөн чечимдер кабыл алынган. Эгерде, 1978-1980-жылдары бруцеллезго каршы комплекстүү пландагы иш чараларды жүргүзүүнүн натыйжасында, болгону 42 гана сүт-товар фермасы оңолсо, ошол эле мезгилде бруцеллезго чалдыккан жаңы 50 ферма пайда болгон. Мындай оорунун таркалышынын негизги себептеринин бири - бул чарба жетекчилеринин сүттү өндүрүү планын аткара албай калабыз деп, ооруга чалдыккан уйду изоляторго жөнөтпөстөн, кармап турушунда болгон. Кээ бир учурларда мындай илдеттеги уйлар этке дагы төгүлүп кеткен[2] Мындан сырткары илдети бар малдар жайытка чыгарылышы менен таза малга, жеке менчик малдарга дагы оору жуктурушкан.

Негизинен сүт өндүрүүгө адистешкен чарбаларда бул маселелер жакшы жолго коюлган, натыйжада, саан уйлардын өндүрүмдүүлүгү республика боюнча 1.5 эсеге жогору болгон. Мындан сырткары сүт саап алуу боюнча мыкты саанчылар да чыгышкан Мисалы, Сокулуктагы тажрыйба чарбасынын алдыңкы саанчысы Т.И.Брагина, Аламүдүн районунун ”Стрельникова” атындагы асыл тукум заводунан К.Е.Герги ж.б. жылыга бекитилген ар бир уйдан 5.500-6.500 кг дан сүт саап алып турушкан. Мындан сырткары сүт саап алууда Ысык-Көл областынын Ак-Суу районунун 1-май колхозунун саанчысы, Социалисттик Эмгектин Баатыры Довгальдын да салымы чоң. Ал 1980-жылы ар бир уйдан 5400 кг сүт саап алып, музоосун аман асыраган.

---

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.- с.83.

[2] КР БМА СД 56-ф, 202-оп, 30-д., 24-26-бб.

1985-жылы өзүнө бекитилген 23 уйдун ар биринен 5290 кгдан сүт саап алган. 3 Ленин, Октябрь революциясы ордендери жана медалдар менен сыйланган.

Калкты эт, сүт, тери жана унаа менен камсыз кылуучу маанилүү тармактардын бири-жылкы чарбачылыгы. Адам баласы эң байыртадан эле жылкы тукумун жакшыртып, жылкынын жаңы тукумдарын чыгарып келген. 1930-жылы дүйнөдө 120 млн., СССРде 32.6 млн. жылкы болгон. Кийинчерээк айыл чарбасын механикалаштырууга жана автомобиль транспортунун өнүгүшүнө байланыштуу жылкынын саны 2 эсе азайган. Механикалаштыруу менен жылкынын саны 2 эсе азайганбы же админстративдик - буйрукчул жетекчиликтин натыйжасы болгонбу? Мал чарбачылыгынын бул түрү 50-жылдардын экинчи жарымы 60-жылдардын биринчи жарымында админстративдик - буйрукчул системанын натыйжасында эң чоң кыйроого дуушар болгон. "Эгерде, 1940-жылдары республиканын айыл кыштактарынын ар бир экинчи түтүнүнө кулундуу бээ туура келсе, 1962-жылы он үч түтүнгө араң 1 бээ туура келген"[1]. Ал эми биз изилдеп жаткан жылдарда жылкылардын саны өскөндүгү 70 – беттеги 4 таблицадан көрүнүп турат. Эгерде, 1975-жылы 265.3 миң баш болсо, 1985-жылы 276.5 миң башка көбөйгөн,б.а. 104% га өскөн.

Бийик тоолуу райондордо малчылардын унаа күчү катары пайдаланылган болсо, кийинчерээк үйүр-үйүр кылып багуу менен дарылык касиети бар кымыз ачытыла баштайт. Натыйжада, кымыз фермалары ишке киришкен. Кыргызстанда "Чоң Кемин", "Сан-Таш", "Шамшы" совхоздорунда, Ильич, Стрельникова атындагы асыл тукум мал заводдорунда, №53 жана №54 жылкы заводдорунда кымыз даярдалган. Айрым чарбаларда (№54 жылкы заводу, Стрельникова атындагы асыл тукум мал заводу) бээ электр саагыч машинасы менен саалган о.э. бөтөлкөгө

---

[1] Концепция формирования рыночных отношений и стабилизация экономики агропромышленного производства Республики Кыргызстан. -Бишкек, 1993.- с.40.

куюлган кымызды узак убакыт сактоо технологиясы иштелип чыгып, өндүрүшкө киргизилген.

Бирок, чарбалардын баарында эле иш жакшы жолго коюлган эмес. Чарбалардын басымдуу көбү эч негизсиз эле жылкылардын санын кыскартып жиберишкен. Он биринчи беш жылдыкта Нарын областында унаа жана мингич аттардын 20 миңи жоюлган. Ушундай эле абал Ош, Ысык-Көл областтарында кездешет. Эгерде, 1975-жылы 11 миң тонна жылкы эти өндүрүлсө, 1987-жылы жылына 6 миң тонна өндүрүлгөн. Жылкы этин өндүрүү Талас, Ысык-Көл областтарында, Чүй өрөөнүндө да төмөндөп кеткен. Ошентип, республикада эттин бул түрүн өндүрүү IX беш жылдыкка караганда он биринчи беш жылдыкта 7 %га кыскарган[1].

Төл алуу жагын карасак, көптөгөн чарбалар жана жылкычылар жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Мисалы, Оргочор тажрыйба чарбасынын жылкычысы К.Усөналиев ар жүз бээден 84, Чаткал районундагы “Карыш-Кыя” совхозунун жылкычысы А.Кубатов жана Т.Токторбаев 82ден кулун алышкан, кымыз даярдоону көбөйтүшкөн. Ушундай ийгиликтерди Тоң районундагы Ленин атындагы колхоздун ”Коңур-Өлөң” совхозунун жылкычылары жаратышкан. Табигый климаттык бирдей шартта жайгашкан Түп районундагы СССРдин 50-жылдыгы атындагы, Ленин Комсомолу, К.Маркс атындагы колхоздору, Ак-Суу районундагы "Дзержинский", 1-май колхоздору ар жүз бээден 15-27ден кулун алууга араң жетишкен. Кээ бир чарбаларда жылкыны чарба жетекчилери өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланышкан учурлары да кездешет. Мисалы, 1985-жылы чарба жетекчилери тарабынан 4.4 миң баш жылкы жок кылынган, аларга эч кандай чара көрүлгөн эмес[2].

Айыл чарбасынын механикалаштырылганына карабастан, жылкыларды чарбалык иштерде кеңири колдонушкан. Анткени, кубаттуу техниканы кичине жумуштарга колдоно бербей, кыска аралыкка жүк ташууда, чакан

---

[1] Кыргызстан айыл чарбасы . 1987, №5.

[2] КР БМА СД 56-ф, 170-оп, 8-д., 142-б.

аянтты айдоодо, өздүк чарбактарда күч унаа катары колдонулуп келген. Бул өз учурунда куйуучу жана майлоочу майларды сарамжылоого мүмкүндүк берген. Экономикалык эсептөөлөр көрсөткөндөй, жылкыларды чарбада пайдалануудан өлкө 4 млн тонна, республика 250 миң тонна нефти-продуктыларын үнөмдөп калган. Демек, бул тармактын кайтарымдуу экендиги көрүнүп турат.

Ал эми бүгүнкү күндө айыл чарба техникаларынын жетишсиздигинен улам жылкылардын мааниси өтө чоң болууда. Ошондуктан, азыркы шартта жылкыларды көбөйтүү зарылчылыгы келип чыкты.

Чочко чарбачылыгы республикада негизинен өрөөндүү зоналарда, орус калктары жайгашкан жерлерде Чүй, Ысык-Көл областынын райондорунда жана бир аз Талас областында өнүккөн. Биз изилдеп жаткан жылдарда чочконун саны көбөйгөн. Мисалы, 70 – беттеги 4 таблицада көрүнүп тургандай, 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы 102 %га өскөн. Ал эми этти өндүрүү боюнча 1983 жылы эң жогорку көрсөткүчкө(28.7 миң тонна) жетишкен. Кийинки жылдары төмөндөөдө болуу менен 23.0 миң тоннага түшкөн[1] .

Бакма канаттуулар тармагы да 1975-1985- жылдарда 70 –беттеги 4 таблицада берилгендей, жакшы өсүштө болгон. 1975-жылга салыштырмалуу 157.9 % га өскөн. Негизинен Кара – Суу, Жалал - Абад, Сокулук, Аламүдүн райондорунда багылган. Бакма канаттуулар багытында механикалаштыруу иши жакшы жолго коюлган. Бул туурасында биринчи бөлүмдүн биринчи параграфында айтып өткөнбүз.

Мал чарбачылыгында бордоп байлоонун алдыңкы методдорун жайылтуунун натыйжасында чарбаларда ири мүйүздүү малдардын орточо салмагы өскөн. Бирок өндүрүштө жетишилген ийгиликтер негизинен экстенсивдүү факторлордун, б.а., бардык чарбаларда малдын санынын өсүшү менен байланыштуу болгон. Бул болсо мал чарба жайларын курууну, тоют

[1] Народное хозяйство Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.-с.105.

өндүрүүнү көбөйтүүнү о.э. тейлей туруучу адистерди ж.б. көбөйтүүнү талап кылган. Мал чарба продукцияларын эң көп өндүрүү бул тармактын интенсивдүү өнүгүүсү менен гана камсыз боло тургандыгын тажрыйба көрсөттү.

Бирок кетирилген кемчиликтерге карабастан, жылдан жылга мамлекеттик даярдоо пункуттарга багытталган дыйканчылык жана мал чарба продукцияларынын айрымдарынын көлөмү өскөн. Бул туурасында төмөнкү таблицага көңүл бурсак:

Айыл чарба продуктыларын мамлекеттин сатып алуулары.

(бардык категориядагы чарбаларда; миң тонна)[1]. Таблица 5.

| | пахта | кант кызылча | кар-тошка | жашыл чаачылык | тамеки | жүзүм | мал жана бакма канат-туулар | сүт | жумуртка, млн., даана | Жүн (таза була кайра эсепт. ) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1976-1980 | 208.4 | 1402.9 | 78.8 | 247.7 | 33.8 | 43.8 | 208.3 | 410.6 | 248.9 | 17162 |
| 1981-1985 | 86.9 | 355.3 | 66.2 | 318.4 | 60.2 | 42.2 | 220.1 | 460.1 | 300.0 | 18169 |

Биз изилдеп жаткан жылдарда пахтанын жана кант кызылчанын илдетке дуушар болгондугу тууралуу бул параграфтын баш жагында айтып өткөнбүз. Ошол илдетке байланыштуу аларды мамлекеттин сатып алуулары онунчу беш жылдыкка салыштырмалуу он биринчи беш жылдыкта төмөн болгон. Ал эми айыл чарба продукцияларынын башка түрлөрүн онунчу беш жылдыкка салыштырмалуу он биринчи беш жылдыкта мамлекеттин сатып алуулары өскөндүгү 70-беттеги 4 таблицадан көрүнүп турат.

Жогоруда биз алдыңкы чабандардын, саанчылардын эмгек жолдорундагы ийгиликтерге, жетишкендиктерге күбө болдук. Бирок булардын эмгек даңктары бир жагынан сыймыктануу менен, экинчи жагынан ишенбөөчүлүк менен коштолгон. Анткени, реалдуу жашоонун көпчүлүк шартында жогорудагы категориядагы эмгекчилердин эң алдынкы

жетишкендиктери мүмкүн эмес деп эсептелет. Мисалы, ошол эле жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен чабандын же саанчынын жардамчылары бар. Алар жалгыз өздөрү гана ошол ийгиликтерге жетишкен жок да. Ал эми справкаларды, газета, журналдарда макала даярдоочулар алдыңкылардын жетишкендиктери өтө эле "эсте каларлык" болгонду каалашкан. Ошондуктан, справкаларда, отчеттордо алардын жардамчыларынын аты көрсөтүлгөн эмес. Мына ушундай таксыздыктан улам бүгүнкү күндө талаш тартыштар, ишенбөөчүлүктөр болуп жатат.

Ошентип, 70-80-жылдары бийиликтин эң жогорку эшалонунда гана эмес, кооомдук жана чарбалык турмушта "кандайдыр бир өзүнчө" сыйынуучулук бекемделген. Бардык жерде, бардык деңгээлде-жумушчудан министрге чейин "кичинекей башчылар"; лидерлер өсүп чыккан. Көпчүлүк эмгекчилердин өздөрүнүн атактуу "рекорддорунда" жаңы гана жетишкенине карабастан журналисттер, экономисттер, тарыхчылар, публицисттер аларды эң жогорку бийиктиктерге көкөлөтүп жиберишкен. Совхоздун жумушчулары, колхозчулар жана көкөлөтүп мактоого жетишкен рекордсмендер өздөрүнчө бөлөк жашагандай болуп калган.

Чынында изилдөөдө көрсөтүлгөн маалыматтар статистикалык жыйнактардан алынган жана эч кандай күмөн болбош керек. Бирок, сенектик жылдары болуп өткөн жаратылыш кырсыктары: кургакчылык, үшүк жүрүүлөр, сел алуулар өндүрүштүн өсүшүнө, анын динамикасына эч кандай таасир этпеген сыяктуу көрүнөт. Мындан сырткары өндүрүштүк пландар стабилдүү түрдө болгон эмес, алар жыйнап баштагандан бүткөнгө чейин өзгөрүүдө болуп турган: план, кошумча план; милдеттенме, кошумча милдеттенме; милдеттенмелерди

Жогорулатуу - бул куру бош чакырыктардын баары колхозчуларды, совхоздордун жумушчуларын миң баш болгон (эмне кыларын билбеген) абалга алып келген. Ал эми өздөрүнүн ээлеген абалынан кол жууп каларынан

---

[1] Народное хозяйство Кирг. ССР в 1985году. Стат. ежег. с. 85-86.

корккон жетекчилер планды аткарбай калуу абалынан чыгуу үчүн мамлекетти алдоо менен кошуп жазууга барышкан. Адамдык сезим, алардын керектөөлөрү, кам көрүүлөрү чарба жетекчилердин, дегеле бийлик бутактагылар тарабынан жеңиштүү рапортторго, чексиз алкыштардын каражатына айланган, жаап жашыруулар, кошуп жазуулар иштин чыныгы абалын көмүскөдө калтырган. Башкаруунун ар кайсы звенолорунда жетекчиликтин туура эмес стили калыптануу менен эмгек жыйынтыктарына болгон кызыкчылыктардын төмөндөөсүнө алып келген. Ошондой эле адамдардын акыйкаттуулукка болгон ишенимдерин жоготкон. Ошентип, өткөндүн оор жүгү бүгүнкү күндө биздин өнүгүбүзгө тоскоолдук кылып жатат.

Демек, биз жогоруда караган таблицалардан көрүнүп тургандай, изилденип жаткан мезгилде эч кандай кризис болгон эмес. Бирок, директивалык пландаштыруунун, буйрукчулук системанын кесепеттери чоң жоготууларга алып келген. Биринчиден, айдоо жердин койдун санын негизсиз көбөйтүүнүн натыйжасында эрозияга учурашы. Экинчиден, жайыттардын такырга айланышы, анын себебинен койлордун эттүүлүгүнүн төмөндөшү, сел жүрүүлөрдүн көбөйүшү. Үчүнчүдөн, монокультуранын кесепеттери: пахтанын вильт оорусу, кызылчанын “тамыр чирүүсү”, пахта менен кызылчанын өзүнө турган наркынын өсүшү. Төртүнчү, планды аткаруу үчүн жашылча, пахта, тамеки аянттарынын колхоз, совхоздордун мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан, кескин кеңейтилиши жана окуучуларды, студенттерди, шаардыктарды “жардамга” жөнөтүү. Бул болсо окууга, өнөр жай өндүрүшүнө залал келтирген. О.э. продукциянын өзүнө турган наркын өстүрүүгө алып келген. Бешинчи, аракечтикке каршы күрөшүүнүн натыйжасында жүзүмчүлүктү жокко чыгаруу ж.б. Алтынчы, жеке кызыкчылыкты эсепке албоонун натыйжалары.

## 2.2. Сарптоо механизми жана өндүрүштүн коомдук секторунун

**рентабелдүүлүгүнүн төмөндөөсү**

Изилденип жаткан мезгилде айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун жогорулатуу чарбалык жана экономикалык эң маанилүү милдеттердин бири болуп саналган. Бул маселе азыркы учурда да күн тартибинде турат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугунун деңгээлин аныктоочу маанилүү экономикалык факторлор болуп продукциянын наркы жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгү эсептелет.

Өздүк нарк нарктын негизги составдык бөлүгү болуу менен продукцияны өндүрүү процессинде калыптанган өндүрүштүк категория болуп саналат. Өндүрүштүн ар кандай процессинде 3 маанилүү элемент: эмгек предмети, эмгек каражаты (куралы) жана жумушчу күчү катышат. Мына ушул 3 элемент кайрадан өндүрүлгөн продукциянын наркынын жана өздүк наркынын калыптануусуна ар түрдүүчө катышат. Эмгек предмети, эмгек куралы наркты, ошондой эле өздүк наркты түзбөйт, анткени, нарк тигил же бул продукцияны өндүрүүгө кеткен абстрактуу адам эмгегинин ишке ашуусу. Бирок, эмгек предметин жана куралын түзүүгө мурдатан эмгек жумшалган, ошондуктан жумшалган эмгек кайсыл продукцияны өндүрүүгө катышса, ошол продукциянын чыгымын эсептөөдө эсепке алынышы керек.

Эмгек предмети (үрөн, тоют, электр энергиясы, отун, күйүүчү материалдар ж.б.) өндүрүштүн бир гана циклине катышат жана толук бойдон өндүрүштүн ошол актысына сиңдирилет. Ошондуктан анда ишке ашкан нарк толук бойдон аны өндүрүүгө кеткен чыгымдарга кошулуу менен толук бойдон продукция түзүүгө өтөт.

Эмгек каражаттары (машина, трактор, электр жабдыктары, малдын негизги үйүрлөрү, курулуштар жана имараттар, көп жылдык өсүмдүктүн көчөттөрү ж.б.) бир канча жыл ичинде өндүрүштүн көп жолку циклине катышат жана амортизация болот. Ошондой эле өзүнүн өздүк наркын жоготуу менен бөлүктөр боюнча эскирет. Демек, эмгек предметтерин жана

куралдарын өндүрүштүк керектөө процессинде кайрадан даярдалуучу продукцияга анда ишке ашкан эмгекти которуу иши жүрөт. Бул болсо керектелүүчү материалдык каражаттардын наркын түзгөн продукциянын наркынын маанилүү бир элементинин калыптануу процесси болуп саналат.

Айыл чарба продукциясынын өздүк наркында эмгек акыны төлөөнүн салыштырма салмагы негизги продукцияны жаратууга сарпталган эмгек акыны төлөө жумушчу убактысы ( адам-күнү, адам-сааты) менен өлчөнөт.

Демек, өздүк нарк продукцияны өндүрүү жана сатуу менен байланышкан акча чыгымдары (сарптоолору)[1].

Ал эми рентабелдүүлүк - айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчү болуп саналат жана чыгым менен пайданын деңгээлинин катышын чагылдырат. Чарба качан рентабелдүү чарба болот? Качан гана өздөрү өндүргөн продукцияны саткандан түшкөн каражаттардын эсебинен продукцияны өндүрүүгө кеткен бардык чыгымдарды жапканда, таза кирешелүү пайда алганда. Продукцияны өндүрүү көлөмү канчалык чоң жана өздүк наркы төмөн болгондо, ошончулук чарбанын кирешеси рентабелдүү жана жогору.

Продукциянын өндүрүү көлөмүн жогорулатуу жана анын өздүк наркын төмөндөтүү үчүн жерди туура пайдалануу, анын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу зарыл, ошондой эле айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана мал чарбачылыгынын азыктуулугун жогорулатууга жетишүү керек.

Республиканын колхоз, совхоздорунда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жай темп менен өсүшүнүн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн жана мал чарбачылыгынын азыктуулугунун төмөн болушунун, оор кол эмгегинин үстөмдүк кылуусунун натыйжасында жана айыл чарбачылыгында механикалаштыруу жана автоматташтыруу технологиясынын деңгээлинин төмөн болушуна байланыштуу, өзгөчө мал чарбачылыгында негизги айыл

[1] Елисеев В.В. Себестоимость продукции и пути ее снижения, -Ижевск,1975.-с.4.

чарба продукцияларынын өздүк наркы жогорулаган. Бул туурасында төмөнкү таблицага көңүл бурсак.

Республиканын колхоз, совхоздорунда дыйканчылык жана мал чарба продукцияларын 1 центнерден өндүрүүнүн өздүк наркы[1] .

Таблица 1

| Продук-циянын түрлөрү | 1975 | | 1980 | | 1985 | | 1975 жыл 1985 жылга салыштырм. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | колхоз | совхоз | колхоз | совхоз | колхоз | совхоз | колхоз | совхоз |
| Дан баардыгы | 6.81 | 7.54 | 7.07 | 9.91 | 8.47 | 10.04 | 124.3 | 133.1 |
| жүгөрүдөн башка дан | 6.68 | 7.51 | 7.05 | 9.01 | 8.47 | 10.13 | 125.7 | 151.6 |
| дан багы-тын. жүгөрү | 7.83 | 7.64 | 7.09 | 8.18 | 8.48 | 9.76 | 106.9 | 127.7 |
| пахта | 34.05 | 43.76 | 39.73 | 50.81 | 66.81 | 66.17 | 196.2 | 151.2 |
| картошка | 11.16 | 13.60 | 11.29 | 16.38 | 15.65 | 22.40 | 140.7 | 172.3 |
| тамеки | 193.02 | 211.90 | 249.77 | 253.17 | 412.57 | 382.19 | 213.7 | 180.3 |
| жашылча | 10.10 | 11.29 | 11.43 | 12.64 | 16.52 | 16.21 | 163.5 | 143.5 |
| жер жемиш | 14.82 | 17.36 | 18.45 | 22.05 | 23.22 | 25.76 | 156.6 | 148.3 |
| жүзүм | 27.28 | 21.26 | 31.64 | 31.42 | 36.56 | 34.81 | 134.0 | 163.7 |
| көп жыл. өсүм.үрөнү | 80.27 | 124.17 | 100.32 | 179.02 | 239.43 | 212.81 | 298.2 | 171.3 |
| ири мүйүз. мал.салмагы | 139.54 | 170.24 | 159.00 | 223.10 | 245.70 | 262.54 | 176.0 | 154.2 |
| чочко | 125.22 | 133.84 | 133.49 | 157.19 | 179.78 | 191.28 | 143.5 | 142.9 |
| кой жана эчки | 90.13 | 104.42 | 109.37 | 128.72 | 152.52 | 179.95 | 169.2 | 171.7 |
| канат-туулар | 135.53 | 108.29 | 193.14 | 182.18 | 191.29 | 197.29 | 141.4 | 182.1 |
| сүт | 22.89 | 26.32 | 27.46 | 31.35 | 33.93 | 39.46 | 148.2 | 149.9 |
| жүн | 492.70 | 543.94 | 636.10 | 766.49 | 888.73 | 1131.27 | 180.3 | 107.9 |
| жумуртка (1000 даана) | 74.85 | 55.94 | 121.28 | 70.54 | 108.16 | 77.19 | 140.7 | 137.9 |

1таблицадан (82-бет) республиканын колхоз, совхоздорунда айыл чарба

[1] Народное хозяйство Кирг. ССР в 1975 в 1985 году. -с. 118.

продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өздүк наркынын орточо жылдык деңгээли XI беш жылдыкта X беш жылдыкка салыштырмалуу өскөндүгү көрүнүп турат. Белгилей кетүүчү нерсе, колхоздорго караганда совхоздордо бардык айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын деңгээли жогору. Мунун негизги себеби, биздин пикирибизче совхоздордун мамлекеттик чарба, ал эми колхоздор болсо жамааттык чарба болуп совхоздордун жумушчуларына караганда колхозчуларда өндүрүшкө кайдыгер мамиленин аз да болсо төмөнүрөөк болгондугунда.

1981-1983-жылдары республиканын совхоздорунда негизги айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын орточо жылдык деңгээли колхоздорго салыштырмалуу жогору болгон. Мисалы, картошка-1.7 эсе ( же 22,3руб.центнерине) ири мүйүздүү малдын салмагы жана чийки заттагы пахта -1.3 эсе (ирети менен 216,2 руб./ ц. жана 65,3 сом /ц.), буудай-28.5%(9,92 руб./ц.), сүт-21%(34,64 руб./ц.), жүн-23.5%(835,7 руб./ц.) жана койдун салмагы-15.1%ке (145,3 руб./ц.)[1] жогору болгон.

Айыл чарбасынын негизги продуктыларынын өздүк наркынын деңгээли республиканын областтарында жана райондорунда да ар түрдүүчө. Мисалы, 1983-жылы республиканын колхоздору боюнча орточо алганда 1 центнер буудайдын өздүк наркы (181 чарба) 7.61 руб. түзгөн. Ошол эле мезгилде Ош областынын колхоздору жана совхоздору боюнча ирээти менен 10.11 жана 10.81 руб., Талас областынын совхоздору боюнча - 10.9 руб., ал эми Чүй өрөөнүнүн дан райондорунда: Москва районунда-12.31 руб., Панфилов-11.93 жана Сокулукта - 10.3 руб.

Айыл чарба ишканаларында продукциялардын бардык негизги түрлөрүнүн өздүк наркынын тез жогорулашы, өзгөчө совхоздордо өндүрүштүн рентабелдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келген. Мисалы, товардык продукция боюнча эсептелген өндүрүштүн рентабелдүүлү-гүнүн деңгээли 1983-жылдары совхоздордо 17.9%ды түзгөн, ал эми колхоздордо

[1] Лайлиев Д.С. Совершенствование хозяйственного механизма в сельском хозяйстве. –Фрунзе, 1986.- с. 125.

орточо 42.9%, б.а. 2.4 эсе төмөн болгон. Рентабелдүүлүктүн мындай төмөн болушунун натыйжасында, республиканын совхоздору өндүрүү процессинде өтө кыйын финансылык абалда жана системалуу түрдө дотацияда отурган. Ошентип, 1983 жылдагы жакшы климаттык шарттарга карабастан, 51 совхоз же республиканын бардык чарбаларынын 20%зы айыл чарбасынын негизги тармагы болгон-мал чарба продуктыларын сатууда чыгымга учураган.

Айыл чарбасынын негизги продукцияларынын өздүк наркынын деңгээли совхоздордо гана эмес, колхоздордо, атайын чарбаларда да жогору болгон. Ошондуктан, өздүк наркты төмөндөтүүнүн бардык резервдерин ишке киргизүү зарыл эле. Продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнүн, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жана кирешелүүлүгүн жогорулатуунун негизги резервдеринин бири айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жана мал чарбачылыгынын азыктуулугун бардык жактан жогорулатуу мааанилүү экендигин жогоруда айттык. Айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын деңгээли талаанын түшүмдүүлүгүнө, малдын азыктуулугуна тескери пропорцианалдуу болгон. Колхоз, совхоздордо дан өсүмдүктөрүнүн, мал чарба продуктыларынын азыктуулугу канчалык жогору болсо, ошончолук анны өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымы төмөн жана рентабелдүүлүк жогору болот. Бул жөнүндө кийинки таблицага көңүл буралы:

Таблица 2[1]

| Дандын түшүмдүүл. б-ча чарбалар групп. болуусу, га ц. м/н | Группировкад. чарбалар саны | орточо түшүмдүүлүгү ц/га | 1ц.буудайдын өздүк наркы, рубль | 1ц.эмгектин түз сарпталышы адам/саат | өндүрүштүн рентабел-дүүлүк. |
|---|---|---|---|---|---|
| I.20.0 чейин | 9 | 18.9 | 9.69 | 3.97 | -27.1 |
| II.20.1-30.0 | 19 | 26.0 | 8.46 | 3.23 | -30.0 |
| III.30.1-40.0 | 17 | 35.9 | 7.95 | 2.69 | -3.4 |
| IV.40.0 жогору | 5 | 41.1 | 7.62 | 2.32 | 4.2 |

Демек, 84-беттеги 2 таблица түшүмдүүлүк канчалык жогору болсо,

[1] Народное хозяйство в 1980 году. Стат.ежег. –Фрунзе,1989, с.165.

ошончолук эгиндин өздүк наркы, аны өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымы төмөн жана рентабелдүүлүк ошончолук жогору боло тургандыгын тастыктап турат.. Мисалы, түшүмдүүлүк 18.9 ц, аны өндүрүүгө кеткен эмгек чыгым 3.97., ал эми рентабелдүүлүк-27.1. Демек түшүмдүүлүк төмөн болгондо өздүк нарк жогоулап, рентабелдүүлүк төмөн болуп «минуска» түшүп атат, ал эми түшүмдүүлүк жогорулап 41.1 ц. болгондо, чыгым 2.32, рентабелдүүлүк +4.2 болуп жогорулап жатат.

Чарбаларда эмгек өндүрүмдүүлүгүн өсүүсү продукциянын өздүк наркынын төмөндөөсүн жана айыл чарба өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүн жана кирешесин жогорулатуунун чечүүчү фактору болуп калат. Ошондуктан, бардык жактан эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен өздүк нарктын төмөндөөсүнө көңүл буруу керек жана өздүк наркты төмөндөтүү резервдерин колдонуу зарыл. Бул туурасында 1984-жылы болуп өткөн Октябрь пленуму агроөнөр жай комплексинин кызматкерлеринин көнүлүн өзгөчө бөлгөн.

Айыл чарба продукцияларынын өздүк наркын төмөндөтүүнүн ири резевдеринин бири-материалдык жана эмгек ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана так, кылдаттык менен үнөмдөөнү чогу жана дайыма ишке ашырып туруу эсептелет. Колхоздор жана совхоздор өндүргөн продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү үчүн колдонулбаган (пайдаланылбаган) резервдерге ээ. Мунун далили болуп төмөнкү таблицада берилген эмгек чыгымы жана аны өндүрүү каражатынын структурасынын анализи эсептелет. Таблицадан көрүнүп тургандай, айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын структурасында чыгымдардын негизги элементи болуп эмгек акыны төлөө эсептелет. 1983-жылы 1975 жылга салыштырмалуу эмгек акыны төлөөнүн салыштырма салмагы колхоздордо эмгек акыны төлөө фондунун абсолюттук түрдө өсүүсү менен 6.6 %дык пунктка жогорулоо менен бардык өндүрүш чыгымдарынын 39.4% түзгөн.

Колхоздордун дүн продукциясынын өздүк наркынын структурасы (%)

Таблица-3[1]

| | 1975 | 1980 | 1981 | 1982 | 1983 |
|---|---|---|---|---|---|
| түз эмгек акы | 32.8 | 34.0 | 34.1 | 34.2 | 39.4 |
| күйүүчү-майл.матер. | 1.2 | 1.2 | 1.3 | 1.2 | 1.1 |
| тоют жана үрөн | 26.4 | 23.7 | 23.6 | 24.4 | 21.9 |
| жер семирткич | 2.5 | 3.3 | 3.4 | 3.3 | 3.1 |
| негизги каражат. амортизац. | 5.9 | 5.9 | 5.8 | 5.8 | 5.4 |
| Техниканын учурд. ремонту | 4.6 | 3.5 | 3.3 | 3.0 | 3.0 |
| жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбал.чыгымд. | 9.4 | 9.8 | 9.9 | 9.6 | 7.9 |
| башка сарптоолор | 17.2 | 18.6 | 18.6 | 18.5 | 18.2 |

Продукциянын өздүк наркында эмгекти төлөө фондунун акырындык менен азайышы бардык кеңейтилген масштабда кайрадан өндүрүүнү ишке ашырууда закон ченемдүү жана зарыл шарт болуп саналат.

Бирок, колхоз, совхоздордо таблицадан көрүнүп тургандай, айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын структурасында эмгек акыны төлөөнүн салыштырма салмагы биз изилдеп жаткан этапта кыскарбастан, тескеринче бир канчага көбөйгөн. Мисалы, 1975-жылы 32.8 болсо, 1983-жылы 39.4 болгон. Бул болсо биз изилдеп жаткан жылдарда эмгек акыны төлөө темпинин өсүүсү, өндүрүштүн көлөмүн жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүү темпинен озуп кеткендигин көрсөтөт. Айыл чарбасынын дүң продукциясынын өздүк наркынын структурасында чыгымдардын элементи болуп тоюттарга жана үрөндөргө кеткен чыгым эсептелет. Бул чыгымдын салыштырма салмагы 3 - таблицада көрсөтүлгөндөй 1983-жылы 21.9 %. Мындай тоюттарга болгон чыгымдардын эң жогорку салмагы айыл чарба өндүрүшүндө мал чарбачылыгынын мааниси чоң экендигин айгинелейт.

X-XI беш жылдыктын жылдары айыл чарбасынын дүң продукциясы республикада 13% га жогорулаган, бул жылдары коомдук өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 28.4%дан 19.2 %га чейин төмөндөгөн[2]. Ал эми эмгек

---

[1] Лайлиев Д.С. Совершенствование хозяйственного механизма в сельском хозяйстве. –Фрунзе, 1986.- с. 130.

[2] Джангазиев И.Дж. Совершенствование хозяйственного расчета в условиях развития АПК. –Фрунзе, 1989. - с. 26.

өндүрүмдүүлүгү (коомдук өндүрүш) бул жылдары 6 %га төмөндөгөн[1]. Бул болсо эң зор өндүрүштүк потенциалдын жетиштүү жана үнөмдүү пайдаланылбагандыгын көрсөтүп турат.

Продукцияны өндүрүүгө кеткен чыгымдардын өсүүсү эң жогорку темпте болгон. X беш жылдыкта колхоз, совхоздордо дыйканчылыктагы жалпы чыгымдар 2416.8 млн сомду (жылына орто эсеп менен 483.4 миң) түзсө, XI беш жылдыкта 3302.1 млн. сомду (жылына орто эсеп меен 660.4 миң) түзгөн, б.а., X беш жылдыкка салыштырмалуу 885.3 миң сомго көп чыгым жумшалган. Бул туурасында 1 – таблицада (82-бет.) берилген айыл чарба продукцияларынын өздүк наркынын динамикасы маалымдап турат.

Демек, өздүк нарктын структурасын анализдөөдө дыйканчылык продукциясын өндүрүүдө чыгымдардын маанилүү бөлүгүн (41.3%) эмгек акы түзөрүн, кыйыр чыгымдардын - 27.8% ( жалпы өндүрүштүк - 18.4%, жана жалпы чарбалык - 9.4%) үлүшү зор экендигин көрсөттү.

Үрөнгө кеткен чыгымдар дан жана тамеки боюнча 10-12%га, жашылча, картошка, пахта боюнча бир канча жогорулаган. Белгилей кетүүчү нерсе, үрөндөргө кеткен чыгымдар жаратылыш шарттарына байланыштуу болгон: жаратылыш шарттары катаал болгон жылдары кээ бир өсүмдүктөрдү кайрадан себүү үрөнгө кеткен чыгымга гана дуушар кылбастан, ошондой эле эмгек акыны төлөө, күйүүчү жана майлоочу материалдарга кеткен чыгымдарга дуушар кылган. Айдоо, себүү иштеринин кеч мөөнөттө жүрүшүнө байланыштуу продукцияны өндүрүү планга караганда бир кыйла аз өндүрүлгөн. Бул болсо талаачылык өсүмдүктөрүнүн өздүк наркынын жогорулоосуна алып келген.

Биз изилдеп жаткан жылдарда күйүүчү жана майлоочу материалдарга кеткен чыгымдар жылдан жылга өскөн. IX беш жылдыктын жылдары алардын өсүшү 1980-жылга карата продукциялардын бардык түрлөрү боюнча 20-30%ды түзгөн.

---

[1] Народное хозяйство в Кирг.ССР в 1985 году. Стат.ежег. –Фрунзе, 1986.- с. 124.

Ал эми жер семирткичтерге болгон чыгымдар 20-40% өскөн. Бул белгилүү бир деңгээлде минералдык жер семирткичтерге болгон баалардын өсүүсү менен байланыштуу: 1981-1985-жылдары фосфорго болгон баа орточо алганда - 17%га, азот - 11%га, калийлүү жер семирткич - 18%га жогорулаган. Ошондой эле автордун ойу боюнча белгиленген нормадан ашыкча жер семирткичтердин чачылышы, аларды туура эмес сактоодо, бир жерден экинчи бир жерге жеткирүүдө да чыгымдар болгон. Бул туурасында архивдик материалдар далил болот.

Тоюттарга болгон чыгымдар мал чарба продукциясынын өздүк наркында чыгымдардын жарымын ээлейт. Мисалы, алар сүт боюнча - 44.2%, жүн - 32.3%, жумуртка - 59.1%, ири мүйүздүү малдын салыштырма салмагы - 51%, кой - 31.8%ды түзөт. Мына ушулар боюнча чыгымдардын өсүүсү XI беш жылдыкта 10-20%га жогорулаган. Бул баарыдан мурда продукциянын бирдигинде кайрадан чыгымдоо жана о.э. жалпы көлөмдө кымбат баалуу тоюттардын (концентрацияланган жана сатылып алынган) көбөйүшү тоют бирдигинин өздүк наркынын кымбатташына алып келген. Мисалы, республиканын совхоздорунда концентранцияланган тоюттардын чыгымы 1 ц.сүткө - 5.9%, ири мүйүздүү  мал - 11.2%, чочкого - 3.7%га көбөйгөн.

Тоюттарга кеткен чыгымдардын көбөйүшү негизинен чарбаларда өндүрүлгөн тоюттардын өздүк наркынын өсүшүнө, тоюттарды даярдоо технологиясын туура эмес пайдалануудан төмөнкү сапатта болушу, о.э. өнөр жай өндүрүшүнүн тоюттарын сатып алуу болгон бааларынын өсүүсү менен байланыштуу.

Көбүнчө өздүк нарк пахта, тамеки, көп жылдык чөптүн үрөнү менен эмгектенген чарбаларда кымбат болгон. Пахтанын өздүк наркынын өсүүсүнө түшүмдүүлүктүн төмөндөөсү (эмне себептен төмөндөдү, ал туурасында II бөлүмдүн 1- параграфында айтылган) кол эмгегинин али да болсо өкүм сүрүшү, продукциянын сапатынын начарлашы, жогорку түшүмдүүлүктү алууга аракеттендирген материалдык кызыкчылыктын жоктугу маанилүү

таасир эткен. Натыйжада, пахтачылыктын натыйжалуулугу тез төмөндөгөн. Ушундай эле абал тамеки, көп жылдык чөптүн жана кант кызылчанын үрөнүн өндүрүүдө кездешет. Бул өсүмдүктөрдү иштетүүгө кеткен сарптоолор 30-40%га өскөн, ал эми өндүрүштүн натыйжалуулугу ар кандай ооруларга, түшүмдүүлүктүн төмөндөөсүнө жана продукциянын сапатына жараша тез төмөндөгөн. Айыл чарба-жумуштарына мектеп окуучуларын, студенттерди тартууда бир топ чыгымдарга дуушар болуулар орун алган. Мисалы, Ысык-Көлдөгү жер жемиш виносовхоз комбинатында мектеп окуучуларына жана жумушка чакырылган уюмдардын кызматчыларына эмгек акы төлөгөндүгү жөнүндө маалыматтар кездешет[1]. Ошондой эле абрикосту жыйноо мезгилинде студенттерге төлөнгөн эмгек акыдан тамак-ашка кеткен чыгымдар кармалбай калгандыгы да баяндалат[2]. Демек айыл чарба жумуштарына мектеп окуучуларын, студенттерди жардамга чакыруу менен ошол чарба кандай чыгымдарга дуушар болгон. Бирок, ал мезгилдин шартында эн негизгиси түшүмдү жыйнап алуу гана башкы милдет болгон, ал эми “жардамчылардын”келиши менен чарба канча чыгымга дуушар болду, мындай суроолор эч кимди кызыктырган жана ойлондурган эмес.

Ал эми мал чарбачылыкта болсо XI беш жылдыкта X беш жылдыкка салыштырмалуу сарптоолор өскөн: X беш жылдыкта 375.3 млн.сом болсо, XI беш жылдыкта 2962.1 млн сомго чейин өскөн[3]. Бул сарптоолор негизинен тоюттарга кеткен чыгымдардын өсүүсү менен байланыштуу болгон. Малды тоют менен камсыз кылууда кээ бир партиялык жетекчилер белгиленген өлчөмдөгү данды тапшырышкан эмес. Анткени алар өздөрүнүн мурунку жылдардагы жетишкен ийгиликтери менен шыктануунун натыйжасында учурдагы абалга сын баа беришкен эмес. Натыйжада көптөгөн чечимдер

[1] Ысык-Көл мам. обл. архиви, Ф. 1024, 1-оп, 164 -д, 2-б.

[2] Ошондо эле.

[3] Джангазиев И.Дж. Совершенствование хозяйственного расчета в условиях развития АПК. –Фрунзе, 1989. - с. 32.

аткарылган эмес. Данды белгиленген өлчөмдө албай калуу концентрацияланган тоюттарга болгон дефицитке алып келген. Мисалы, мындай абал Нарын областынын көпчүлүк чарбаларында кездешкен[1].

Колхоздордо айыл чарба өндүрүшүнүн деңгээли бир канча ирээт өсүп дүң соодалай туруучу баанын жогорулоосу 1975-жылга салыштырмалуу 1985-жылы 3.1%га төмөндөгөн. Мал чарбачылыгында 20.9%га төмөндөгөн, ал эми дыйканчылыкта тескеринче 24.3%га жогорулаган. Совхоз өндүрүшүндө болсо, болгону 13%га жогорулаган, мал чарбачылыгында 68.1%га төмөндөгөн. Бул туурасында төмөнкү таблицага көңүл буралы[2].

Таблица -4

| көрсөткүчтөр | 1975 | 1980 | 1982 | 1984 | 1987 | 1987ж 1975ж салыш % м/н |
|---|---|---|---|---|---|---|
| колхоздор анын ичинде | 29.8 | 28.1 | 21.1 | 40.2 | 28.0 | 96.0 |
| дыйканчылык | 56.8 | 45.3 | 44.0 | 78.4 | 70.6 | 124.3 |
| мал чарбачылык | 23.0 | 18.0 | 9.1 | 11.9 | 18.2 | 79.1 |
| совхоздор анын ичинде | 12.3 | 6.0 | -2.4 | 14.3 | 13.8 | 113.0 |
| дыйканчылык | 37.3 | 32.3 | -0.2 | 51.8 | 51.3 | 137.3 |
| мал чарбачылык | 14.1 | 10.3 | 3.5 | 5.3 | 4.5 | 31.9 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, 1982-жылга салыштырмалуу колхоз өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгү 29.8%дан 21.1% болуп б.а., 8.7%га төмөндөгөн, ал эми совхоз чарбалары чыгашага учураган (-2.4%).

Биз изилдеп жаткан жылдарда Кыргызстанда айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн рентабелдүүлүгү дан, тамеки жана сүт продуктылардан башкасы төмөндөө тенденциясына ээ болгон (5 таблица). Дүң соодалай турган баанын жогорулоосуна карабастан, пахта, ири мүйүздүү мал койлорду сатууда чарбалар чыгымга дуушар болгон. Мисалы, чочконун рентабелдүүлүгүнүн өсүшү 112.1%дан (1975-жыл) 1.0%га (1987-

[1] КР БМА СД, 56-ф.,199-оп.,136-д.

[2] Хозяйственный расчет и эффективность производства. –Фрунзе, 1989.- с.38.

жыл) чейин төмөндөгөн. Жүндүн рентабелдүүлүгү-22.2ден 8.2%га төмөндөгөн, продукциялардын бардык түрүнүн өздүк наркы болсо жогорулаган. Өзгөчө койдун массасынын өсүшү - 2.1 эсе, жүн -2.2 эсе, уй эти - 1.8 эсе өскөн. Ал эми продукциянын өздүк наркынын өсүшү анын баасынын өсүшүнөн караганда бир канча алдыга озуп кеткендигине байланыштуу анын рентабелдүүлүгү төмөн болгон.

Агроөнөр жай комплексинин совхоздор тарабынан мамлекетке реализация болгон айыл чарба продукцияларынын натыйжалуулугу.

Таблица 5.[1]

| | 1975-жыл | | | 1980-жыл | | | 1985-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1ц өздүк наркы руб. | 1ц түшкөн пайда руб. | рента б % м/н | 1ц өздүк наркы руб. | 1ц түшкөн пайда руб. | рентаб % м/н | 1ц өздүк наркы руб. | 1ц түшкөн пайда руб | Рента б % м/н |
| Дан | 6.81 | 9,82 | 42,9 | 8.50 | 12.80 | 50.7 | 9.40 | 14.69 | 66.1 |
| Пахта | 43,73 | 67,56 | 54.0 | 50.81 | 64.10 | 12.6 | 66.18 | 64.54 | -2.5 |
| Тамеки | 282,12 | 305,01 | 42.9 | 248.80 | 363.73 | 46.1 | 344.92 | 529.99 | 54.4 |
| ири мүйүздүү мал(тирүү салмагы) | 139,15 | 126,60 | -8.0 | 164.11 | 136.07 | -20.1 | 252.57 | 231.74 | -4.7 |
| кой жана козу | 87,30 | 177,91 | 94.0 | 127.87 | 128.51 | 0.5 | 180.40 | 176.05 | -7.3 |
| Чочко | 125,54 | 268,00 | 112.1 | 154.43 | 174.32 | 12.8 | 180.6 | 187.82 | 1.0 |
| Сүт | 25,00 | 2,90 | -15.7 | 31.50 | 30.72 | -2.5 | 36.36 | 40.65 | 11.4 |
| Жүн | 439,70 | 526,63 | 22.2 | 589.01 | 837.00 | 42.1 | 967.00 | 1045.0 | 8.2 |

5 таблицада 1975-жылдан 1985-жылга карай айыл чарба продукцияларын сатууда өздүк нарктын өскөндүгүн көрүп турабыз. Ири мүйүздүү малды мамлекетке сатууда өздүк нарктын өсүшү менен чарбаларга пайда түшпөстөн, чыгымга дуушар болгон. Мисалы, 1975-жылы өздүк нарк 139,15 руб. болсо, түшкөн пайда 126,60руб., б.а. -8,0% чыгаша. Ушундай эле абал сүттү сатууда 1985-жылга чейин улантылган. Ал эми 1985-жылы сүттү

[1] Хозяйственный расчет и эффективность производства. –Фрунзе, 1989.- с.38.

сатууда 11,4%ыз киреше алып келинген. Көптөгөн совхоздордун айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө кеткен чыгымдары аларды мамлекетке сатуу менен кирешелер менен жабылган эмес, тескерисинче чарбаларды чыгашага алып келген. Ал эми мындай абал өз кезегинде республиканын бюджетине терс таасирин тийгизген. Ошондуктан өндүрүштү кенейтүүдө чарбалардын мүмкүнчүлүктөрү азайган, ушундай учурда кээ бирлери мамлекеттен ссудуларды алууга мажбур болушкан. Көптөгөн совхоздор Мамбанктан кредиттерди алуу менен аларды өз мезгилинде кайтарууга аракет кылышкан эмес. Каражаттарды туура эмес пайдалануунун натыйжасында узак жылдарга чейин өздөрүнүн карыздарынан кутула алышкан эмес. Мисалы, Кемин районундагы «Кызыл- Суу» совхозунун ссуда боюнча карызы 1985-жылы 4 млн руб. ашык суммага жеткен[1].

Айыл чарба продукциясынын кымбаттышынын, анын өздүк наркынын өсүүсүнүн негизги фактору болуп айыл жериндеги тейлөөчү уюмдар тарабынан тапшырылган өндүрүш каражаттарынын баасынын жана тейлөө кызматынын тарифинин жогорулоосу болуп саналат. Баалардын жана тарифтердин кымбатташы кеңири масштабда жана чоң өлчөмдө жүргөн.

1983-жылы совхоздор жана колхоздор сатуучу продукцияга сатып алуу бааларын жогорулатуу жана ыңгайсыз жаратылыш, экономикалык шарттарда иштеп жаткан чарбалар үчүн кошумчаларды коюу көптөгөн айыл чарба ишканаларынын рентабелдүүлүгүн камсыз кылган. Мисалы, 1982-жылы республиканын көптөгөн совхоздору чыгашалуу болуп, рентабелдүүлүгү 0.9%ды түзгөн. 1983-жылы болсо, алар 93.6 млн. руб. баланстык пайда менен аякташып, алардын рентабелдүүлүгү 17.9%га жеткен. Чыгашалуу совхоздордун саны 1982-жылдагы 84 төн 1983-жылы 33ке чейин кыскарган, анын үстүнө бир чарбага туура келген чыгашанын суммасы 1982-жылдагынын ордуна дээрлик 2 эсе кыскарган, ал эми орточо пайданын өлчөмү 312 миң рублдан 643 миң рублга чейин өскөн.

[1] Досбол Нур уулу. Аталган чыгарма. –с.199.

Ушул эле убакта биз жогоруда белгилеп өткөндөй, совхоз өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгү негизги айыл чарба продуктыларынын өздүк наркынын жогорулашынын айынан төмөндөө тенденциясына ээ экендигин белгилеп кетүү керек. Албетте, айыл чарба продукциясын сатып алуу бааларын жогорулатуу жана экономикалык жактан начар чарбалар үчүн кошумчаларды киргизүү алардын экономикасын чындоого жардам берет. Бирок, дотациялардын өсүшүн рентабелдүүлүктү жогорулатуунун башкы фактору катары эсептөө болбойт, анткени, мамлекеттин мүмкүнчүлүгү чексиз эмес.

1985-жылы рентабелдүүлүктүн деңгээли 1983-жылга караганда 7.8%га төмөндөгөн 229 совхоздун ичинен 165и жылды 109.1 млн. руб. суммадагы пайда менен аякташкан. Мында 25%га жана андан да жогору рентабелдүүлүктө 41 совхоз аяктаган же 17.9%, ал эми 64 совхоз 77.8 млн. руб. чыгаша болгон[1]. 1985-жылы 295 совхоздун 87 чарбасы 48, 5 млн руб. чыгашага дуушар болгон. Анын ичинде Өзгөн районундагы «Ийри-Суу» - 1339 мин руб., «Жалпак- Таш» совхозу- 1316 мин руб., Сузак районундагы Гагарин атындагы совхоз- 2390 мин руб., Москва районундагы Крупская атындагы винсовхоз комбинаты- 1377 мин руб. чыгашага дуушар болушкан[2].

Чарба жүргүзүүнүн натыйжаларындагы чоң айырмачылыктар обьективдүү, о.э. субьективдүү себептер менен түшүндүрүлөт. Биринчисине, б.а., обьективдүү себептерге: өндүрүштүк негизи фондулар менен бирдей эмес жабдылышы, ыңгайсыз аба-ырайынын шарттары, ишканалардын чыгымдарына продукциянын айрым түрлөрүнүн сатып алуу бааларынын туура келбеши ж.б. кирет. Субьективдүү себептердин ичинен мал чарбачылыгындагы өндүрүштү топтоштуруунун төмөнкү деңгээлин, айрым процесстердин начар механикалаштырылышын, агротехниканын талаптарын жана өндүрүштүк технологияларды сактабоо, башкарууну уюштуруудагы жана кызматкелерди материалдык жактан стимулдоочу кемчиликтерди атоого болот.

Кантип рентабелдүүлүктү жогорулатууга болот? Айыл чарба

[1] Сельское хозяйство Киргизии.1987.-№4.- с.22.

[2] Досбол Нур уулу. Аталган чыгарма. С.199.

продукцияларынын бардык түрлөрүнүн жана бардык тармактарынын рентабелдүүлүгүн жогорулатуу баарыдан мурда өндүрүш чыгымдарын төмөндөтүү аркылуу жүрүшү керек. Бул өндүрүш натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги жана чечүүчү шарты болуу менен продукциянын өздүк наркын төмөндөтөт. Демек, рентабелдүүлүктү жогорулатуунун негизги жолу баарыдан мурда продукциянын өздүк наркын төмөндөтүү эсептелет. Төмөндөгү таблица малды интенсивдүү тоюттандыруу боюнча мамлекеттик атайын чарбаларда уй этин өндүрүү боюнча өздүк нарктын деңгээлинин таасирин мүнөздөйт[1].

Таблица 6

| 1 ц. Салмактагы өздүк нарк. өндүрүү боюнча колхоздорду топтоштуруу | группадагы чарбалардын саны | орточо группа боюнча өздүк нарк руб/1 ц | 1 ц уй этинин рентабелдүүл. % менен |
|---|---|---|---|
| I-200.0 чейин | 35 | 171.5 | 26.7 |
| II-200.0-250.0 | 35 | 223.1 | 21.2 |
| III-250.0-300.0 | 20 | 275.3 | -6.7 |
| IV-300.1 жана жогору | 46 | 326.1 | -29.6 |

Демек, таблицадан көрүнүп тургандай, уй этин өндүрүүнүн рентабелдүүлүгүнүн көрсөткүчү өздүк нарктын көрсөткүчү менен тыгыз байланышта: жогоруда айтылгандай өздүк нарк канчалык төмөн болсо, рентабелдүүлүк ошончо жогору. Мисалы, бир центнери 171.5 рублдагы ири мүйүздүү малдын өздүк наркында (I группадагы чарба) рентабелдүүлүк 26.7%, 223 рублдагы өздүк наркты (II группа ) 21.2%, ал эми 275.3 жана 326.1 рублдагы өздүк наркта (III,IV группадагы чарбаларда) уй эти чыгашалуу.

1 ц. уй этинин салмагынын өсүсүүсүнүн өздүк наркынын деңгээлине эмгек чыгымдары чоң таасир этет. 8 таблицадагы (94-бет.)маалыматтар 1 ц. уй этин өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымдары канчалык төмөн болсо, ошончолук анын өздүк наркы төмөн болоорун айгинелейт. Мисалы, 1 ц. уй этин өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымы орточо 24.3 адам-сааты түзсө, анын

[1] Хозяйственный расчет и эффективность сельско-хозяйственного производства.Фрунзе,Илим,1989.-с.41.

өздүк наркы 182.6 руб., ал эми 42.2 адам-сааттагы эмгек чыгымы жумшалганда -332.4 руб. же 1.8 эсе жогору.

1 ц. уй этинин наркына эмгек чыгымынын таасири

Таблица[1] 7.

| Колхоздорду топтоштуруу | Топтогу чарбанын саны | Топтор б/ча орточо чыгымдар адам-саат | өздүк наркы сом менен |
|---|---|---|---|
| I-25 чейин | 34 | 24.3 | 182.6 |
| II-25.1-30.0 | 29 | 28.6 | 217.1 |
| III-30.1-35.0 | 27 | 33.7 | 269.5 |
| IV-35.1-жогору | 46 | 42.2 | 332.4 |

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар, өндүрүш чыгымдардын азайышы менен жана 1 ц. продукциянын өздүк наркынын төмөндөөсү менен аны өндүрүүнүн рентабелдүүлүгү жогорулай тургандыгынын көрсөткүчү. Күйүүчү- майлоочу материалдарды сактоодо жана экономдуу пайдаланууда дагы көптөгөн кемчиликтердин болуусу менен туура эмес сарптоолор болгон. Автоунааларды пайдаланууда маанилүү катачылыктар кетирилген. Мисалы, 1983-жылы гана мамлекеттик автоинспекция кызматкерлери тарабынан 8045 автоунаа кармалган. Алар тарабынан 241 мин литр күйүүчү май сарпталган[2]. Натыйжада жетекчилер негизсиз сарпталган күйүүчү майларды жаап жашырышкан.

Жыйынтыктап айтканда, айыл чарба продукцияларынын рентабелдүүлүгү жогору болуш үчүн, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, мал чарба продукцияларынын азыктуулугу жогору болуу керек. Качан гана булар жогору болгондо алардын өздүк наркы төмөн болот. Бирок, биз изилдеп жаткан жылдарда продукциялардын өздүк наркы жогорулоо менен рентабелдүүлүктүн төмөндөгөнүнө күбө болдук. Демек, айыл чарба өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүнүн денгээли 1970-жылга салыштырганда 1985-жылы 3,4 эсеге төмөндөп, мал чарбачылык тармагы чыгашага дуушар болгон (-6,2%). Дыйканчылык өсүмдүктөрү белгилүү бир

---

[1] Хозяйственный расчет и эффективность сельско-хозяйственного производства.Фрунзе,Илим,1989.-с.41.

[2] КР БМА СД, 56-ф., 247-оп., 47-д., 54-55-бб.

пайданы берүү менен мал чарбачылыгындагы чыгашаны гана жапкан. Негизинен республиканын чарбалары XI- беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча рентабелдүүлүгү төмөн чыгашалуу болушкан.

Изилдөөнүн биринчи бапында айтылгандай айыл чарбасын өнүктүрүүгө чон суммадагы капиталдык каражаттар жумшалса дагы, ага карабастан өзүбүз көргөндөй изилдеп жаткан жылдардын аягында кайтарымдуулук, рентабелдүүлүк төмөндөгөн.

Чарбалардын рентабелдүүлүгүнүн төмөн болушунун негизги себептери: продукцияны өндүрүүгө жумшалган чыгымдардын көп болушу; натыйжада өздүк нарктын кымбатташы; айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн, мал чарба продуктыларынын азыктуулугунун төмөн болушу; чарба жүргүзүү ишиндеги жоопкерсиздик; материалдык кызыкчылыктын жоктугу. Эн негизгиси өндүрүштүн өнүгүүсү экстенсивдүү факторлордун негизинде жүргөн. Айыл чарба өндүрүшүн интенсивдештирүүгө болгон аракеттер, кымбат баалуу курулуштардын курулушу, айыл чарбасын комплекстүү өнүктүрүүгө болгон аракеттер өзүнүн натыйжасын берген жок. 70-жылдардын экигнчи жарымынан баштап айыл чарба өндүрүшүнүн темпи туруктуу болбостон, кризистик абалдын жетилишин көрсөткөн.

Эн негизги себептеринин бири айыл - чарба продукцияларын өстүрүүнүн пландарынын жумушчу күчүнүн, тоют базасынын жетиштүүлүгүнө, чарбалардын мүмкүнчүлүктөрүнө, шарттарына карабастан жогортон түзүлгөндүгүндө. Ошонун натыйжасында, мисалы, профессор Ж.Жунушалиев эскергендей, Ош областына тоют жетишпегендиктен саманды Оренбург областынан ташууга туура келген. Алып келинген ар бир килограмм самандын наркы бир килограмм жемдин наркына барабар болгон. Жибек куртун өндүрүүнүн опсуздугунан Ош областына тыттын жалбырактары Чүй өрөөнүнөн ташылып, ачык машиналарда Ошко жеткенче кургап калышып, чарбаларга зор зыяндарды алып келишкен.

Ошол мезгилдин шартына ылайык жыл сайын тоют даярдоого, помидор,

тамеки, кызылча, картошка жыйноого, пахта терүүгө, кой кыркууга жана башка көптөгөн иштерге жиберилген жүз миндеген шаардык «жардамчыларга» кеткен чарбалардын чыгымдары жөнүндө эч ким айта алган эмес.

## 2.3. Жеке демилгеге бөгөт коюуу– өндүрүштүн жогорулоосунун эн башкы проблемасы

Акыркы жылдарда экономиканын агрардык секторунда түп тамырынан бери кайра түзүү иштери жүргүзүлүүдө. Мурдагы советтик экономикага жат болгон фермердик, дыйкан жана башка ар түрдүү чарбалар пайда болууда. Агрардык саясат чарба жүргүзүүнүн ар кандай формаларынын анын ичинде жеке менчик чарбалардын да өнүгүүсүнө шарт түзүүдө. Анткени, биздин республика базар экономикасынын шартына өтүү менен жердин ээси дыйкан болгондо гана жер өзүнүн он натыйжаларын бере тургандыгын дүйнөлүк тажрыйбалардан улам ынанып отурат.

Ал эми совет доорунда болсо, чарба жүргүзүүнүн коомдук формасын гана социалисттик экономиканын өнүгүүсүнүн бирден- бир приоритеттүү түрү катары эсептешкен. Ошондуктан, чарба жүргүзүүнүн башка формалары, мисалы, жеке, өздүк көмөкчү чарбалардын өнүгүүсүндө тоскоолдуктар болуп келген. Окумуштуулар өздүк көмөкчү чарбалардын генезисин өзүнүн илимий эмгектеринде кенири изилдешкен. Өзгөчө, 60-70-жылдарда жаралган эмгектерде өздүк көмөкчү чарбалар социализмге каршы турган жеке өндүрүштүн саркындысы жана жеке дыйкан чарбасы катары каралган. Мисалы, «Социализмдин саясий экономиясы» деген окуу куралында төмөндөгүдөй мазмунду кездештиребиз: «Айыл чарбасын толук коллективдештирүүдөн кийин дагы таза түрдөгү социализмдин өкүм сүрүш жөнүндө айтуу мүмкүн эмес, себеби короо алдындагы участоктордо жеке

чарбалар бар»[1]. Мезгилдин өтүшү менен мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн колдоого, жардамга жана жалданма эмгектин жоктугуна байланыштуу өздүк көмөкчү чарба жаратылышы, формасы жагынан нагыз социалисттик өндүрүш катары аныкталган[2]. Ал эми кийинчерээк пайда болгон эмгектерде өздүк көмөкчү чарба социализм мезгилиндеги эмгекчинин жеке менчигинин составдык бөлүгү, кирешелердин булагы, коомдук өндүрүштү толуктап туруучу кошумча булак катары көрсөтүлгөн. Ошондой эле келечекте өздүк көмөкчү чарбаларды жүргүзүүгө карата жеке жана коомдук кызыкчылыктардын төмөндөй тургандыгын көрсөтүшкөн[3]. Мындан сырткары өздүк көмөкчү чарбалардын он натыйжаларын белгилө менен, анын негативдүү жактарына башкача айтканда эмгек тартибинин бузулушуна, өз жеке максаттарына коомдук техниканы пайдалана тургандыгына, коомдук өндүрүштө эмгектин төмөндөшүнө, азык-түлүктү алып сатарлыкка алып келе тургандыгын дагы белгилешкен[4]. Бул эмгектер негизинен жалпы союздук планда жазылган жана Кыргызстан сыяктуу башка региондорду камтыбайт. Калктын өздүк көмөкчү чарбаларынын кыскаруу процессине, себебине, кетирилген катачылыктарга сын-экономикалык анализ берилген эмес. Ал эми Кыргызстандын шартында өздүк көмөкчү чарбалардын абалы, аны өнүктүрүүнүн маселелери агро-өнөр жай комплексинин шарттарында СССРдин азык-түлүк программасын чечүүдөгү ролу жана мааниси тууралу К.З.Зулпукаровдун эмгегинде берилген[5]. Өздүк көмөкчү чарбалардын маанисин түшүнүү үчүн 1975-1985- жылдардагы гана эмес, анын өткөн өнүгүү тарыхына анализ жүргүзүүнүн мааниси чон. Өздүк көмөкчү чарбалар айыл калкын азык- түлүккө болгон кошумча керектөөсүн

---

[1] Ирибиджаков Н. Развитое социалистическое общество. –М., 1979. с.

[2] Минц Б. Политическая экономия социализма. –М.: Прогресс, 1965, с.492.

[3] Калинкин А.Ф. Личное подсобное хозяйство, коллективное садоводство и огородничество.– М.:1981,-250с. Макарова И.В. Резервы личного подсобного хозяйства. – М.: Россельхозиздат, 1986, -с.132.

4 Калугина З.И.,Антонова Т.П. Личное подсобное хозяйство сельского населения: проблемы и перспективы. –Новосибирск,1984.-.5;63.

5 Зулпукаров К.З. Агроөнөр жай комплексинин шартындагы көмөкчү чарба. –Ф.: Кыргызстан,1988.- 95б.

гана канааттандырбастан, шаар калкын дагы азык-түлүк менен камсыз кылган. Өздүк көмөкчү чарбалардын калыптанышы дыйкан чарбаларын коллективдештирүү мезгилине (30 –жылдардын аягы) туура келет. Дыйкан кооперациялары дыйкандарга коомдук чарбага кошумча түрдө өздүк чарбаларды (уй, кой, үй канаттууларын) өстүрүүгө мүмкүндүк берген. Бирок, кээ бир жерлерде бул принциптин бузулуусуна жол берилип, бул болсо колхоздук кыймылдардын беделин кетирип, кооперативдештирилген дыйкандардын экономикалык абалына кедерги болгон. Мунун натыйжасында кээ бир райондордо дыйкандардын айыл чарба артелдеринен чыгуусу байкалган.

Партиянын жана өкмөттүн кээ бир чечимдеринде, ошондой эле ВКП(б) нын XVI сьездинде дыйкандардын жеке чарбасындагы малдарды, үй канаттууларын күч менен коомдоштуруу фактылары сынга алынып, мындагы кетирилген каталарды жоюу үчүн чаралар кабыл алынган[1].

Дыйкандардын өздүк чарбаларды жүргүзүү укугу айыл чарба артелинин 1935-жылдагы Уставында бекитилген. Устав өздүк көмөкчү чарбалардын жеринин өлчөмүн, анын жеке карамагындагы малынын, майда чарбалык инвентарынын болушун караган.

Ошентип, акырындык менен убактылуу болгон кыйынчылыктарга карабастан,өздүк көмөкчү чарбалардын өөнүгүү процесси алдыга жыла берген. 30-жылдарга салыштырмалуу 40-жылдарда өздүк көмөкчү чарбалар көбүрөөк өндүрө баштаган.

Калкты азык-түлүк продуктылары менен камсыз кылууда өздүк көмөкчү чарбалардын экономикалык мааниси өзгөчө Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана согуштан кийинки биринчи жылдарда жогорулаган. Согуш мезгилинде оккупацияланган территорияларда дыйкандардын азык-түлүк продуктылары менен камсыз болуусунун бирден-бир булагы өздүк көмөкчү

1 Калугина З.И.,Антонова Т.П. Личное подсобное хозяйство сельского населения: проблемы и перспективы. –Новосибирск,1984.-с.62.

чарбалар болгон. Бирок, бул мезгилде кээ бир адамдар уюмдар тарабынанан коомдук жерлерди өз билгендериндей пайдалануу сыяктуу көрүнүштөр орун алган. Ошондой эле колхоздун малын, эгининин үрөнүн, тоюттарын жеке өз максаттарында колдонушкан учурлары да кездешет. Мына ушуга байланыштуу 1946-жылы 19-сентябрда СССР Министрлер Совети жана ВКП(б) нын Борбордук Комитети "Колхоздордогу айыл чарба артелдеринин Уставын жоюу" максатында чечимдерди кабыл алышкан[1]. Бирок, айыл чарба артелдеринин Уставын бузуучуларга каршы күрөштү жүргүзүүдөөөздүк көмөкчү чарбаларга карата көптөгөн жаны каталар кетирилген. Мисалга алсак :- бакчалар менен огороддор кыскарган ;

- өтөө жогорку өлчөмдөгү салык алынган ;

өндүрүлгөн продукцияны милдеттүү түрдө тапшыруу болгон.

Колхозчунун өздүк чарбасына салык салууда, киреше түшүм берүүчү бактын ар бир түбүнө жараша аныкталган жана иш жүзүндө алынган кирешеге карабастан, мурда алдын-ала белгиленген норма боюнча алынган. Өздүк чарбанын кенейиши менен салыктын жана өндүрүлгөн продукцияны милдеттүү түрдө тапшыруунун өлчөмү жогорулаган. Мына ушуга байланыштуу өтө тез түрдө малдын башынын саны азайып, көпчүлүк бакчалар жок кылынып, өздүк көмөкчү чарбалардын өндүрүшүнүн азайышына алып келген.

Согуштун натыйжасында бүлгүнгө учураган эл чарбасын калыбына келтирүү жана коомдук айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү максатында 1953-жылы өздүк көмөкчү чарбалардан алына турган салыктардын жана милдеттүү түрдө айыл чарба продуктыларын тапшыруунун өлчөмү азайган. Ал эми 1957-жылдын 4-июлунан баштап толугу менен продукцияларды милдеттүү түрдө тапшыруу жойулган[2].

50-жылдардын аягында 60-жылдардын башында өздүк көмөкчү

---

[1] Решения партии и правительства по хозяйственным вопросам. –М.,т.3,с. 336.

[2] Решения партии и правительства по хозяйственным вопросам. –т. 5. –М.: Политиздат, 1979, с.60-88

чарбалардын жаратылышына, ролуна карата туура эмес теоретикалык ой жүгүртүүлөр пайда болгондугу тууралуу жогоруда айтып кеттик.

Өздүк көмөкчү чарба советтик айыл чарбадагы жеке сектор катары каралып, социалисттик өөндүрүшкө карама-каршы коюулган.

Ал эми 60-жылдары калктан жаш ири мүйүздүү малдарды сатып алуу иштери жүргүзүлгөн. Натыйжада, өздүк көмөкчү чарбаларда малдын саны азайган. Айыл калкынын бир бөлүгү жеке чарбаларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыроо менен кыштактарды таштап кетүүлөрү күч алган. Экономикалык жактан негизсиз мындай чаралардын кабыл алынуусу жеке чарбаларга жана коомдук кызыкчылыктарга өөзүнүн терс таасирин тийгизген. Ошондуктан, 1964-жылы 27-октябрда КПСС БКнын "Колхозчулардын, жумушчулардын жана кызматчылардын өөздүк көмөкчү чарбаларындагы негизсиз чектөөлөрдү жоюу" боюнча чечим кабыл алынган[1]. Бул чечимде өөздүк көмөкчү чарбанын социалдык-экономикалык абалы-манызына жана ролуна принципиалдуу баа берилген. Өлкөнүн азык-түлүк продуктыларына жана айыл чарба сырьелоруна болгон дайыма өсүп туруучу керектөөлөрүн канаатандыруунун негизги булагы колхоз, совхоздордун ж.б. мамлекеттик ишканалардын жана уюмдардын ири өндүрүшү болгон. Ошондой эле булар менен бирдикте колхозчулардын, жумушчулардын жана кызматчылардын жеке өздүк көмөкчү чарбалары айыл чарба продуктыларын алуунун маанилүү каналы катары кызмат кылган. Жеке өздүк көмөкчү чарбалардын маанисин түшүнүү менен 1977-жылы КПСС БКнын жана СССР Мин.Советинин «колзохчулардын, жумушчулардын жана кызматкерлердин ж.б. граждандардын жеке өздүк көмөкчү чарбалары» жөнүндө чечим кабыл алган. Анда өлкөдө айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүү үчүн өздүк чарбалардын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу каралган[2].Бирок өздүк көмөкчү чарбалардын өөндүрүшүнүн кенейишине карата эч кандай

[1] Решения партии и правительства по хозяйственным вопросам. –т. 5. –М.: Политиздат, 1979,517-бет.

[2] Ленинский кооперативный план и современная деревня.Изд-во Ростов-о универ-а,1980. –с.213.

деле реалдуу чаралар жүргүзүлгөн эмес. Ошентип, жыл өткөн сайын өздүк көмөкчү чарбалардагы малдын,айдоо аянттарынын саны азайа баштаган. Демек, калктын өздүк көмөкчү чарбаларынын өнүгүү тажрыйбасында көптөгөн жылдар бою анын адамдардын азык түлүккө болгон керектөөсүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгү эсепке алынган эмес. Ал эми бул болсо айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуу функцияланышына терс таасирин тийгизген. Өздүк көмөкчү чарбалардын өнүгүүсүндө анын айыл тургундарынын социалдык жана маданий өнүгүүсүнө терс таасири тие тургандыгы жөнүндөгү туура эмес көз караштарды көрсөк болот. Өздүк чарбаларда эмгектенүү айыл тургундарынын жумушчу күнүн узартат, анын бош убактысын кыскартат, натыйжада руханий керектөөлөрүн канааттандырууга, билим алуусун жогорулатууга, балдарды тарбиялоого, инсан катары ар тараптан өнүгүүгө болгон мүмкүнчүлүктөр ишке ашпайт деп туура эмес пикирлер айтылган[1]. Мындан сырткары өздүк көмөкчү чарбаларга көбүрөөк көнүл буруу менен көптөгөн айыл тургундары алыскы чет жактарга өз продукцияларын сатып жатат. Ушуга байланыштуу алардын көпчүлүгү мамлекеттик ишканаларды таштоо менен моралдык жактан терс таасирин тийгизип жатат деген сыяктуу дагы ойлор айтылган[2].Өзгөчө 70-жж., 80-ж. биринчи жарымында өздүк көмөкчү чарбалардын ролу өтө төмөндөп кеткен. Мисалы, 1970-жылдан 1979-жылга чейин өздүк көмөкчү чарбаларда иштегендердин саны 20642 адамдан 5464 адамга же 3,7 ге чейин кыскарган[3]. СССР Эл депутаттарынын I- сьездинде биринчи жолу ачык айтылган. Бул жылдары өздүк көмөкчү чарбалардын ролуна баа бербестик азык түлүк программаларын ишке ашырууда көп катачылыктарга жол берилген. Өздүк көмөкчү чарбалар азык- түлүк продуктыларын көбөйтүүдө эн маанилүү экендигин турмуш өөзү көрсөтүп жатат.

---

[1] Селунская В.М. Изменение социальной структуры советской деревни. М.,1979, с.54.

[2] Ошондо эле.

[3] Зулпукаров К.З. Агроөнөр жай комплексинин шартындагы көмөкчү чарба. −Ф., 1988.с.15.

Биз карап жаткан жылдарда, башкача айтканда, 1975-1985-жж. КПСС жана Совет өөкмөтү граждандардын жеке өздүк көмөкчү чарбаларга карата бардык чектөөлөрдү жойгон. 1976-1980-жж. СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарында өздүк көмөкчү чарбаларды жүргүзүү зарылчылдыгы белгиленген[1]. Бул боюнча маанилүү кадам КПСС Борбордук Комитети жана СССР Министрлер Совети тарабынан 1977-жылы "Колхозчулардын, жумушчулардын, кызматчылардын жана башка граждандардын өздүк көмөкчү чарбалары жана биргелешип уюшулган багбанчылык жана огородчулук", 1981-жылы "Граждандардын өздүк көмөкчү чарбаларында айыл чарба продукцияларын өндүрүүнү көбөйтүү" жөнүндө кошумча чечимдерди кабыл алышкан[2].

Бул чечимдерде өздүк көмөкчү чарбаларда өздүк малды жана үй канаттууларын кармоодогу негизсиз чектөөлөрдү жоюу, аларга болгон жардамдын түрүн, өлчөмүн кенейтүү, өздүк көмөкчү чарбалар менен коомдук чарбалардын өз ара байланышын өнүктүрүү каралган. Уламдан-улам өсүп турган азык-түлүк продуктыларына жана айыл чарба сырьелоруна болгон керектөөлөрдү канааттандыруунун негизги булагы- колхоз, совхоз жана башка мамлекеттик жана кооперативдик ишканалардын, уюмдардын айыл чарба өндүрүшү эсептелинген. Короо алдындагы жерлер граждандарга пайдалануу үчүн гана берилген, жеке пайдалануудагы малдын саны мамлекеттик мыйзамдар менен чектелген жана ал менчик адамдардын байуусуна деле алып келген эмес.

Жеке чарбалар адамдардын күнүмдүк жашоосунда көмөкчү ролду гана ойногон. Ошол эле мезгилде бул чарбалар жалданма эмгекке эмес, эмгекчилердин жеке ишмердүүлүгүнө негизденүү менен коомдо карама-каршылыктарды жараткан эмес.

---

[1] 25 съезд КПСС. Стенографический отчет. ч.2.–М.,Политиздат,1976, с.269.

[2]Решения партии и правительства по хозяйственным вопросам.–т.12. –М.: Политиздат, 1979. 104- 111-бб.

КПСС БК нын 1965-жылкы март Пленумунан кийин гана өздүк көмөкчү чарбалардагы малдын санына карата чектөөлөр жоюлган[1]. XXIV-XXVI-сьезддердин чечимдерине ылайык өкмөттүн экономикалык саясаты айыл чарба продуктыларын көбөйтүүдөө өздүк көмөкчү чарбалардын мүмкүнчүлүктөрүнө толук пайдаланууга багытталган. Мында колхозчулардын, жумушчулардын, кызматкерлердин жана башка граждандардын өздүк көмөкчү чарбалары өндүргөн ар кандай азык-түлүктөрдү өндүрүү мүмкүнчүлүгүн толук пайдалануу маанилүү ролду ойнойт. Ушуга байланыштуу республикада белгилүү бир иштер жүргүзүлгөн. Мисалы, 1977-жылда калктын айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянты 42 мин гектарга жеткен. Индивидуалдуу жеке пайдалануудагы огороддорго 1173 гектар жер бөлүнгөн. Бул жылдын ичинде кой жана эчкинин саны 18 мин башка көбөйгөн. 1977-жылы эле колхоз, совхоз жана инкубатор-канаттуулар станциясы тарабынан калкка 35 мин баш чочко, 10,7млн баш канаттуу жана 36 мин тонна комбикорм реализацияланган.

Ал эми 1980- жылы 1977- жылга салыштырмалуу калктын айыл чарба өсүмдүктөрүн айдоо аянты 42 мин гектардан  47,7 мин га көбөйгөн. 1981-жылдын башында 1978-жылдын башына салыштырганда ири мүйүздүү мал 23,4 мин баш, анын ичинен уй-13,1, кой жана эчки-126,8, чочко-23,9 мин башка көбөйгөн.[2]

1981-жылы республиканын калкынан 14,7 мин тонна эт, 4,2 мин тонна сүт, 31,7 млн жумуртка, 81,4 мин тонна жашылча, 36,7 мин тонна жер жемиш, 7,8 мин тонна жүзүм сатылып алынган. 1980-жылга салыштырганда 1981-жылы калктан мамлекеттин сатып алуулары да көбөйгөн. Мисалы: жашылча- 3,6 мин тонна, 9,9- жер жемиш, 2,5- жүзүм, эт- 0,2 мин тонна, 0,6 мин тонна сүт, 3,8 млн даана жумуртка жана 0,8 мин тонна жүн[3].

1981-жылга карата ар кандай Министерство, өнөр жай ишканаларынын, уюмдардын 58 бакчылык жолдошчулугу болгон. Коллективдүү бакчылыкта

[1] Амиров Г.Т. Сельское хозяйство Азербайжанской ССР в 60-80-годы. –Баку,1990.,с.85.

[2] КР СД БМА Ф.56, 231-опись,91-д.,86-б.

[3]Ошондо эле, 235-оп.,126-д.,38-б.

491,6 гектар жер колдонулган жана 21750 үй бүлө иштеген.

Биз изилдеп жаткан жылдарда республикада граждандардын өздүк көмөкчү чарбалардын өнүгүүсүн, калктан айыл чарба продуктыларын сатып алуу маселелерине көп көнүл бурулуп келген. Бул маселелер партиялык комитеттин пленумдарында, эл депуттарынын жергиликтүү советтеринин сессияларында, аткаруу комитеттеринин кенешмелеринде каралган[1].

Мындай жүргүзгөн иштер өздүк көмөкчү чарбалардын андан ары өнүгүүсүнө анын эффективдүүлүгүнүн жогорулашына шарт түзгөн.

1985-жылдын башына карата калктын көмөкчү чарбаларында 342,7 мин баш ири мүйүздүү мал, анын ичинен 212,4 мин уй, бир млн.355 мин кой, 62,2 мин чочко, 60,3 мин ат, 100 минге жакын коен жана 146 мин бал челектер болгон.

Натыйжада, мал чарба продуктыларын өндүрүү жана ашыктарын сатып алуу жогорулаган. 1984-жылы республиканын калкы тарабынан 79,4 мин тонна эт, 225,9 мин тонна сүт, 6,1 мин тонна жүн, 183,3 млн даана жумуртка өндүрүлгөн, башкача айтканда, жалпы өндүрүү боюнча 27% эт, 31% сүт, 17% жүн жана 38% жумуртка.

Бул ийгиликтер калкка карата жаш малды, канаттууларды өстүрүү боюнча көрсөтүлгөн жардамдардын негизинде жетишилген. Кандай жардамдар көрсөтүлгөн? Биринчиден, атайын келишимдердин негизинде жаш малдар берилген; Экинчиден, искусстволук түрдөө уруктандыруу иштери жүргүзүлгөн; Үчүнчүдөн, ветеринардык иштер жакшыртылган; Төртүнчүдөн, концентрацияланган чыктуу тоюттар менен камсыз кылынган; Бешинчиден, малды кайтаруу үчүн жайыттар жана чабынды жерлер бөлүнүп берилген.

Бирок, жетишилген ийгиликтерден сырткары кээ бир жетекчилер тарабынан калктын өздүк көмөкчү чарбаларынын өнүгүүсүнө тийиштүү камкордуктар көрүлбөстөн, тескерисинче катачылыктар да орун алган.

---

[1] КР СД БМА Ф.56, 254-оп., 67-д.,2-б.

Республиканын бардык аймактарында эле иш бирдей болгон эмес. Кээ бир райондордо өздүк көмөкчү чарбалардын өнүгүүсүнө эч кандай көмөк көрсөтүлгөн эмес. Мисалы, мамлекеттик ресурс тарабынан бөлүнгөн тоюттар колхоз, совхоздордун керектөөлөрүнөө жумшалган. Жеке менчигинде малы барларга мал кайтаруу, чөп чабуу үчүн жайыттар өз убагында бөлүнүп берилген эмес. 1977-жылдын ичинде калктын чарбаларында ири мүйүздүү малдын саны республика боюнча 9 мин башка азайган. Анын ичинде Ош областында-7,3 мин, Чүй өрөөнүндө- 2,5 мин баш[1].

Керектөө кооперациясынын уюму калктын ашыкча азык-түлүктөрүн сатып алууну толук камсыз кылган эмес. Мына бүгүнкү күндө дагы бул абал кайталанууда. Дыйкандар өндүргөн азык-түлүктөрүн сата албай, көп чыгымдарга дуушар болушкан.

1978-жылы СССРдин мамбанкы Кыргыз Республикасынын канторасына колхозчуларга, жумушчуларга жана кызмакерлерге уй жана музоону сатып алуу боюнча 300 мин сом өлчөмүндө кредит бөлүнгөн. Ал эми кийинки 1979 – 1983 - жылдардын аралыгында бул багытта кредит берүү боюнча бир да арыз болгон эмес[2].

